Э(кирг) 63.3(2)
Б42



К. БЕКТЕНОВ, З. ЖУКЕЕВА

# аман бол

63.3(2) Ә(Кыр)
Б42

К. БЕКТЕНОВ, З. ЖУКЕЕВА

# АМАН БОЛ

ЭСКЕРМЕ

*Экинчи басылышы*

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 179631

„КЫРГЫЗСТАН" БАСМАСЫ
Фрунзе—1977

С(Кирг)
Б 42

**Бектенов К., Жукеева З.**

Б 42 Аман бол. Эскерме 2-басылышы. Ф., «Кыргызстан» 1977

152 бет.

Бул китепте Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы тап душмандар менен болгон кыргыз революционери Таабалды Жукеев-Пудовкин жана анын жолдошторунун айыгышкан каармандык күрөшү айтылат. Эскерменин окуясы кыргыз жериндеги колхоздоштуруу мезгилине чейин өөрчүтүлүп келинет. Эскермени Т. Жукеевдин жубайы Зуура жана жазуучу Касымалы Бектенов биргелешип жазышкан. Китеп экинчи ирет жарык көрүп жатат.

С(Кирг)

Б $\frac{733-31}{М\ 451\ (17)-77}$ 154—76

## 1

Көктөмдө Какшаал тоосу көк дукабадай суйкайып татынакай көрүнөр эле. Биздин айыл Шоролуга жаңы көчүп чыгышкан. Жибектей желбиреген тоо жели жан-жаныбардын көңүлүн сергитет. Жылга баш сайын шылдыраган булактарды пааналап конгон айыл. Ай сүттөй жанжарык тийип, асман чайыттай ачык болор эле... Бүгүн асманды ала булут чалып, күн бүркөө... Ошого карабастан кыз-келиндер, уландар айылдан төмөнкү көк түзгө алты бакан курушуп, селкинчек тээп жатышат. Оюн жаңы кызыганда, жапалдаш бойлуу, кызыл тоголок, көзү бакыракай, кырдач мурун бир тууган байкемдин зайыбы Кенжекан энтиккен бойдон мага келип: «Садагың болоюн кичине кыз, бол бат үйгө жүр!» — дейт. Мен сурасам, эмнеге шаштырганын айтпай шолоктоп ыйлайт. Жеңем экөөбүз кыз-келинден бөлүнүп бери узап чыктык.

— Эмне ыйлайсың, жеңе?— Мен такып сурасам, ал бечара кантеин бышактап жибергенде, мен бир балээ болгонун сезе койдум:

— Кантейин, сулуулугуңдун азабын тартмак болдук.

— Эмне дейсиң, жеңекебай?!

— Секетиң кетейин... муңдашым элең...

Менин жүрөгүм шуу дей түштү. Жеңемдин колу муп-

муздак. Дагы: «Сулуулугуңдун азабын тарттың» деп шолоктоду Кенжекан жеңем. Биз үйгө жакындаганда көп ат мамыга батпай, куюшкандаштырып, байланганын көрдүк. Айыл биларманы Борошко келген меймандар экен деген ойго кеттим. Биздин үйдөн от балбылдайт.

— Ат-Башы жактан чериктер келишиптир. Алар соо келди дейсиңби? Тетигил култүйгөн өлүксүз семиз Борош кимди баш көтөртсүн. Аны менен тең тайлаштар ким бар. Дегеле жоон топ киши. Энем менен агаңды «тай сой» дешип кыйнашты. А, арман күн! Тайды Бороштон карыз алышты. Бирөөнүн тайын төлөмөк болдук.

Биз үйгө жакындаганда жеңем унчукпай калды. Үйдө бирөө улам күчөгөндөн күчөп, бакылдап жатканы угулат. Биздин боз үйдүн үзүк-туурдугу эң эле эскирип кеткен. Жеңем экөөбүз жылып басып, боз үйдүн тушуна жетип, жабыкты керегенин башынан меймандарды шыкаалайдык. Мен өмүрүмдө бу тегеректен көрбөгөн бир кишинин мындай кебете-кешпири көзүмө учурай түштү: көзү чанагынан чыгып жайнайт, мурду карганын тумшугуна куюп койгондой окшош, чуштугуй, сейрек сакалдуу күрсүйгөн кара сур киши чыканагына куш жаздык койдуруп, көлдөлөңдө жамбаштап жатыптыр. Анын кебетеси көзүмө суук көрүнөт. Чоң үйдөн кичине оолак. Жеңемдин бүркүттүн томогосундай алачыгы чоң үйгө катарлаш эле. Аркы үйдөгүлөрдүн сөзү алачыкка бүт угулат.

Жоон топ киши менен келген Чортек деген атактуу бай экен. Ал жаман-жакшыны айыра тааныган, көптү көрүп, каныккан киши көрүнөт. Анын бакылдаган үнү алачыкка даана угулат:

— Абдырай мырза,— Чортек байкемди көтөрө чалып сөз баштады эле, эч кимиси анын сөзүн жыра талашкан жок.— «Кудай кошкон куда, пайгамбар кошкон дос болот» деген эмеспи. Маркум атаңдын тегинин жамандыгына карабай сага сөөк болгону атайы ушунча киши келдик. Барыбыз бир черик уруусубуз. Биз Россияда, силер Кытайдасыңар, элибиз жана жерибиз да шартка жараша

болүндү. Мурда Россиянын ак падышасы барында, «Биз Кытай жериндебиз... Силер Россиядасыңар» дешчү эмес элек. Ичкээрки шаардан келген чочоңдогон жаңы чолок этектер катташууга тыюу салышат. Аркы-беркини ойлоп санаага түштүк. Чын эле, кокус заман которулуп кетсе, бир ууч сөөктү алалбай сандалып... ак бата, кызыл канды актай албай алактап калабызбы... Башка кандай күн түшөрдү ким билет. Жараткан алла билбесе кемен-гер, олуя киши болбогон соң, келечекте кандай турмушка түш келерибизди алдын ала билер ким бар дейсиздер. Гүлбар кудагый, о дүйнө кеткен Мамбетаалы куданын ордун басып... үй ээси атка конгон жаш да болсо мобу Абдырай кудам экөөң макул бол. Куда каала磨, танды аман чыксак, биз буйдалбай Ат-Башыга кайталы. Бу Жусубалы кудаңа септин кереги жок. Бул калыңды силерге берер. Кийитти ошондо кийербиз. Борош мырзанын көзүнчө ачык сүйлөшүп жатабыз... Кыскасы келинди аткаргыла.

Борош биларман куда башчы болуп келген Чортектин кебин коштой чаап, жанын үрөйт:

— Чокемдики жөнү бар сөз. Атайы жер түбүнөн келген бу Жусубалы байдын намысы кетпесин. Зуураны атказбаганда силерди чанмак белек.

Бороштун оюн олтургандардын бир тобу кошомат кылып коштой чабышып дуулдашты:

— Жусубалынын кадыры бар.

— Жусукем дөөлөттүү киши.

— Чортек аке кыргызга белгилүү го.

— Ошону айтсаң, Чокемдин өзү келгени эле силерге чоң кадыр-барк эмесппи.

— Буудайдын барар жери тегирмен... Кыздын барар жери күйөө...

— Эй, бу Жусубалы байды ким деген чанат?

Муну менен куда болбой качуу... а кайдан чыккан олуянын тукуму экен? Жерге кагып жиберербиз.

— Бизге карындашың Зууранды берген Абдырай менен Кудайберди сенин ырысыңар чоң. Ха-ха-ха-ха!

— Хи-хи-хи! Ата айланайын ай, ошону айтсаң. Ой чиркин, биз ким элек дечи!

— Буга жеткен да, жетпеген да бар...— Борош биларман бер жакта коломтону тиктеп, кабагын чытып олтурган улуу абакем Кудайбердиден жооп күткөнсүп, текенин мүйүзүнөн жасалган мүйүз чакчасын маасысынын өкчөсүнө тыкылдатып, насбайдан эрдине таштап, мурчуя түшкөндө, (жеңем экөөбүз кайра келип капшыттан шыкаалап калган элек) Абдырай байкем кайраттуу эле, жазганбай чымырканды. Ал төрдөгүлөрдөн корунуп, жазганбай, мындайча чорт айтты:

— Келгениңиздерге кулдугубуз бар... Чортек байга маркум атабыз куда болуу жөнүндө убада бергенин биз уккан эмеспиз. Чыны мен танмак белем. Салтка жараша астына ат, үстүнө үй тигип бергенге күтпөй, азыр эле кызды атказ дегениңер кандай болор экен?

— Эй, Абдырай, сен түшүнсөң биздин жайыбыз ушундай болду.

— Жок, карындашымды бергенден көрө бычакка түшөм.

— Бу эмне дейт?! Ой, мунун дени сообу?!

— Эй, кадырлуу меймандар, бир айылдан бирөө эле эл бийлеп, бирөө жакшы чыгат. Менин айтканым айткан, таң заардан кызды аткарып берем. Чоке, сиздер кам санабаңыздар. Бирок, астыма коо бузган чаар күлүктү же ак боз ат тартмайынча карындашымды аткарбайм.— Ушул сөзүнө өзү абдан маашур болгонсуп, Борош билерман борсулдап күлдү эле, Чортек, семиз денесин оордоп онтолоп, араң өөдө болуп көлдөлөңгө мандаш токунуп жорудай чокчоё койду:

— Боке, сиздин жолду кылбай мен кантип кур таштап кетейин,— ал мойнун Абдырай менен энем жакка буруп, өз оюн тактап бышыктагысы келди окшоду.— Гүлбар байбиче, «сөөк кайрылат, дос айрылат» дейт. Сиздер жесир кудагыйын Жусубалы кудаң экөөбүз кантип ыраазы кылбай жөн бололу. Бизге Зуура жакты. Кызыңдын сөөгү та-

да экен... куда кааласа, Зууранын калыңын эмдиги жылы биз Ак-Сайды ашып, Чатыр-Көлдүн жээгине келгенде бештен тогуз караны өзүм айдатып келем да алдыңа түшөм.

Мен шалдая түштүм...

— Бай, дагы айтайын, карындашымды атказып бере-албайм.

Абакемдин мындай жообун укканда Чортектин түрү саал бузула түштү. Куданы ээрчип келгендердин баары үтүрөңдөшөт. «Анда...»— деп Борош куйту кайраштырып бирдеме дечүдөй кебетеленип баратканда, куда башчы Чортек анын сөзүн жыра талашып, абакемди жекирип кирди:

— Андай сөзүңдү бизге угузчу болбогун, Абдырай. Өз келинимди бербей сен тайсалдап гана бизди атказып жиберген бар ээ. Ушул кыз Жусубалы байга керек. Биз ошону атайы көздөп келгенбиз. Ушулар кайсы дейсиң дегенсиң, силер мени кордоп, теңиңерге албай жатасыңар го деймн...

— Сизге окшогон байды чанат деген эмне деген кеп?!

Бороштун куйтулук адаты ого бетер кармады. Ал кызандан Чортек менен Абдырай байкем момун Кудайбердини кайраштырып, чырды ырбатып, бир топ лакылдады. Биздин айыл билармандары басыла түшкөндө куда башчы катуулап күпүлдөгөнүнөн кулак туна түштү:

— Силердей, теги жаманга Жусубалы бай экөөбүз туш келдик... Албетте, дөдөйлөрдөн менин угарым ушул да. Силер менен кажылдашып айтышып олтура албайм. Эгер Зууранын эртең үрүң-бараңдан атказып бербесеңер... анда түндүгүңөрдү түшүрүп, малыңарды тийип, жолго түшөм. Ак бата, кызыл канды бузган силердей ант ургурлар ошону көрсүн.

Чортектин суук сөзү менин денемди муздатып, көңүлүмдү караңгылатты. «Жаш өмүрүм кайгы менен соолобу?» — деп мен ичимен муңкана кеттим. Алсырап бараткан ондонөм. Көңүлүм караңгылай түштү. Жеңем мени

орой кучактап жооткотот. Ага да болбой көңүлүм айнып, жүрөгүм лакылдайт. Тигилүү турган боз үйлөр көзүмө топтомолок кара таштай көрүнүп кетсе, бир туруп кадимкисиндей көрүнөт. «Булардан кутулар бекемин?» Өз өмүрүм жөнүндө бир пас санаамды бөлүүгө араң чамам келсе, кайра ошол замат эле үйдөгүлөргө көңүл бөлдүм.

— Жусубалы бай, бизди өлгөндүн үстүнө бир жолу көмгөн кылайын деген экенсиң,— деп апам бечара үнүн каргылдантып кейип сүйлөдү. Жусубалы унчуккан жок. Куда башчы көзүнүн кыйыгы менен датын айтканы келаткан апамды акырая тиктейт.— Мунуңар көз көрүнө кордоо... Мурда силерге кудалашып койгон кыз болбогон соң, Зуурага кастарыңарды тигип жутунганыңар эмне, зордуктап алганы келген турбайсыңарбы?!

— Кызыңдын кайны бар беле? А, ким?

— Бар... Зуура өз теңине барат. Айтарым ушул.

— Менин уулум сенин кызыңа тең эмеспи?— деп Жусубалы арданганcып күңкүлдөйт.

— Моюн күчкө салып алсаңар, анда кантейин.

— Зуурага те Эркеч-Тамдагы мундуздар кайындап койгон. Алар бүгүнбү, эртеңби келип калышат. Сиздер биздин ал-абалга деле карасаңыздар. — Абдырай сөзүн бүтүп үшкүрдү.

— Гүлбар! Менин көздөгөнүм ушул, Зуура. Мындан бөлөк кызды бизге миң жеринен таңсаңар да алат деп убара болбогула. Жакшылашсам деле, жамандашсам да, эртең таң заардан өз купулума толгон кызды албай кетпейм...— Чортек көшөргөндөн көшөрүп так кесе купулдөдү.

— Зуура жок.

— Эмнеге?! Тайсалдабагыла! Мен өлүмгө башымды тигип коюп, Жусубалыны ээрчитип бөлөк жер... чет элден келдим. Жаңы өкмөт жолдон кармап алышса, ушунча кишини бүт абакка... салып чиритет...

— Жол тосулуу...— деп корсулдады мага кайната болор сыйда сакалдуу, албеттүү, бетинде безетки бар кы-

зыл киши. (Кеңеш дегени эмнеси? Ага биз түшүнбөй калдык). Ошол Зуураны жакшылык менен кыңк этпей аткар. Антпесеңер аянар жерим жок.

Компоюп олтурган Борош, берки зордукчуга жан тарткан өңдүү, өзүнөн өзү калдандап кобурайт:

— Эркеч-Тамдык мундузга Зууранын берүүгө кантип дитибиз барсын. Кыз ошол Жусубалы өтүкчүнүн мышык көз сары уулунун теңиби? Гүлбар сен, «чачы узун, акылы кыска» катындык кылбагын. Кулакка жакпас кепти козгоонун кереги не?

— Эмне үчүн ылайык болбосун?.. Мундуз кудам мансапка жок, карапайым киши... Аны биз чанмак белек?

Куда башчы көлдөлөңдөн тура калды эле, аны ээрчий келген эркек бүткөндүн баары жабыла дүрбөшүп, камчыларын алып, жапырт тура калышты. Жанымдагы жеңем чоочуп «Ай!» дегенде:

— Келиндер тыңшап турушкан окшойт. Сабыр этели. Биз жакшылыкка келгенбиз. Чекеме бүткөн жалгыз жээниме тандап залкар сулуу издегемин... Ошол издегеним ушул Зуура эле, аны таптым.

Жаны кашайган апакем андан тайманбай кайра айтыша баштады:

— Чортек, болуш! Чабал кишиче какчаңдасаңыз эле, жесирдин жүрөгү түшүп калат дейсизби!? Келер замат «тай сой!»— дедиң. А тилегиң орундалды. Кол куушурдук. Ызаат кылып, сыйладык. Акыры бирөөнүн келинин зордоп алганы чамындыңыз... Мунуңуз колдон келетикке жагат. Кудайга койдум... Талап кет... мына азыр чаап ал. Ичимен чыккан кызымды аясаңарчы.

Болуш жанатан бери сөзгө келбей опуруп-жапырып жатты эле, апам катуулаган соң, ал саал жумшай түштү. Кадырлуу киши байкоостон чабалдык кылганын сезип саал-паал муюша калып чөк түшө калды.

— Байбиче! Айбымды тартайын, кулдугум бар.— Ал митайым кайра жалпактап сөзгө келди.— Мага жээн келин болор кыз: шыңга бойлуу, кымча бел. Ботодой көзү

жайнаган, оймок ооз, кумар көз... Анардай жүзү албырган, сулуу берендин бири болсо гана деп көксөгөмүн. Зууранын өңү-түсүн мурдагы жылы көргөмүн. Көздөгөнүбүз ошол Зуура. Силер аны таңга жуук аткарбасаңар... Мен өзүмдүн да жана береги эзрчип келген жоон топ кишинин бирөө калганча салгылашам... Сөз бүттү. Жакшылык менен кыз узат. Кана, оомийин, ало-о акбар!

Болуш этек-жеңин кагынып, эшикке шарт чыга жөнөгөндө, биздин айылдын мыкчегер биларманы Борош апама Абдырай менен Кудайбердиге камчысын кезеп, кекетип кирди:

— Түпкө жетмек элеңер жеттиңер. Болуш эми биздин таш-талканыбызды чыгарып, эми эле түндүктү түшүрө чабат. Бир кыздын ордуна беш кыз олжого кеткенин ошондо көрөсүңөр.

Чортекти, Жусубалыны Борош жигит-жалаңы менен кошо ала чыкты. Бизге күйгөн жакын туугандар: «Берелиби же бербейбизби?»— дешип өздөрүнчө кеңеш кура баштаашты. Апам болсун, Кудайберди байкем болсун жана эр көкүрөк Абдырай да карасур өңүн бир кубартып, бир бозортуп маслэттешип мени бербеске өтүштү. Айла таап мени тарттырбоонун айласын табалышпай мүңкүрөшөт. Аргасы түгөнүп аскага камалган кийиктей шылкыйышты. Бороштун үйү жактан: «Аттангыла! Жакшылыкка көнбөсө, малын чаап, кызын тартып кетем!»— деп Чортектин бакылдаганы угулду эле жигит-жалаңдары ат-атка тийбей жабыла аттанышмак болуп калышты. Борош кара күчкө ортого арачы болуп, калдалактайт.

— Кудай эсебин табар. Арга канча, каракчыга теңелмек белек...— Апакем ушинтип буркурап боздоду. «Ак сүтүн берген апакем... менен бир боорлорум аман бол!»

## 2

Жаш тайдын этин моокумдары канганча туурап жешкен сон, кайната сөрөй табак түбүн «келиним жесин» деп

мага берип жибериптир. Бир шылтоо таап келиними качырып жибербесин десе керек, болуш биздин үйдү жигиттерине тегерете кайтартып коюптур. Заматтын ортосунда булут тунук асманды жылчык чыгарбай бүркөп, кара нөшөр аябай чаба жаады. Бу мендей кыздардын көз жашыбы?.. Зордукчулардын аттары жаанга соорусун тосушуп калышты. Үйлөрдүн баарын тегиз кыян каптады.

Күн күркүрөп, чагылган чарт-чурт этkенде: «О, кудай чагылганды таш боор Борошттун короо толгон коюна түшүр». Ушул калың жаан жүрөгү жаралуу кызымдын көз жашы... Мага окшогон бечара эненин көз жашынан жыйналган кыяны!— дейт апам.

— Койчу, апа, эми, сабыр кылчы. Зуурадан айрылдык. Акыры карындашымды кор кылбай аман жүрсөм куткарып алармын.— Абдырай абакем кабагын карыш салып кайраттанды. Жеңекем мени алачыктан чоң үйгө ээрчитип кирди. Мен апакемдин жанына бужүрөйүп чөгөлөй калдым. Апакем кайраттуу эле, ал мени жооткоткусу келди көрүнөт:

— Тигил мундуздагы күйөөсүнүн өңү серт... анын үстүнө кем акылыраак эле, деги бул көрелек күйөөсү дурус болгой эле... Кызымды мен болуштун жана байдын өз жоругуна жараша узатам. Чириген дөөлөттүү байга мага окшогон жесир сен берип тең болмок беле. Бир сыйра кийим-кечесин кийип кетсин.

Абдырай абакемдин кайгыдан ичи өрттөнүп баратса керек, анын ыймандуу жүзү бузулуп турду. Тоо суусу муздак келет... ал тишинин какшаганына карабай чоң аякка мелт-калт суудан улам жутат.

— Балам, кулунум, сен көкүрөк күчүгүм элең... Мына эми бизден ажырайт деген ушул. Өз жаныңа тың бол.— Апам бир пас ойлоно калып, менин бирин-экин кийим-кечемди иреттеп жаткан жеңемди оттун жарыгынан үлүрөйө тиктеди. Келиним, кайын синдиң Зуура менен коштош. Сырдаш ынак кайын сиңдиң кимге кор болор экен?— десе, кайраты жогураак Кенжекан жеңемдин ысык көз жашы

кызыл тоголок өңүн жууй бергенде мен да токтоно албай шолоктодум. «Кош, аман бол каралдым!».

Биз ыйлап-сыктап жүрүп, байкабай калыптырбыз. Жаан баяле басылыптыр. Эч кимибиз кирпик каккан жокпуз. Айылдын өөдө жагында деле адам карап тургудай жакшынакай четин, кайың, арча аралаш татынакай бадалдын арасынан эртели-кеч бир булбулдун кубулжутуп сайрап калганын угар элек. (Деги биздин Шоролу булбулдуу жер келет эле...) Биздин үйдү кайгы каптап жатканда чымчык да болсо, ошол бизге жан тартып кайрат айткысы келдиби... деги булбулдун жүрөк сырын билген киши дүнүйө жүзүндө бар болду бекен? Ошол булбул таңга жуук муңканып сайрады эле, үнү мени аягансып угулат. Булбул сайрап-сайрап кубулжута кайрып кеткенде, ар нерсе оюңа түшүп, жүрөгүң сыздайт. Бадалдагы чымчык эриксиз зар какшап кетип бараткан күйүттүү кыз менен коштошуп жаткандай нечен түрдүү муңканат. Зордукчулар биздин үйдү кайтарып калышты. ЗууранЫ Кашкарга түн каттырып качырып жиберет дешет. «Таң атпаса экен... булбул токтобой безелене берер күнү кайда?» дей бердим. Таң атпай койчубу? Үйдүн ичине жарыктын шооласы түштү. Баягы бадалды пааналаган булбулдун шаңкылдаганы, назик үнү мага билинер-билинбес араң угулат. Ушул түнү биздин үй-бүлөдөн бирде-бирөө чырым этип кирпик кагуудан калган. Абдырай байкем жанараак чыгып кеткенин байкадым эле, ал сурданып: «Узатымыш этип мындай чыгып, кармашып көрөрбүз»— дейт. Ал мени аяп сүйлөдү. Колунан келер күчү барбы? Алы жок да...

— Ушунча кишиси баратып, жалгыз сага тарттырып жиберишмекчиби. Андан көрө ЗууранЫ кор кылбай бөлөк бир айла табуу жагын ойлонсоңчу...

— Туулдум, өлдүм апа. Көп болсо мени кордошор. Мындан артык мага кандай кордук көрсөтүшөт? Кудайберди, сен да узатымыш болуп, бир топ жерге бара алар бекенсиң?

— Кагылайын Абдырай, буларга азыр күчүбүз жет-

пейт,— Кудайберди карала таар куржундун оозун бүчүлөп жаткан апамды астыртан тиктеп, энесин аяган сыяктуу мала кызыл көшөгө жакка мойнун буруп күңкүлдөдү.— Андан көрө бүгүн жөнөшпөсө эки жакка тымызын кабар берсек, эл келишип бу каракчылардын Зууранды куткарып калышар беле дейм.

— Кол курап келип Чортек менен өлөрчө барчылдашсак дейсиң го, Кудайберди?

— Ооба. Кабар тийсе эл бизге болушат.

— Коке, айыл-ападагылар жыйналып келгенчек, бу мигайым болуш алда кайда кетет. Андан көрө...

— Андан көрө, курулай кармашпай жөн узаталы дейсиңби? Абдырай, койгун, чыр баштабачы... Биздин колдо күч жок.

— Ай, курган балдарым! Булардын да бала-чакасы ушул силердей какшап калгысы бардыр.

Күндүн мурду тоого жаңы чачырап келаткан кезде Бороштун жылкычысы жайттан бир айгыр үйрү жылкыны айдап келип, кулундарын желеге байлады. Жаш кулундар дарыядан секирип ойногон ак чабактай секиришет. Биздин айылдын биларманынын жылкысы бир түстүү өңкөй тору. Чериктер таң аткандан жапырт дөңгө чыгып жорудай соксоюп олтурушканын мен үйдөн шыкаалап көргөм. Алар Бороштукуна киришкенден саал-паал мурдараак ошол үйдөн сабанын бышылганы угулганда: «Балакет ичкирлер кымызга олтурушту»— деген апакем күбүрөп. Желеге бээ келип токтоп, кулундар кырка байлангандан кийин, айылдан шырп эткен дабыш чыкпай баскан кишинин аягы суюлуп, жымжырт... Кымыз ичип жаткан үйдөгүлөрдүн эч кимиси үн катышпай калса керек. Көптү көргөн болуш үч жигитин сырттан биздин үй жакты аңдылатып коюптур... Абдырай алачыктын жанында шылкыйып олтурган агасы Кудайбердиге:

— Тетиги кароолдогу экөөн жыга чаап, Зууранды Кашкар шаарына ала качып жөнөйүнбү?— десе, берки абакем:

— Анда бу өлөрман чериктериң айылды тып-тыйпыл чаап кетишет... Зордукчулардан Зуураны куткарып алалбайсың...

— Болбойт дечи! Ай, ушуларды кантсем...— Абдырай ызырынат. Айласы жоктугунан араң сабыр этти.

— Балдарым, бу да болсо Чортек менен Жусубалы байдын кордугу.— Апам желеде жуушап турган бээлеринин арасында турган биздин жалгыз тору кашка бээни башы менен жаңдап көрсөттү.— Душман колуна аргасыздан кетип баратса да, кызым жер карабай минип кетсин. Тетигил бээни токуп берерсиңер. Каршылык көрсөткөндө силердин колуңардан келер эмне бар...

— Жалгыз бээден да ажырайт экенбиз го. Сен кандай дейсиң, Абдырай? Зуурага ат мингизип чыгарбасак илгээри-кийин өзүбүз жаман атты болбос бекенбиз?

Абдырай катуу ойлонуп эрдин кесе тиштеп, кейип турду.

— Биз карындашыбызды өз эркибиз менен байга берип жатпагандан кийин, коркконубуздан ат мингизип кулдук урмак белек? Апа, сен намыстанбай эле кой. Жамандыкка — жамандык... Эгер жакшылык менен узатсак, анда, Зуура ушинтип узайт беле? Болушка күйөө бала Жусубалы моюн күчкө салып, Зууранын тартып алганы жатпайбы? Бу не деген кордоо? Ушул да адилеттикпи? Булар Россияга карашкан чоң чериктер... биз болсок Кашкарга караган майда черикпиз...

— Кантет, акырын сүйлөчү садагаң? Угушат.

— Жүрөгүм өрттөнүп баратса кантем. Маа десе бай мына, азыр менин каныңды ууртасын... аянар жан калган жок. Бу кандай басынтуу?

— Койгула, балдарым.

Жеңем байкуштун түпдөтөн бери өңү аза түштү. Көп зарлаганынанбы, көзүнүн агы канталап калыптыр. Сабыры эң суз...

— Тигиндегилерге даана угулуп жатат, деги койгулачы... Мындан кызды куткызып алалбай калдык.

— Укса мейли, дагы билгенин кылсын...— Абдырай күчөп бакылдады.

Анын кыжырланганын аркы үйдө кымызга шыкалып жатышкан баары укса керек, бат эле Бороштун үйүнөн баары жапырт чыгышты.

— Кана, ат токугула!— болуш жигиттерине буйрук берип, анан, кесирдүү манап чиренип биздин үй жакка бурулду.— Кудайберди, сен Зууранын улуу агасысың, жолоочунун жолдо болгону жакшы, эми уруксат болсо, биз сапар тартсак дурус болор эле...

— Ооба, ооба, бу болуш аттансын... Абдырай сен, доорутонуңду койгун да, андан көрө карындашыңдын атын токуп узат. Жусубалы кудаң сага ыраазы болсун.

Абдырай байкем билармандан тилин тартпай айтыша кетти.

— Борош, сиз, менин дөөрүктүгүмдөн доого жыгылгансып, сүйлөйсүз да. Карындашымды булар тартып кетип бара тса, бир ооз калыс сөз айтууга жарабай, кайра мени «доорук» дейсиз. Сиздин жакшылыгыңыз элге ушинтип тиеби? Билдейлерди жеп бүттүңөр!

— Ой, жигиттер, силер бул келесоо акмактын кебин тыңшап селдейбей, тору кашка бээсин токуп, Зууранын ар жакка атказ дегенде атказ! Же дагы бирди көргөн турасыңарбы?!

— Борош, Чортек, тууганыңа мендей кедейди кул кылып берчүдөй алкылдабагын. «Керме кезек, терме тезек...» аманчылык болсо өлбөсөк бизге да, кезек келер,— Борош менен тигил болуштун жалаңдаган жигит жалаңы желеден тору бээни укуруктап кармашып, дароо токуп жиберишкенде Абдырай байкем, мукактана түшүп баштаган сөзүнүн аягына чыкпай барып, кайра ойлонду.— Оолдо теңдиксиз күн курусун ай! Болуш Жусубалы бай менен кудалашса... келинди ушинтип, зордоп... кыстап алат беле?!

— Иниңдин сөзүнүн жөнү бар, Кудайберди кудам. Карындашыңдын менин уулумдун багына жараша сөөгү

таза чыгып калганы да! Сен чыр-чатагыңды койгун... аз күндө чоң шаан-шөкөт менен келип, кудалык жолу менен алдыңа түшөмүн... Минтип шашылыш келбегенде менден озунуп карындашыңды дагы бирөө илип кетет эле!— Жусубалы дарылдаган үнүн көтөрө жигиттерине буйрук берди:— Кана, биз аттаналы!

3

Менин туулуп өскөн үйүмөн ажыраганымдан бери бир аш бышымдай убакыт өткөн. Мен аттанганда: «Кош, аман бол» дешип тегиз чуулдашкан үнү кулагыма сиңип калса керек. Кенжекан жеңем бир кыйла жерге чейин узатып келди. Менин көзүмөн жаш чыкпай калыптыр... эски булактын суусу соолгондой, кайгыдан жашым соолгонун сездим. Жал куйругу төгүлгөн, төрт чарчы, чаар күлүккө минген Чортек манап эң ири алдыда жол баштап жөнөдү.

Чортек бай Жусабалыга карачечекей карындашын берген... Жаныбар чаар ат жол жоргосунан кенедей жазбай, башын чулгуп, көкүлүн көккө ыргытып, жол жүрүшүн бер жактан кызыгып карап эле тургуң келет. Жусубалы байдын аты, чаар атка араң теңелет. Чортектин: «Арпаны көздөй бет алдык»— дегенин кулагым чалган. Ошончо көп эркектин ичинде ургаачы аттуудан жалгыз эле мен... Мен бечара олжого түшкөн кызмын. Мени тартып баратышса, анан жеңем мени кайдан узатып барсын. Эгерде мен кадырлуу, дөөлөттүү кишинин кызы болгонумда, Чортек анда, мындай жол менен келип мени албайт эле. Болуш аттын оозун коё берип, жанындагыларына:

— Катуулап жүргүлө, жер алыс... «Тоюн-Төбөгө» жете конолу...— десе эч кимиси кыңк этпей аттарын теминишти. Мен анда-санда, улам экинчи көрбөс жеримди кылчайып кайра-кайра карайм. Туткунга түшүп бараткан жарды кызын булардын кимиси аясын? Кызды аларда күйөө күйөөлөп келчү эмес беле? Мага өмүрлүк жар болор бай

жигитти, мен көрбөй ага баратам. Балким, мага жар болчу жаш мырза, атасынын дөөлөтүнө, мансабына сыйынып, «сүйлүүнү алып келгиле!»— деп чиренип жаткандыр. Мүмкүн анын менден да өңдүү-түстүү зайыптары бар чыгар. О, анда мен байкуштун шору ачтай кайнап, токол болом го! Ким билет, кыздан сонуну тараган соң, мырза жигит менин ата тегимден бир чети жийиркенип, чанып иттей кордоор. Анда мен зарлай-зарлай күл чыгарган күңдүн кейпин кийип, куурармын. Дөөлөттүү кишилердин үйүндө куурап жүргөн токолду мен көп көргөмүн... ошол карыптардын көргөн күнү курусун. Бечаралардын адам сөлөкөтү гана араң жүрөт. Берeги болуш мени жээнине нике кыйдырып, токол катын атка кондурар... Жусубалы колундагы мал мүлкүнө чиренип, печен кыздын кебетесине кызыгып алып, качан гана сонуну таркаган соң, шордуу бийкечти керексиз буюм катары таштагынын кечээ уккамын. Уулу, мени салбар катары чанып, койнума жатпай коёр. Деги, мен көрөлөк күйөө кандай неме болду? Кайненем каардуу чыкса, ал эртели кеч мени мыжып, кара чаар жыландай арбаса, ошондо көргөн күнүм курур... Чиркин күлүк сапаага батып, түпсүз ойго чөмүлдүм...

Миң күнкү караңгычылыктан, бир күнкү жарыкчылык өөдө дечү эле... Дөөлөттүү байдын ирегесинде бүрүшүп, кайненемдин көзүн карап, күң көргөндөн көрө, томаяк жигиттин жанында эркин жүргөнгө не жетсин. Жок дегенде мага өз башына өзү ээ, бир жарды бозой буюрбаганын көрсөң... Убалым кимге жетет? Мен апакемди, бир туугандарымды карган не кылайын... Аларда не жазык.

Менин кебетемди абайлап бараткан болуштун ат токур малайы бир ыктуу жерге жете бергенибизде мени жандай бастырып: «Болор иш болгон соң, кайгырганда не пайда!». дейт. Ал тигилерден жазганып оолак бастырып кетти. «Бу эмне дегени?» Мен өз ичимен сыздым. Мага жан тартып жатабы? Же чекмелеп сырымды тартканыбы? Ага жакындашып, сырдашууга ыгы келбесин ал деле... мен деле билем. Жигит менден качкандай оолактады. Ай, ал менден



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 17961 31

кайдан качсын, нечада болуш сезип калса, анын жанын көзүнө көрсөтөрү бышык. Ошону билип, мен ичимен: «Менден кач. Жаныма жолосоң сага саатым тиет» дейм. Ошентип, катуу жол жүрүп олтурушуп, күн жаңыдан кылкылдап уясына батып бараткан маалда:

— Тоюн-Төбөгө жеттик. Казыбек байдын айылы ушул коктуда боло турган беле, ыя? — деп болуш чаар жоргонун оозун жыйып, өзүнө удаалаш бараткан Жусубалыдан сурады:

— Казыбек байдын айылы те жогорку көрүнгөн калың айыл, болуш.

— Анда ошондо баралы...

Тоюн-Төбө келишкен жер экен. Коктусун өрдөгөн соң, тектирден жумурткадай ап-аппак үйлөр көзгө чалдыкты.

— О, кайран Казыбек бай десе, каадасынча дөндө кароол карагансып олтурган турбайбы? Бали... бали.

Болуш чаар атты жаңсай камчыланымыш болгондо, чаар ат чамынып жөнөй берди эле, артындагылар араң эле куйрук улааш жетишти.

— Ой, биз антип-минтип тамактанып аттанганча, балдар мобу...— деп Жусубалы сөзүнүн ар жагын бүтүрбөй артында куйрук улам бараткан жакын кишисине мени табыштады.

— Албетте, байым, бек кайтартам.

— Сак болорсуң. — Мени жаңсап көрсөттү. Казыбек байдын жыландай сойлогон уландарынын көңүлү бузулуп, буйтата коюп жүрбөсүн...— Биз антип-минтип аттан түшкүчө бай жайбаракат эки колун аркасына ала басып келип:

— Салоом алейкум. Ии, Чортек мырза, о ботом барышыңдан кайра тартышың батыраак болду го. Бараткаңыңды уктум эле.

Болуш колун бооруна алып, алик алды.

— Иштин жайы ошондой болгон соң, бир түнөп эле кайра тарттык, кутмандуу Казыбек байым.

Бир малай жигит чоң үйдүн эшигин ачты. Казыбек:



— Кана, ардактуу азиз меймандар, үйгө кириңиздер!

Жеңеечүлөр чоң үйгө тизе кагышып араң сыйлыгышкан болду. «Келинди көшөгөгө киргизгиле». Чоң курсак, кейпи ачык, үнү киркиреген, жалпак мурун кайната, үйдүн ээси байбичеге шыбырап жиберди. Мени ак жибек көшөгөнүн ар жагына кийиришти. Көшөгөдө кыз-келин жок экен. Жанымдан сайчы жайган торго түшкөн кызыл куштай көзүмдү жылгартып, көшөгөнүн ар жагындамын. Жибек, парча-сарала шайыдан жана чылгый кызыл, жашыл бархаттан жасалган жууркандар тирелип жыйылуу... Керегенин башында челекей сонун түш кийиз, аяккап жана күмүш чегерүү коотдон жасалган ээр токум, жүгөн-куюшкан илинүү... Мындай жасалгалуу үйдү мен көрө элек элем... «Кыздын көзү кызылда» дегендей чыны жасалгага көзүм түштү. Менин үстүмдөгү кийгеним анчалык асыл буюмдан эмес эле, бирок кагылайын апакем ыштуу эмесин... чыт-чыбыр кейнекти тимеле боюма сүрөткө тарткандай кынап келиштире тиккен. Кундуз тебетейим эски. Бул менден мурдакы Толгонай деги жеңемден мага арткан. Көшөгөнүн төмөнүрөөк жагында, ушул үйдү башкарган байдын көрөр көз катыны го сыягы: «Шордуунун кийими жупуну тура. Жарды менен кудалашсаң, канча кылса да, кийгизери ушул...» — дейт, жактырбагандай мурдун чүйүрүп күбүрөп. Анын төмөн жагында ары карап идиш-аяк кармап жатканы: «Эжеке, сага ошондой көрүнгөнү менен жөнөкөй кийгизген тимеле адам кызыгып карап тургудай тигишиптир» — деп унчукпай калды. Ышталган чаначтан меймандарга кымыз куюп сунушту. Кымыздын жыты буркурайт. Баары сыр аякка мелт-калт ыпак кымыздан кере-кере жутушту эле, кулактары гана былк-былк этти... Тамшанышты. Бир паска жым-жырт боло түшкөн.

— Ии, сыр аяктар бошоду. Болуш кызыл күүгүмгө чейин кымыз сакталчубу... бу менин байбичем сиздин келериңизди билип, бир чанач кымыз сактаган го.

Чортек кыт-кыт күлүп, чалкалап, жүккө далысын төшөп, кекирүүлөт.

— Казыбек бай, ушул сиздин эл жактанбы же тигил биздин Ат-Башы, Нарын тарабындабы, айтор бирөө бели бүкчүйүп, көзү чекчейип карып калган чагында чоң сыйдын үстүндө олтуруп: «Оолдо кымыз ай! Оолдо козу ай! Оолдо кыз ай!» — деп үч жолу удаа бакырып, анан чалкасынан кетип, ошол бойдон тилге келбей мүрт жан берген имиш...— Анын сөзүнө үйдөгүлөрдүн жапырт баары күлүп калышты.

— Ошол неме ушул силер жаккы манап чериктерден бекен? — Казыбек билмексен боло, көңүл кош сураса, анда куу болуш сыр алдырбай жооп таба койду:

— Дыйканбай деген силердин түпкү чоң атаңар... Ал киши жаш кезинен жаакта жок, ашкан чоң чечен чыгыптыр. Кийин жедеп алжып калган кезинде, ушул Тоюн-Төбөнүн өзүндө ошентип дөөрүптүр.

Сөзгө сынган Казыбек байдын башы шылк дей түштү... Үйдөгүлөрдүн бир да бирөө үн катпай мостоюшат. Кебетеси ыгын келтирип сөздөр эски болуш, берки Казыбектин мыкыйын чукуп, өөдө каратпай сөзгө сындырмакка айтса керек. Өздөрү эки сыйрадан ынак кымыздан ичишкенден кийин, байбичеден бери төмөнүрөөк олтурган катын сыр чөйчөккө толтура мага кымыз сунуп: «Ме, бечара, сен да бир үйдүн эркеси болсоң керек... Кыз бечара кантсин, жетелеген төөдөй эмеспи... берген жагына кете берет. Күйөөң тиги олтургандардын кайсынысы?» — ал шыбырап сурады. «Мен күйөөмдү көрөлекмин» — десем, «А, арман күн! Баягы мен шордуунун так өзү болгон турбайсыңбы...— Катын оор улутунуп эрдин тиштейт. Ошол убакта койчу, куйругу чоң табактай жүнү тармал, кызыл козуну мааратkan бойдон жетелеп кирди, «Омийин!» баары бата берди эле койчу козуну сойгону кайра жетелеп чыкты.

Коломтодо кургак арча алоолоп күйгөндө, үйдүн ичи шам жаккандай жарык болду. Казыбек сөздү чаргытып башка жакка бурду.

— Чоке, анан калса көзүң кузгундун көзүндөй алда кайдагыны көрөт бейм. О, кайран берeним ай.

— Кана, муну не себептүү айттыңыз?

— Потом, береги алып бараткан кызды мен бу тегеректей көрбөгөн элем... Алда кайдагы Ат-Башы, Нарын жактан муну кайдан көрө койдуңуз? Моюн күчкө салгансыз го... Оббо... оббо. Ха-ха-ха-ха.

— Э, Казыбек, мен биердеги элдин менден жашырып жаткан дүнүйөсүн билем.

— О, кайран көзолум! — Кыскасы тартып алдыңыз го кызды? Бу кейпинен менен кордун ичинде эмне бар... эмне жогун да билсеңиз керек. — Казыбек кичине ойлоно түшүп, бир нерсени тамашасыз, чын ыкласын коюп сурады. — Айтмакчы, Чоке, силер жакта «Кеңеш» дегени чыгыптыр... Анысы томаяк келейлердин ураанын чакырат,— дейт, ошол акмалар чынбы?

— Э, Казыбек бай... — Чортек сөзүнүн ар жагын айткысы келбей башын чулгуп, тамагын жасап, жанында ээрчип жүргөндөрдү алыртан окшурая тиктеп акырын күңгүрөндү. — Россиянын азырети ак падышасынан айрылганыбызга жок болгон шекилдүү. Калыбы Николай тукумун жектеп сүрүп чыгышкан окшойт.

— О, кудай өзүң сактай көр! Ошондой дечи?

— Бүгүнкү күндө падышанын бары белгисиз... жанакы «Кеңеш» деген немесинин чыкканы калетсиз чын. Өз сөзүн өзү кубаттагандайбы, эски болуш көөдөнүн көтөрүп, беркиге кыр көрсөткөн кебетеленет. — Ошол кууртон томаяктар биздин тагдырды чечип... ак караны ылгайт дешет. Ал мындай турсун, эркек аттуу түгөнүп калгансып, ошерден Бурмаке деген ак жүрөк бир шүдүңгүт катынды көтөрмөлөп болуш шайлашкан. Мына «Байтал чаап байге алат» деген ушул.

— Ии? Катынды болуш шайлап алыштыбы?

— Болгондо да сүйрөткү катын!.. Алар ошондойду көтөрөт экен.

Болуш чыгдан жакта идиш-аяк жыйнаган (жана мага кымыз берген аялга) сөөмөй кезей көрсөтүп, аны кемсинтип күңүлдөдү. — Кара баскан кем тумшуктардын тапка-

нын караңыз! Колдоруңа тез тийдербейм. Кадимки Ат-Башыдан чыккан Тойчунун бир уулун чакыртып: «Сен эртеңден калбай айыл кеңешине, чабармандар минер эки жакшы ат бересиң. Эгер, буйрукту орундатпасаң, көргүлүктү көрөсүңөр!» — дептир. Берки жүрөгү жок, жаман кем, чочоңдогон немесин жыга чаап таштап бастыра берүүнүн ордуна: «Куп жаңы болуш» дейт да колун бооруна алып, калчылдап тим болот. Так ушуга окшогон теги жаман кудай төбөндөн урган ээн баштар, желпинип, айыл арасында салпактап жүрөт. Алар мага... Мен аларга жакын жолобойм.

Казыбек берки байдын кебине кулагын тосуп, мемирей түштү эле, тигил узун сакалын сербеңдетип, келме келтирип жаткансып, жакасын кармана эриндерин кыбыратып, онтолойт.

— ...Деги дөөлөткө чиренбей сак болбосо, жанакы болуш болгон кара бет шуркуяң сулатып жүрбөсүн. Заман бузулса, тынчыбыз кете турганы чын...

— Жарды-жалчы кутуруп, күч алгылык кылбасын... ошондо алар кутурат... силердей дөөлөттүү бай-манаптардын бырын-чырынын чыгарышы ыктымал. Кокус, серпип ыргытса, качар жер таппай калып жүрбөңүз кадырлуу болушум. Сыягы бул кызды тартып баратсаңыз керек?

Чортек көтөрүлө жооп берди:

— Казыбек, алар мени бир серпсе... мен ал жамандарды үч мертебе серпип, анан өздөрүн сызга олтургузуп, «кайдасың Кашкар тарабындагы чериктер» дейм да жылт берип, чек арадан өткөндө, сиздей байлар өрүлүктөп кысыр эмди тай жетелеп келет эмеспи.

Бу сапар Казыбек теңтуш курбусунун көтөрүңкү сөзүнө ыраазы болгон сыяктуу башын ийкеп, бирдеме дечүдөй кебетеленди эле, бер жактан: «Эт бышыптыр» дешти малайлары.

— Козунун эти бышмак турсун, эмдигиче эзилип калгандыр. Бол, бат чыгаргыла. Эртерээк булар тамак жеп аттанышсын.

Казыбектин малайлары союп эки кылмак беле, казан тулгадан түштү.

Меймандар кол жуушкан соң, эзиле бышкан козунун [illegible] этин тартты. Менин кайнатам Жусубалы ун-чукпай ичип жегенди билет экен. Аны кайниси болуш би-лет турбайбы. Чорток тамашалап казакча: «Козу аву!» деди. Мен а кишинин ыгы келсе козунун башы эмес, адам баласынын башын жегенден да кайра тартпайт го деген ойго келдим.

## 4

Асман бүркөк... Көзгө сайса көрүнгүс кап-караңгы. Жол таап бастыруу кыйын... Бастырсаң, аттар мүдүрүлөт. Карыялар: «караңгыда жылкынын көзү көрөнөөк келет» — дегени чын экен. Мен минген бээмди бир жигит жетелеп алган. Анысы аз келгенсип, туш-туш жагымдан тегеректеп баратышат. Мен кантип качмакчымын? Кайтарышты. Ушул түнжүрөгөн караңгы түнү кантип качып кутулам? Кабагына муштаган... дегендей менин бактыма жараша, ай болбогондо түндүн бүркөөлүгүнө жараша жаан жаабай койгондо эмне? Мени жандай бастырып бараткан бирөөнө унчукпай эле кайрылдым:

— Акебай! Мен калчылдап баратам. Жаан өтмө-катарымдан өттү... Сообум тийсин, мага бердеме кийгизгилечи?

Кимиси экенин ким билсин, бирөө мага жандай бастырып келген өңдөндү.

— Үшүдүңбү?

— Ооба, үшүп өлүп баратам.

— Эми кантебиз? Менин бөктөрүнчөгүм жок эле.

Көрсө бул аттокур малай экен. Мырза болгондо бөктөрүнчөк болмок.

— Анда тигилерге айткын, мага кийим бердирсин... Эгер жок десе мени ушул ээн жерге таштап кетсин.

— Ачык айтайын, кайнатаңдын бөктөрүнчөгү бар эле, ким билет берер бекен?

Ал алды жакты көздөй желдирип кеткенде, мен жан жагымды абайласам, туш-туш жагымдан кайтарып баратыптыр. Күндүз жол жүрүп келатканда, баарынын бөктөрүнчөгү барын көргөмүн. Жанагы жигит Жусубалы кайнатанын бөктөрүнчөгүн алалбаптыр. Кайната: «Келин менин кийимимди киймек беле» — дептир. Капырай ушунчалык таш боор немеби? Ушулардын деле мендей эжелери, карындаштары бардыр. Мен бечараны аяшса боло? Өз убалым өзүмө... Баягыда өз оокатына тың Мусакан деген жигит ашык болгондо, аны жуутпай чанып койдум эле. Эми ушуну көрмөк экемин. Ошонун кусуруна калыпмын.

— Карындаш, ме, менин эски таар чепкенимди жамынып ал. Сен үшүгөндөн көрө мен үшүйүн.

— Мен ыраазымын. Бу жакшылыгыңызды эч качан унутпасмын.

— Кантейин, Зууражан, колуман келгени ушул.

Бу жолдо келатканыбызда улам мага жан тарткансып, жакын бастырган жигит турбайбы. Караңгыда, аны мен кайдан тааныйын. Мен анын эски чепкенин чапанымдын сыртынан жамынып жатып:

— Муну го мага бердиң курдаш, а сен өзүң кантесиң? — десем:

— Менин курмөм бар... эски жөрпөчөмдү жамынып алам... Мени койчу, деги өзүң аман жеткей элең — дегенде, чыны мен ага өтө ыраазы болгонуман, ичим жылый түштү.

— Кичине жылыдыңбы?

— Жылыгансып калдым. Таң качан атар экен?

Жигит акырын улутунуп, атын теминип мага жакындай түшкөндө:

— Ай, таңга дагы көп бар көрүнөт. Атаганат таң атып кетсе кана... караңгыда камыкканыбыз жазылар беле дейм... ал атын камчыланып, оолактай берди. Көңүлүм сууй түштү. «Кара тутуп баратсам, бу менден качты э! Менден эмне анча жаа бою качышат? Буларга мен кайсы жеримен жаздым? Балким, мени теңине албай баратышкан чыгар? Үйдөн чыккандан бери бир да бирөө менин

ыйымды сүрөөгө жарашпаганы эмнеси?» Ошентип ичимен сыздап кеттим. Таалайыма жараша бат эле асман ачылып жетигенин көрсөм... Бирин-серин жылдыз жымындап көрүнгөндө чөккөн көңүлүм кичине ачылгансыйт. Бет алдымды бергем тоо таянып баратыптырбыз. «О, шордуу сен неге мендей солактап качтың?» — дегендей мен жигитти телмире тектесем, ал тилинди жыйып, мага тушташ келе түшкөндө: «Баш Келтебиктин ашуусу ушул» дей бергиче: «Э-эй, катуулагыла, буерде кокус күзөтчү жүрбөсүн... ашууну эртелеп ашалы!» — деп кайната Жусубалы күңкүлдөдү эле, баары катуулап, желе бастырышты. Чаар күлүктүн деле чарчаар түрү жок... Жаныбар ай, жол жүрүшүн жазбай, андан-мындан бир тиет. Бөлөк аттардын бир сыйрасын мойнун тер басып, күшүлдөп өр талашат.

Коктунун тамашынан кыялап бараткан кезде таң сүзүлүп атып, ой-тоого жарык тегиз түшкөндө, мен кичине жылып эс ала түшкөнсүдүм. Эки жагымды карасам, тоо гүлдөр... (бөтөнчө гүлкайыр) жайнап ачылганын көргөндө «Ии, ананайындар ай. Атаганат силерди терип жыттоого менде убакыт кана?» дегенсип кейидим. Кыянын жээгиндеги гүл жайнайт. Агыш гүлдөрдүн арасынан кылтыйып ышкындын башы көрүнгөнүн кантейин. Жылгалардан көз албай кетип баратсак: «Ии, береги жайнаган кожогатты карачы!» дейт баягы жигит. Те алдыда бараткан Жусубалы кайната кылчайды: «Бастыргыла ой!! Тигил жигит аттан баратып, солкулдаган бир топ ышкынды эңип алып жанатай бастырып мага сунду. Ошол жер ушунчалык татынакай кооз... гүлдөгөн кезинде көргөн адам ыракатка батып, өмүр бою унуткус... Менин жерим да ушундай гүлдүү эле... Ал кайда, алыс калды. Кагылайын берекелүү жерим, мен сенден кайда... алыстап баратам.

Баш Келтебиктин ашуусун шашылыш ашып, төмөн түшкөн соң; мурдагыдай артыбыздан жоо кууп келаткансыңшай, саал жайбаракат жүрүп, шашке ченде булактын боюна түшүшүп, түн бою жол жүрүп чаалыккан аттарды отко коё беришти да, өздөрү көк шиберге боортоктой ка-

лышты. Мен эркектерден ийменип, жалпак ак таштын далдоосуна кызыл баркут чапанымды төшөнүп жаттым. Жолдо ката мага ышкын терип берген жигит бир маалда селт этип ойгоно калып, кайра уйкудан калган көзүн ушалап, мени «ордундабы» дегенсип тиктейт. Мен качсам болуш ал бечаранын кактабай канын соруп, тирүүлөй жерге көмөрү бышык. «Ой, секет, мен эч кайда кетпейм. Сен эс алгын!»

Ушинтип шыбырасам, аттокур малай күлүмсүрөп, магы ыраазы болгондой көзүн сүзүп, башын ийкейт. Мен үргүлөп кетипмин. «Жүргүлө ой!» деген үн ойготуп жиберди.

Ат чалдырылган соң «Баш Келтебиктин» ойдуңунан аттанып жөнөгөндө «Эми мындан ары кудай сактасын, чек арадан аман өттүк...» — болуш чаар жоргонун бир жагына кыйшайыбыраак олтуруп, жолго чыкты. «Чек ара!» дегени эмнеси? Кимдер мунун жолун тосот? Ошол бир ооз сөздү тигил кишинин кандай себептүү айтканына менин көзүм жетпеди, чек арада кайнатага кас кишиси барбы?

Менин айылымдагы кары кишилер Ак-Сай, Арпадай келишкен сонун жайлоо чанда гана чыгат. Илгээрки бир жолоочу такыр жүрбөй калган атын отко коё берип, тойгондон кийин кармайын десе, жүрбөй калган ат оюн салып, ээсине карматпай койгондо «Арпа... арпа жедиңби ой!» дептир... ошондон улам ушу жайлоо Арпа атагып калган имиш дешип эл кеп салышканын угар элек. Арпа бетегеси жайкалган укмуштай сонун жайлоо экен. Береги жолоочулар узак жолду кыскартуу үчүн аркы-беркиден кеп уруп маектешип баратышат.

— Шумкар таштын жайынан кеп салчы Жусубалы аке?..— бирөө ага кайрылды эле, кайната сөз баштады:

— Манас баатыр дүйнөдөн кайткандан кийин, акылдуу жеңең Каныкей Ак шумкардын боосун алып, коё бериптир. Ак шумкар Таластан беркини кыдыра учуп, акыры ушул Ак-Сай, Арпадагы агала зоого байыр алат да, куу кумпай деген кыраан куш менен тебишип асманда ойноп жүрөт. Манастын уулу Семетей ат жалын тартып минген-

чө, шумкар ушул зоого тукумдап жүрүптүр... Ошондон ушул күнгө чейин эл «Шумкар таш» аташат. Манастын Ак шумкарынын тукумубу же бөлөкпү аны билген ким бар дейсиңер. — Ак шумкардын жайын кеп урган жолоочу тери алдыда бараткан кайната тиги болуштун кебетесин байкап, баратса керек. Карбаластап, атка камчы уруп катуулады. — Кокуй тигил болуш баятан бери артын кылчактап кайра-кайра карады, кырс немененин кырсыгына калбайлы, кана, жете бастыргылачы!

Кайната кайнисинин сырын билгенинен тынчсызданыптыр. Антип минтип арткылар жете баргыча болуш кылчайып: «Ой, иттер, атка бастырганды билбеген кандай кулайдын каарысыңар! Силер ушунтип, камырабай баратканда, жортуп жүрүшкөн чек арачыларга капилеттен кабылсаң, кантип кутуласыңар? Ат үстүнөн жан берсеңер да, катуулап жүргүлө!»

Чаар ат жер менен жер болуп, жылжып калганда беркилер текирең таскак менен араң жете баратышат.

«Чек арачылары» кимдер? Мага бу түк дагы эле түшүнүксүз. Бай манап бири-бири менен мансап талашып чабышканда, эки ортодо күнөөсүз бечара кишилер жабыр тартуучу эле. Балким, буларга кас манаптар барбы?

Жайлоонун ар кайсы жерлеринен айыл көрүнөт. Булар суусун жуткан бир айылга кайрылышпайт. Ар кайсы кокту-колоттон байлардын короо-короо коюн жайып жүргөн бечара койчулар... Укуругун сүйрөтүп, жылкы айдаган жылкычылар кездешсе, мени тартып келаткан болуш жалаганда ошолордон да оолак качкансыйт. Барыдан ошонусуна таң калам. Арт жагымды кылчайып карасам, биз ат чалдырган Баш Келтебик мунарыктап араң-араң көрүнүп, алда кайда калыптыр... Кайнатанын айылына дейре дагы канча жол барын билбейм... бир чети ачкалыктан, анын үстүнө ат үстүндө келатканга бүткөн боюм жанчылып калганбы, сөөк-саагым какшайт. Суусап, таңдайым так катат. Көңүлүм караңгылап, эс-учумдан танып кете

жаздачудай, муунум бошойт. Өпкө-жүрөгүм куушурулат. Эми аттан учуп түшчүдөй кыйналам.

Жол баштаган болуш көмүскө... далдоо жер менен улам буйтайт. Мурда келатканда көк кашка тунук сууларды кечип өттүк эле. Эми суу түгүл, кудукту кезиктире албадык. Жылжып тоодон түшкөн булак көзүмө көрүнсө, мени азыр жеп жиберишсе да, аттан боюмду ыргытып, муздак суудан жата калып жутар элем. Кайнатам кимдерден жашырынып ушундай тескери жолсуз... суусуз жакка качырганына таңым бар? Суусадым! Баягы малайга жалынсам бу тегеректе булак жок... айыл жакын, миң жылкылуу байдын балдары жакын дейт. Өз жаным кууран баратса, миң жылкылуу байдын мага кереги эмне? Аны мага мактагандай неге айтат. Жигиттин шагын сындыргым келбей баш ийкедим. Кызга күйөөлөчү мырзанын кандай себептүү келбей калганын болуш менен Жусубалы кайнатанын гана керт башы билет. Болуш менен Жусубалынын моюн күчкө салганын кими билет? Түндө Казыбек курдашын тамашалап: «Бали, кайран көк жалым! Алтымыштан ооган кезинде... кермаралдай керилген жаш кызды... кучактагың келиптир десе»,— Эй Каке, андан бөлөк да, бир максатым бар» — деп бай анткорлонгон аттана беринде кулагым чалган. Ошондо бүткөн боюм дүркүрөгөн... Чалдын койнуна жаткан кандай суук... булардын кандай котур ташы койнунда барын кайдан билем. Баш Келтебиктин ойдуңуна жабыла конгон калың айылга жеттик... Күйөөңдү көрөрүңө аз калды... дейт ат токур малай шыбырап.

Анын ушул сөзүнө мен териге түштүм. Кордук көрүп, ыза болгон кызга күйөөнүн кереги эмне? Сүйүнгөндөй, көрөлек күйөөгө мен өз эркимче сүйүп бараттым беле? Мейли, ал маа десе жигиттин гүлү болсун. Мейли, ал бир айылды бийлеген билармaны болсун, түк ичим жылыбайт. Атасынын кемсинтип, туугандарымы бир камап... мага окшогон алсыз кызды тартып келатканын мен унутпасмын. Менин жүрөгүм муздаган. Кордук көрүп, ызанын айынан кыз жүрөгү — муздай тоңду. Анан кантип жибисин.

Бет алдыдагы бир белеске чыктык. Төмөнкү түздөн калың айылдын карааны бүлбүлдөп көрүндү. Мени тегеректеп келаткандар өздөрүнчө күбүрөшүштү: «Мында кайрылбай кетсекчи?» Кедей боз бала, мурдагысындай жылмаңдап жакын келип: «Биз Баш Келтебикке келдик, береги бет маңдайда мунарыктап көрүнгөн миң жылкылуу Бейбит» деди. Биз айылга түшпөй өтө бердик. Жусубалы кайнатанын айлына келдик. Үйгө мени ээрчитип кийирди. Мени тике эле чоң үйгө кийиргени саал чеки болуптур. Тосуп алган келиндер байкашпай калышкан окшойт. Мен чоң үйгө кирип босогого тура калсам, байбиче буркан-шаркан түшүп тилдеп эле коё берди.

— О, көргөн-өскөнү жаман сүйрөткү десе... Ботом, мунун кайната-кайненеге жүгүнбөй, байдын кутмандуу үйүнө тике качырып киргени эмнеси?! Атаны теги жаман түйдөк чач ай-ы! Келелек жатып, эшикти сүзө кирип келген «албарсты», кичине үйүр алышкандан кийин, кимди көзүнө илет. Бу какмардын сыны бийик, сырты сулуу кебетеси гана бар турбайбы. Ой, өлүксүз келиндер, муну көшөгөгө кийиргиле!

Үн жок-сөз жок турушкан кыз-келиндер: «жүгүн... жүгүн» дегенсип мени түрткүлөшүп акырын күбүрөшөт. Мен кишиге жүгүнүп көргөн жан эмес элем. Кадырлуу байдын караанын көргөндө айылдагылары дүрбөп калышты.

— Ии, бай, ат-көлүгүң аман келдиңби? О, арыба... о, арыба, — Байбиче чоң аяк сууну Жусубалынын башынан тегеретип чачты. — Аман-эсен келсең, ак сар башыл өткөзмөк элем. Ой, балдар, аркы көгөндө байлалуу турган ак ирикти жетелеп келгилечи! Бол бат!

Байбиче оозун ачканда, малайлар кыңк этишпей чуркашты. Чоң үйдөн оолагыраак атайы тигилген ак өргө жакка келиндер мени ээрчитип басышты эле, аңгыча болбой үйдөн кайната бирдеме деп күңкүлдөгөн өңдөнгөндө:

— Ой, куу шыйрак келиндер, алдагы жаңы келинди кайра бери алып кийиргиле! Байбиче үнүн көтөрө чыгарып бакылдады. Биз чоң үйгө кайра бастык. Бай кара

көлдөлөндө мандаш токунуп, чоң сыр аякка мелт-калт кымызды кылкылдатып жутун, идишин досторконго коюп, «ө-өх» деп дем алды, так ошол маалда эшиктен «болуш келди» дешип үрпөңдөп калышты.

— Сабыр этчи, байбиче...— Жусубалынын үнү чыккандан, мага каарланган долу катын эринен жазганды көрүнөт көрөр көз байбиче көшөгө жакка мойнун буруп аларга жаңдап шыбыш берди эле кыз-келиндер көшөгөнүн далдоосуна мени дегдеңдетип кийиришти. Бай унчукпай дулдуюп, олтурду эле эсине кимдир бирөө түшө калса керек, сүйлөгөнчө шашат:

— Айтмакчы, уулуң көрүнбөйт да байбиче?

— Жаке, сен жолоочулап кеткендин эртеси эле, «кой» десем тилимди албай ээленип, те Тогуз-Тородгу Калыйкан эжесине кеткен.

Жаңыдан жамбаштап кырынан жатканы оңтойлонуп бараткан бай, аны бирөө аңдоостон колтукка катуу коюп жибергендей, кайра мандаш токуна калып, байбичесин жактырбагандай колун арбаңдатып жаңдайт:

— Аны жибербей эле койбойсуңбу? Олдо ээнбаш балам ай, бекер жолоочулап кетиптир.

— Канчалык каң-какшап, атаң келгенде барарсың десем, кебимди деле, каакы ордуна көрбөй, дулдуюп аттанып кеткен...

— Азыр кош ат менен ага киши чаптыр. Өлүмгө башымды байлап, болуштун күчү менен мен (сөөмөйүн чычайтып мени көрсөтүп) тигини араң ала качып келсем, үйгө токтобогонун көрсөң! Дайым эле, дөөлөттөн тайыбай турарыбызды кудай билет. Сен экөөбүздүн көзүбүз өтсө, ошол жалгыз уул зөөкүр болуп, атадан калган мурастан такыр кол жууп, сандалып каларын... кайдан билдик. Анын үстүнө заман олку-солку экенин көрбөйбү? Бир кезде эмне болорубузду бир кудай өзү билбесе... Азыр киши жөнөт! Эртең күүгүмдөн калбай ошол ээн баш көзүмө көрүнбөсө... санаам тынчыбас!

Жанатан бери келген болуш унчукпай олтурат. Лам-

пук чапанын желбегей жамынган байбиче үйдөн шашып чыгып, «О-уй!» дегенде, малайлар алкымына бирдеме кептеле түштүбү, айтор бир саат жармашты окшойт кыйкылдайт. Баары жабыла дүрбөштү чоочуп.

— Кудай, ай муну бирдеме даарып кеттиби я?

— Ким билет!

— Кокуй... койгун!

— Кудай сактайгөр?

### 5

Ошол түнү, кесирдүү кайнене эч кимди кирпик-какпай, малайларды, казан аяк кармаган келин-кесектерин тынчын кетирип, оозуна эмне келгенин билбей жөөлүйт. Ага эмчек эми турган жаш улакты мааратып садага чаап жиберишти эле, андан да айла болбой кайра мурдагысынан беш бетер күчөп чаңырат... Кийимин тытып, кыйкырат. «Сен менин үстүмө үч катын алгансың. Как баш шайтан, сен мага эмне гана күндү көрсөтпөдүң? Мен он төртө жашы чыккан секелек кыз кезимде, мобереги Чортек байкем сага эриксизден кыстап берген... Убалым сендейге жетсин. Сен кимди кордодуң? Менин убалым кимге?» — Байбиче көп жылдар бою көкүрөгүнө сактап келген ич күптүүсүн, оору-соопун ортосунда, олку-солку болуп турганында какшап, байдын жер жеперине жетет.

Кайда, түн ортосу оогондо, бөлөк айылдан Турсунбай дегенди шашылыш ээрчитип келишиптир. Думана босогого мыкчыйып токтоп, дердейген таноосун былкылдатып, кашын серпип, көзүн чакырандатып, анда-санда аса-мусасын шалдыратат, кыт-кыт күлөт. Кайра мостоё калып таноосун дердейтип үйдүн ичин искеп, жыттайт. Ал керегени сол колу менен булкту эле, чоң үй кычырай түшкөндө, бер жакта сагаалап тургандар чоочуп, үтүрөңдөшөт. Турсунбай үйгө баш баккандан кийин ээ-жаа бербей тытынып жаткан байбиче кичине жоошуй түшкөндө «Касиетиңден айланайын жарыктык, сен келери менен соолуга түшкөнүн

көрсөң...» — дешип күбүрөшөт. Думана мойнун бүгжүйтүп, төрдөгү байбичени тиктеп, тиштерин кычыратып бир көзүн жуумп, ороктой иймейген мурутун сылап аса-мусасын шалдыратып төрдөгү оорунун жанына эки аттап жетип чөк түшө калды эле:

— Ой, тобо-ой, жарыктыктын «көзү ачык» экен!

— Мунун колдогону бар, колдогону бар!

— Айсыз караңгы түндө мазарга барганында бир кеп бар.

— Жарыктыктын бат эле эми түшө калганы абийир болбодубу...

— Бу болуш аке менен Жусубалы байды кыдыр даарыган.

— Кудай сактасын. Думана айыктырып койду.

— Жаңы келин ак жолтой турбайбы?

Байбиче бат эле соолукту. Баарынын көңүлү жай...

— Таң деле сүрөрүнө жакындыр. Сабаны бышып кымыз куйгулачы...

— Сабаны жакшылап быш!

Карындашынан корккону нан болуштун кабагы бүркөө эле, санаасы тына түшкөндө анын телегейи тегиз болгондой көңүлү шат. Көшөгөнүн жогору жагындагы чоң кара сабадан көбүрүп-жабырып ашып-ташып турган кымызды эки жигит алмак-салмак бышып жатышат. Ботом түндө эле тытынып жаткан байбиче сабадан кымыз куйганын көргөндө үйдөгүлөр Турсунбай думананы жабыла мактashты. Мупмуздак кымыздын тундурмасынан бир чоң аякты сунду эле думана дем албай тартып ийди. Жусубалы бай астыртан жанындагы думананы көзүнүн кыйыгы менен тиктеп, коңур үнүн көтөрүңкү чыгарып, кобурады «көзү ачыкка»:

— Көзү ачыгым, түндө өзүң келерде бир улакты байбичеге садага чаптырдым эле, ошонун терисин алып, ыраазы болгун. Ак жолтой болдуң.

Думана байды жаман көзү менен олурая тиктеп, мурдунун учун былкылдатып, кыжырлана күңкүлдөдү:

— Короодо ушунча коюң турса, бейлиң кеткен капыр, мага садагага чабылган жаш улактын терисин бересиңби? Улакты энесинен ажыраттың... улагынан ажыраган шордуу эчки сени каргайын десе тили жоктур э. О, сараң, сен көрүндө өкүрөрсүң.

— Ой, сен андай дебе! Сен терини ар кимден жалдыран алчу эмес белең?!

— «Көз боёмочулук» кылбасам... сага окшогон байдан түрүнө жараша ыгын таап бирдемесин жулуп кетпесем, силер боор оорун, кайыр-садага берет белеңер. Сен кайырсыңсың.

— Мага окшогон байбы?!

— Анан кимди айтып жатат дейсиң? Зайбың ооруу эмес эле, сен-соо! Сага алчактап эркелеп жатат.

— Сен, мурда алдап жүргөнүңдү эмне айтпай келдиң?

— Анда айтсам, силер мени тирүүлөй жутмаксыңар.

— А, эмичи?

— Эми кекиртегиңерден өтпөйм, жуталбай калдыңар. Алкымыңардан өтпөйм.

— Сен, териге ыраазы болбой турсаң, анда эмдиги жылы жазгы төлдөн бир козу аларсың. Турсунбайым, сенин таянган бир тооң барбы дейм. Сен мындай эмес элең го.

— Өзүм билем... өзүм көрөм... Ак! Ак! Ак! Ак!

Думана аса-мусасын шалдыратып, бийбичеге тап беримиш этип, шарт чыга жөнөгөндө, анын кебетесине баары таң калышты.

— Кымыздын тундурмасынан эки чоң аякты тартып жибердиңби... өзөгүнө түшүп мас болду кем тумшук думана,— деди Чортек.

— А... а... а! кара баскыр, ошенткен го,— дейт кайната.

«Мен байды коркуттум...» деген өңдөнөт байбиче.

Алыстан жол тартып, атка жанчылып келсек, эрке кайненемин кара күчкө апткорлонуп. коркуткан кесепетинен уйку бетин көрбөй жан кыйналганын кантейин. Чуулгандуу кайненемин дүрбөлөңүнөн кийин, эл аягы араң басыл-

ган кезде жаңы гана көзүм илинди эле, мага (абысын өңдөнөт) ал жаны калбай жеңилдейт, түндө кайненемин саатынан бака-шака түшүп жүргөндө көзү жыртыйган эки катын: «Койчунун таягынан, келиндин аягынан» — деген. Бу жашабагыр келелек жатып, кайненесин жутмак болду. Анык кара жолтойдун өзү тура!» — дешип, мени тилдешкен: «Койгулачы, куру бекер бечаранын күнөөсүн көтөрбөй!» ушул келин мага болуша кеткен. Бу өзү деле уктап жырганган эмес. Моймолжуган кой көзүнүн агын кан талап, кара тору өңү кер сары тартыбыраак калыптыр. «Тур... тур, кагылайын кайненелердин кыйыгына каласың» дейт тарткылап.

Биз кабакка бараткканда:

— Сиз менин жеңем болосузбу? десем, анын эртең менен шиберге түшкөн шүүдүрүмдөй жашы мөлтүрөй түштү.

— Жок, секет. Мен сенин күнүлөшүңмүн. Буларга келгениме быйыл үч жылга аяк басты. Менден мурда дагы бир кыз алып, аны да жактырышпай чанып акыры кетиришип тынышкан экен.

— Чанып кетиришиптирби?

— Төрөбөй койду деген куру шылтоо.

— Сиз төрөдүңүзбү?

— Жок, төрөй элекмин...— Ал мени тиктеп кичине жашыды. — Ошол күйөө сөрөйдүн өзү туубас немеби. Менден мурда чанып, коё берген келинчеги кийинки барган жеринен балканактай болгон эркек төрөп алыптыр. Күйөөсү жөнөкөй, карапайым. Бактысы ачылганда азыр жыргап жүрөт. Сен келдиң, эми мени чанып, кетирсе сүйүнгөн бойдон кетер элем. Сен да мендей бир бечара көрүнөсүң. Сени жектеп күнүлөгөндөй мен эмне келесоо белем. Кокуй, экөөбүздүн сүйлөшкөнүбүздү бирөөгө оозуңдан чыгарбагын, катыгын. Кокус угуп калышса, кайната, кайненебиз кактабай каныбызды сорот.

— Эжеке, алты саным аман турса, мен буга байлаоа да турбайм. Мага ыза көрсөтүп, тартып келишти.

— Койчу? Сен өлөрчө намыстанып калган көрүнөсүң.

Ай, жанымды чабайын сиңдим ай! — Биз кабак жактан чыгып бат эле бастык. Менин күнүлөшүмдүн түнөрүп кабак-кашы бүркөө. Өзү жаш кезинен көп убайым тартса керек. — Ошол арам көрбаймат эрибиз атасынын дөөлөтүнө чиренип, таякеси Чортектин аркасы менен чалкактайт. Ай, кайсынысын айтайын жаным, бүгүн келгенде кебете кешиприн оңуң көрөрсүң. Небак эле андан башымды кутулуп кетет элем... артымда бел болор эч кимим жок эле. Жалгыз бир тууганымды шум ажал жалмап тынган. Анын үстүнө береги кайнатабыз кадырлуу... болушка күйөө... качып кетсең, эртең эле кордук көрсөтүп, алдырып алышат. Кордукту ошондо көрөсүң.

Биз чоң үйгө жакындаганда, кайната-кайнене үйдөн чыга калышты эле, жанымда бараткан күнүлөшүм жүгүнгөндө, артынан мен да кошо жүгүнүмүш болдум. «Кудай тилегинди берсин» — дешти экөө тең жарыша.

— Зарылбүбү, алдагы тебетейчен келинди эми тигил эңүлөрдүн өргөөгө киргизгиле. Силер ошондо баргыла! Мен бир пастан соң барам.

Мага эмне келет? Бүгүнтөн баштап жанымды жай алдырбай казан-аяк карматып койду, бээни саадырганы жатабы. Жаңы келген жаш келиндер отун-суу алат. Күл чыгарат. «Карып майы жукарсын... үй түйшүгүнө көнсүн» дешип, таң агаргандан эл жатканга чейин, келиндин жанын жай алдырышпай жумшашчу. Биз өргөөгө келдик. Боорукер күнүлөшүм Зарылбүбү кантсин, үстүмө үйрүлүп түшүп, «жатып эс ал» дегенинен уйкудан жүдөгөн курган жаным, төшөккө башым тиер замат тарс катып калыпмын... Бир маалда: «Тура гой секет, кайненелериң келатат» дейт. Мен тура калгыча, кандай болгон үч катын келишти. Мен колумду ушалап, аларды түк көргүм келбей, жерге салынуу ала кийизди теше тиктейм.

— Адам эй, бу кашка... ботом бизге жүгүнбөгөнү эмнеси? — деди кергиштеп чарчы бойлуу, моюну кыска кара катын. Беркиси тигинисинен өткөн ачуулубу эрдин чормойтуп мени жутуп жиберчүдөй акырая тиктейт.

— О, жашабагыр! Бизди эмитен минтип тоотпой миспреет, оруп очок алгандан кийин, мындай карабет кайнепелерин кац какшатып, тоотпой коёр.

Мен бүрүшүп үн каткан жокмун. Күнүлөшүм катындардын төмөн жагында турду эле, тигилердин жазыксыз мени тилдегенине жаны ачып, мага болуша кетти:

— Койгулачы, эпеке, жаш немени келелек жатса тилдебей?

Катындар үнчүгүшпөй калышты. Түндө оорумуш болуп, баарын аягы менен тик тургузган эрке кайнене күрөң дукаба күрмөсүнүн күмүштөн жасаган топчусун чечсе, анын ичинен кийген жашыл бешмантынын чөнтөгүнөн чети саргыч гүлдүү сары жоолук көрүндү, ал беркилерге жоолукту сунду эле, салт боюнча кайнененин эң улуусу жаңы келген келинге жоолук салат экен.

Кайната-кайненеге кайрымдуу бол! — Менин башыма жоолук сала койгондо ичимен «бактымап айрылмак болдум э!» — деп бетимди басып ыйлап жибердим.

— Көзүңө ак түшкүр, жакшылыкка ыйлайт. Андан көрө ыймандуу болгой элең... Этегиңден жалгап, жыл маалына жетпей эркек төрөсөң гана... Үч үйлүнүн ортосундагы (маңдайыбызга кармаган жалгыз уулдан) бир перизент көрөр бекенбиз. О, кудай өзүң колдой гөр. Сен ак жолтой болгой элең. Сен да берегидей төрөбөгөн куу шыйрактын бири болсоң, анда эмгеги текке кетип байдын шору ачтай кайнады дей бер. — Байдын бул байбичесинин жаагы тынбай ии, деле алдан немелерди айтып кобурайт. — Ме, бу тебетейин кайын сиңдилеринин бирине биргиле.

— Саал эскибирээк кеткен экен. Деги, абдан иштүү катын татынакай жасаптыр...

Чоң кайнене кобураган бойдон үйдөн чыкты. Мен беш көкүлдүү кыз элем, эми келиндин кейпин кийдим. Өргөн чачымды жандырышып, эки ийнимден төгүлгөн капкара чачымды эки бөлүп аркама өрүштү. Чачыма бир карыштай кере карыш ак полотнайды кабаттап шуру... акак, бастырып коздоп, «жаңы келин адегенде ушуну тагынат»

деишип бачаам тагып коюшту. Кайран кыз кебетем ай! Сени менен коштошконум ушубу? Мындан ары ким мени беш көкүл кыз дейт. Башка жоолук салгандан кийин, келин атка кондум. Эртең-бүрсүгүндөн башыма элечек орошот. Жоопорчулап кеткен күйөөм келер замат, мени кыйнап ага ийне кыйдырышат. Анда кантем? Аргам кетет, ээ! Бир айла табылса, кагылайын апакеме зымыраган бойдон качып кетер элем. Кантип кутулам? Карыш бастырбай кайтарып жүрүшпөйбү? Ушул ажаандай албуут кайненелерди ким жазгырат. Жаныбар чаар атты көк жабуу жабышып, жамынга байлап коюп, акыйын карап турушат. Бай чаар атын бош кое бербей кайтартат көрүнөт. Андай куштай сызган жигит атына кимдин көзү түшпөсүн... Колуна тийсе кызык көп эмес, чаар күлүктөн баланы кайра тартабы? Менин эп-дартымдын баары эптен качууда калды... Кантип? Кантип качып башымды бу азаптан куткарам?

Айыл-ападагы келин-кесек, кыз-кыркын «келин көрөбүз» дешип эшикти тындырбай келе беришти. Үйдүн тегерегинен кээде: «Ботом бу келиндин жалгыз каңкы башы эле келиптир дейби? А, жетелеген төөсү, үстүнө тигилген ак өргөөсү кана? Анда бер жактан: «Атасы жок, жетим кыз турбайбы. Анын үстүнө теги жаман!» «Силер байкабай эрки-беркини неге бабырайсыңар?! Атактуу бай бу кызды жалаң гана сулуулугуна кызыгып, те алда кайдан ала качып келиптир. Ага эмне анча ичиңер күйгүдөй. Байдын жалгыз уулуна жарашыктуу кыз экен. Ат-Башы, Нарындан мындай кыз табылбай коюптур. Мыш... мыш, ии... ичиңер күйсө туз жалагыла!»

Катындар мени уксун дешеби, так үйдүн тушуна келишкенде кыжылдашат. Түш оогондо кыз-келин менен сыйлап көрөө зайыптардын келатканы, чачмончокторунун, шылдырын шыңгырлаганы угулбай калды мага. Алардын аягы суюла түшкөнүн ошондо билдим. Карайлаган жаным үзүлө кетишимди. Каалга кырч дей түшкөндө, «Дагы мени сынаганы келатышпасын» десем, байдын чаар күлүгүн баккан (мени алганда кошо барган аттокур жигити

экен), ал коломтодон кара кумганды алып жатып, менден көзүн айырбай жалдырап тиктейт. «Бу боорукер боз бала мени мынча неге тиктейт? Мени аяп турабы? Аягандай менин эмнем эле? Бечаранын мага бирдеме дегиси келип, оозу батпай тургандыр. Ал жазгангандай, биерде ким бар? Кимден жазганат. Сырын ачык айталбай уяңдык кылмак болдубу? Капа сүйлө секет? Жок дегенде бир ооз бир деме дечи? Мен азырынча солуй элек тоо гүлүмүн... эриксизден биерге келгенимди өзүң билесиң. Анык атанын баласы экениңди билейин, куштай учкан эки атты камдап, кайнатам уйкуга киргенде мени ала кач. Кулак уккус, көз көргүс жакка кетип... ызалап кемсинтүүдөн жаш башымды куткар».

Ушинтип алеки сааттын ортосунда үйгө кире калган боз баладан мен ырайым күтөм. Дагы эле асыл жаш курагымдын кутулар айласын издегим келип, үмүттөнөм.

— Сенин атың ким эле, курдаш?

Малай унчукпай башын көтөрө койгондо, апын мөлтүрөгөн кой көзү менин көзүмө кадала түштү. Өңүнө тамылжып тарам-тарам кызыл жүгүргөнсүп, жазы маңдайынан негедир муздак тер сызылып чыккансыгандай сезилди мага.

— Менин атым Элчибек! Мырза келин... муну неге сурадыңыз?— Ал ушинтип акырын шыбырайт. Боз бала чоочугансып элеңдеп, сыртты тыңшаган өңдүү кулак түрөт.

— Элчибек, секет болоюн, сен менден бирдемени батынып сурай албай турасыңбы? Айта кой жанымды чабайын.

Бечара малай шашып, кайпалактады.

— Мырза келин, мен...

— Токточу, сен эмне үчүн мени «мырза келин» дейсиң?

Элчибек кайсактап босогого барып, кайра мага жакын келе калып, эңкейип шыбырап сүйлөдү:

— Сиз мырзанын колуктусу болгондон кийин, мен мырза келин дебейминби. Жаш мырза келип түшөр замат сизге нике кыйдырган жатат. Чаар күлүктү, сизди алып келгени үчүн кайниси Чортек болушка бермек болду Жусубалы бай.

— Билем... баары мага белгилүү секет.

— Силерге ошке кыйчу молдо эртеден бери үч мертебе келди.

Эчибек шашып, кеткени обдулду. Мен анын шадылары жумур колун бек кармай калдым эле, малай чоочуп кеттийби же өзү уялчаак немеби... заматта эле бети кызара түштү.

— Сен мени бүгүн түнү ала качып кет. Азаптан куткар?

— Кайда ала кач дейсиз?

— Менин элиме... жолду өзүң жакшы билесиң.

— Биздин жаш мырза, сиздин купулуңузга толбойбу?

Малай шашып ушул сөзгө араң келди.

— Анын мага... менин ага эч керегим жок. Мени зордоп алып келгенин сен өзүң көрдүң. Садагаң, мени булардан куткара көр.

Эчибек бир паска катуу ойлонду. Мага кандай дээрин билбей кыйналганынан ал бечаранын тамылжыган өңү кумсарып, кандай дээрин билбей кысталып баратат...

— Эчибек, мени ушул кордуктан сен гана куткарасың. Кагылайын курбум, мени аясаң?

— Зуура, мен жалгызмын. Сени ала качып кетсем карыган ата-энемди, бай береги зоодан учуруп өлтүрөт. Айтууга колумдан келбейт. Күнөөмдү кеч... кеч!

Кара туттарга жигит ташпай карайлап турган кыз эмнеге жанын аясын. Мен ансайын бечара малайга акедей аяла кеттим.

— Эчибек, садагаң. Ата-энең эл ичинде эмеспи... алар эптеп тырмалап оокат кыла турушат. Секетиң болойун, сен жигит болсоң кайраттанып, мени куткар.

— Зуура! Сен, мени азгырбачы. Сени кайда ала качып кетем. Силер жакка барганда кайда батабыз. Эгер чын эле качкың келсе, мен колумдан келген жакшылыгымды сенден аябайын.

Малай биздин сүйлөшкөнүбүздү бирөө угат дегенсип, шашылуубу, үйдөн буйдамга келбей качып чыкты.

— Убалдага бек бол! — Мен анын артынан шыбырадым.

Жан айласы кыйын да. Бир пастын ортосунда санаам алда нечеге бөлүнөт. Бүгүн байдын уулу келет... Мен ошонун көзүнө караанымды көрсөтпөй кетсем болот эле. Мына эми келип калар дешет. Күн кечтеген сайын менде жан жок...

## 6

Корком. Күнүлөшүм Зарылбүбү чоң үйдөн тамагы жерге тийбей текилдеген бойдон мага жетип: «Ии, капаланбай олтурасыңбы?» дейби ай! Көңүл уулап менин жайымды сураганда ого бетер ага жылыйт. Санаа тарткандандбы, бечара жан-жаш неменин бетин бырыш баскандай көрүнгөнсүйт. «Менин үстүмө катын алат» деп арданганынан бир күндө өңү аза түшкөн сыяктанат. Моймолжуган көзүнүн агынан күн чыгардын алдында көк шиберге түшкөн шүүдүрүмдөй мөлтүрөп жаш кылгырат. Чиркин ай, кайгы жаш өмүрдү карытат тура... Зарылбүбү токтоо... чыдамкай экен. Ошонусуна карашпай «сен туубайсың... сен куу шыйраксың» — дешип, аны өлөрчө кордошуптур. Кайран келиндин чыдамкайлыгына не бересиң... Ушул мен келгенден бери эле, эч кимге сыр алдырбай... жанын үрөп бээ саап... казан-аяк кармап, жүгүрүп жүргөнүн кантейин. Ал мени жектеп ардакса ичиндедир. Кайгы-зарын ичине сактагандай түрү бар. Көңүлүндө арамдыгы бар болсо, жаныма лешилдеп улам кайдан келсин. Мына, жаныма олтура калып, кызыл ала чыт көйнөгүнүн оң жаккы жеңин чечип мага далысын тосту эле, мен адегенде эч нерсеге түшүнгөнүм жок.

— Ийнимден төмөн узата кеткен кара такты көрүп, турасыңбы? Кара так бар...

Мен такты көргөндө, чоочуп кеткенимен бетимди баса койдум. Тилим күрмөөгө келбей буула түшүптүр. Зарылбүбү кичине улутунуп, кайра сурады:

— Эмне, такты көргөндө коркуп кеттиңби?

— Эң эле жаман так түшүптүр, эже. Эмне болду эле?

Келин кайгылуу күлдү:

— Бүгүн эртең менен сага жоолук салган токчойгон кара кайненемдин «сен айттырбай кирин жууп бербейсиң» деп ысык кычкачты далыма баса койгон күйөөм.

— Өлүп калат дебейби?

— А, секет болоюн сиңдим, сен экөөбүздүн өлүмүбүздү ал кабыргасын бит жегенче көрбөйт. Эң эле катынга кесел.

Дал ошол кезде, ар жактагы үйлөрдүн биринен «Ой, келиндер, бээ саар маал болду... кайда кеттиңер?!» деген үн чыкты эле, күнүлөшүм ыргып туруп, керегенин башында илинүү турган бээ саачу көнөчөктү ала койду.

— Кыйкырып жаткан ошол, эми бир кыйкырса эле «силер мени тоотпойсуңар» дейт да, кулактын кужурун алат, Кактабай канды сорот.

Зарылбүбү шашып үйдөн буйдалбай чыкты. Ошол учурда бээ саадырар балдар бир жакка кетип калышыптыр. Жанакы кайнене:

— Бээ саан болду. Баланча кайда. Элчибек кайда кеткен? Балдар жокпу? Анда алдагы жаңы келинди ээрчитип ала кой. Кулун салып бергенден анын каканагы жарылып кетпейт. Бас деймм, о бутуң үзүлгүр десе. Муну көрсөң. Ботом мени тиктейт эле тиктейт. А эмне тиктейт? Жашабай калгыр.

Зарылбүбү эшикти баш багып, кабагын чытып мага «бээ саадырып кой» дегенге оозу батпай мени жалдырап карайт. Мен жылып үйдөн чыктым. Биз желени көздөй басканда, чоң үйдөн эрке кайнене каадасынча чапанын желбегей жамынып, үйдүн жанында турса, жанакы бизге чамынган өгөйү «Биз келин болгондо жоолук салынар менен текилдеп суу алып, күл чыгарганбыз. Тетигил келин келгенден бери көзүн ачпай уктайт эле, уктайт. Агасынын төрүндө жаткансыган куу тумшук десе» дегенин уктум. Жалаң тору бээ желеде... Айгыр гана желенин тегерегинен көрүнбөйт.

— Кудай жалгап «ок жетпес» жок экен. Ал чоочун кишини таанып үйүрүнө жолотпой тээп-тиштечү эле...— Зарылбүбү көнөчөгүн жерге коё коюп, желенин четинен бир кулунду чечип энесине салып, ийиген соң, аны мага кармата коюп, өзү колу-колуна тийбей шыпылдатып саады. Ар жактан айгыр кулагын жапырып, үч-төрт бээни айдап келатат.

— Береги атырылып келаткан ошол айгырбы эже?

Бээнин төрт аягына кирип, тизесине көнөчөгүн коюп, саап жаткан күнүлөшүм койкойгон мойнун созгондо ар жактан атырылган бойдон келген айгыр көзүнө чалдыга түштү.

— Ооба, ошол тиштээк айгыр. Чет киши желеге келгенин көрсө жактырбайт. Эми коркпой эле кой, сага тийбейт.

Айгырдын сырын билгим келди.

— Бу айгырды эмне үчүн «ок жетпес» аташкан?

— Күлүк ат. Чапкан сайын чыкпай койбойт.

— Биздин Шоролуга Чортек таяке минип барган чаар атынан да күлүкпү?

— Ырас, анысы да чоң күлүк. Чаар ат ушул айгырдын тукуму...

Ал сүйлөп да, колу колуна тийбей бээни саап да жатат. Келиндин жабыр көргөнү абайлаган кишиге анын азыңкы жүзүнөн байкагыдай. Мен улам бирөөн байлап, улам бир кулунду чечип салып жатам, бээлер эң эле сүттүү экен... Улам көнөчөк сүткө толгондо, ала келген бөлөк көнөчөктөргө куя коёбуз. Бир маалда, тору-кашка айгыр куйругун шыйпактатып, кулактарын тикчийтип, жанында турган бээге оозун араандай ачып азынады...

— Ушундай күлүк атка минсем...

Бээ саап жаткан Зарылбүбү, мойнун мен жакка буруп, күрүчтөй майда ак тиштерин көрсөтө күлүмсүрөдү.

— Келелек жатып, кайда бармак элең?

— Эже, менин көкүрөгүмдө кек калган. Мени ызалап тартып келгенин сиз угалексизби? Чет-бучкагын эң бол-

Бээ догондо кичине уккан чыгарсыңар? Менин көкүрөгүмдө кек бар...

— Сөкет, сенин качууда оюң бар экен. — Зарылбүбү бээ саап жатып, термелип ойго түштү окшойт... Ал көзүн жүлжүйтүп, бир пас мелтирей калды. «Миң кылган менен күнү да, ушуга сырымды бекер чыгардым...»— мен ичимен ушундай кейидим.

— Бир жолу келбегидей болсоң, зымырасаң болор эле, а бечара, качсаң, бат эле кармап келишет. Кордукту ошондо көрөсүң... Кудайдын салганын көрөрбүз... Атаганат, сөкет болоюн башыбызды ушулардан куткарсак кана? Андай эттуу күн кайда! Ар жактан аңдып бирөө тыңшап турбасын, карап койчу.

Мен абайласам бээлердин арасынан кишинин карааны көрүнбөдү. Айыл жактан өгөй кайнене буту-бутуна тийбей деле катуу божоңдоп келатыптыр.

— Өгөй кайнене келатат эже.

— Айтпадымбы, ал анык тажаал, дайым ушинтип тымызын аңдыйт.

Биз бээлерди саап бүттүк. Кулундарына каралап желеде турган бээлер жайылып баратса, тигил кайнене «Ай! Чү-ү-ой!» деп таш ыргытып артынан айдады. Төрт көнөчөккө мелт-калт сүттү көтөрүп, биз үй жакка теңселип келатсак, маңдайдагы белестен үч атчан киши соёдой болуп чыга калганын көрдүк.

Зарылбүбү:

— Атасы таанады... Тетигил атчандардын арасында биздин доокур күйөө да бар окшоду.

Мен катуу чочуп кетсем керек:

— Ошолбу?! — деп жибердим.

Зарылбүбү белестен төмөн бастырган атчандардан көзүн айырбай бир пас тиктеп, же ошол, же ал эмес дебеди. Менин жүрөгүм лакылдап... бүткөн боюм калчылдаганын айтпагын.

— Жок, садаган Зуура, алар эмес башка. Баса, алдыдагы Тогуз-Тородон кечээ кеткен чабарман бат эле

кайдан келе калсын дейм да. Атасынын түндөгү буйругу боюнча деги бүгүн кечке... түн катып деле келип калышы ыктымал,— Зарылбүбү шашпай жай басты. Мен үй жакка жакындаганыбыз сайын акырындай бердим. Күнүлөшүм оор улутунуп, акырын күбүрөдү.

— Кээ бирөөлөр күйөөсү жолоочулап кетсе сагынат, эринин келерин күтөт... Жанакы сен көрөлөк (биздин зөөкүр күйөө сөрөйүбүз) бир жакка кеткенде мен кубанам.

Күнүлөштүн кейиштүү күңкүлдөгөнү басыла түштү. Жалмаңдап өгөй кайнене биздин артыбыздан кулагын тозо акмалап келатыптыр. Саба чоң үйдө эле. Мага анда сүзө качырып кирүү кайда! Ээнбаштык кетирсем, ал үйгө ажаан кайненелер эми эле, менин жилигимди чагар. Көнөчөктү үйдүн жанына жеткизип токтодум. Зарылбүбү андан ары көнөчөктөрдү үйгө коюп, эле кайра чыга калып берки калгандарын ташыды. Мен жылып өргө жакка бастым. Жападан жалгызмын. Мага боор оорур киши жок... Бирде бирөө караан болуп жаныма келбеди, мага жаны ачып ким келмекчи. Башына оор иш түшкөн киши карайлаганынан дагы бир арга табылабы дегенсип жанталашып, ар кимге урунат тура. Муңдуу мен байкуш кара тутуп, жүрөк сырымды малай Элчибекке айтсам ал ошондон кийин көрүнбөйт. Менден безе качса керек. Өзү өлөрчө кедей. Мен анын чабалдыгына таарынбайм... кантейин, өз таалайыма таарынам. Мен ага таарынып ыйлабайм, өз бактымдын эң тайкылыгына өксөп ыйлайм. Мени чыркыратып энемен айрып кордошту. Ошонусу көкүрөгүмдөн өмүр бою кантип кетсин. Намысымдан ошону жарык дүйнөдөн көзүм өткөнчө кектеп жүрөгүмө сактайм.

Баятан бери мен муңайып жалгыз калгандан бери бээни да саап, кулундарын агытып жиберишиптир. Чиркин убакыт, ыргыткан таштай зуулдап билинбей өтө бергенин көр... Мен үңкүйүп олтурсам, бирөө акырын ачып үйгө киргендей болду. Боз чыт көйнөкчөн, башына бир

башына эски ак жоолук салынган, чамаасы отуздарга барган балжайган сары аял, аркасына баласын көтөрүп, жаныма келди да бетимен өптү.

— Кагылайын, Зуура...

Бу кайдагы немеси дедим да, аны сүйбөгөнсүп, кара күчкө башымды ийкеп, улутунуп жөн болдум. Чыны муну кыртышым сүйбөдү.

— Сиз ким болосуз? Ушул айылдан болосузбу?

Аял кулагын түрүп эшик жакты тыңшап, акырын мага күбүрөйт:

— Ооба, мен ушул айылданмын секет. Күйөөм ушул байдын жылкычысы. Өзүм саан саайм. Атым Бүбүкан. — Кебетеси бу катын шашып турат... Бүбүкан кулагыма минтип шыбырады — Секет болоюн сен менден чоочубай эле кой. Тээ, жогорку Чет келтебиктеги чериктерде Толгонай аттуу жеңең беле, ыя?

— Ооба, ооба, жеңекебай, бар эле... — Мен ага лепилдеп жабыша калдым. Жаңыдан тамтаңдап басып жүргөн эркек баласын сүйүнгөнүмөн ала коюп, боорума кысып, өпкүлөдүм.

— Агаң Абдырай кечээле силердин артыңардан кууй келиптир. Бүгүн мында жашыруун киши жибериптир. Сен иштеп буларды жалгырып чыксаң эле, ал сени кайра үйүңө ала качып кетет.

— Жеңекебай, ырас айтып жатасыңбы? Кагылайын жеңекебай! — мен Бүбүкандан кайра-кайра шашып сурадым.

— Эч кимге оозуман чыгарбайм, менден коркпогун. Эртеңки түнү агаң сени береги туура жактагы чоң кабактагы жардын түбүнөн күтүп турат. Сен шек алдырбай кийим кечеңди алып, эл уктаган кезде короо кайтарган келиндерге көрүнбөй келе кал секет болоюн. Убадага бек болгун...

— Жеңекебай, байдын уулу жолоочулап кеткенин өзүң билесиң. Балким, ал менин багыма жараша кудайдан болуп, бүгүн түнү да, келбей калгысы бардыр. Нике

кыйыла электе бат эле алып кетсин, кудай жалгаган женекебайым, менин сообума калып, абакеме айттырып жиберсең. Мен башымдан тебетейимди түшүрбөй кыз... башым менен үйүмө аман... кетейин.

Бүбүкан эң эле боорукер, жароокер жакшы киши көрүнөт. Ал мени абдан аяп кетти, көзүнөн жаш мелт дей түштү. Ал мени жооткотуп минтет:

— Бизге кабар айткан киши небак эле кайра кеткен. Бүгүн көчө албай калдың кагылайын. Андан көрө эртеңки түнү буларды жазгырып, чык. Айланайын, сак боло көргүн... Булар билгилик кылбасын.

## 7

Бүбүкан үйдөн жылып чыгып кетти. Мен сүйүнгөнүмөн ыйлап жиберген экемин. Токтоналбай шолоктодум. Бүгүн бат эле күн батса... Тез эле кеч кирип, түн түнөрбөй кайра таң атса, эртеңки түнү абакем күткөн жарга жетсем... «кетебиз... кетебиз» дейм өзүмчө. Ушинтип жүрөгүм алеп-желеп... Ай, мындайда күн батмагы, таң атмагы бир тозок. Зарыккандан зеригем. Бук болгондон ич бышат. Жалгыз токтоно албай кыйналганыман мен чебеленем. Жаңы эле керегеге башымды сүйөнгөнүмдө: «Ой, кой келер маал жакын калды. Козуларды байлагыла!» — Бу чаңкылдаган өгөй кайнене. Босогодон шыкааласам, балдар, козуларды аркы төштөн айдап түшүп, көгөнгө байлап жатышат. Мен үйдөн чыгып, өргөнүн эшигине жөлөнүп, эки жакты карап турдум. Кээде көзүм тунарат. Аркы кырдан көп кой жабалактап чыга калганда, өгүз минген койчу «Чой» деп алдын тосконуна ээ бербей, капталдай маараган бойдон жүгүрүштү, ээ-жаа бербей жабыла жамырады.

— О, тос! Тос... тоскула балдар!

— Жамырап кетти э!

— Тетиги койчуну карасаң, деле камырабайт, — Ага мына эмесе деп эртең азык бербей койсоцор... Мындан

кийин койду маалынан эрте кууп келгенин коёт. Адам эй, өлүгүңдү гана көрөйүн какшаал.

— ...Жанакы «Батыраак» деген немеси чыккандан бери ушул койчулар, деле тоотпойт ой.

— Араң жүргөн койчу-колонду ошол Бурмаке катын бузду, ошого кудай бардыр...

Бай жалгыз дөңдө... Бер жакта козуларын байлап алышпай кажылдашкан катындарына ал кыжырланып олуңду:

— Ой, оозуңарга келгенди айтып, бабырабай, жөп коюңарды саагыла! Бурмакеде силердин эмне тиешеңер бар?

Балдар, Зарылбубүгө окшогон келиндер, буту-бутуна тийбей жүгүрүшүп козу кармашып жүрөт. Кайненелер кой саап баштады. Зарылбүбүгө кой саадырар бала жок экен. Өгөй кайнененин көзүнө мен чалдыга түштүм. Ал кой саап жатып, ээгин кемпеңдетип мага чаңырды.

— Ой, чунак келин, селдейип туруп албай, бери келип бу күңүлөшүнө кой саадыр. Жаман катын десе, айттырбай эле өзү келе койбойбу... Заманга жараша эмки жаштардын баары ушундай.

Барбай койсом бир жолу балакетине кала турганмын. Кайнене каарын төгөт. Жүрөгүм дүкүлдөп кетти. Кой саадыра баштадым. Баягы балжагай сары Бүбүкан да, кой саап жатат. Өгөй кайнене «Батырак, батырак... батырактарды көкүткөн жанагы өлүгүңдү көрөйүн чоң Бурмаке» — дейт. «Батырагы» эмнеси? Тигил кайната мени ала качып келе жатканда, Казыбектин үйүнөн ушу сөздү айтканын кулагым чалган... Эми кайненелер анча неге тиштерин кайрап каргаганы эмнеси? Быяктагыларды Бурмаке аттуу катын бийлейби? — Мен өзүмчө ушундай ойлоно бердим. «Батырагы» кишиби, мен анысына түшүнбөдүм. Кара кементайчан, башына төбөсү шоңшойгон кара кийиз калпак кийген, эки бетинин оту кып-кызыл, алаң көз, кызыл чийкил койчу кызыл өгүз минип, короо четине бир пас туруп, байдын бир үйү жакка

бастырып баратса, саанчы байбичелер өздөрүнчө «балакет ичкир, деле тойбойт» дешип күңкүлдөшөт. Булардай дөөлөттүү байлардын катындары жалданып, үйүндө жүргөн малайларын адам көрбөгөн кордукту көрсөтүп, заматтын ортосунда жектеп айдашмак эле... Тигил койчуда кандай күч бар? Не себептүү жумшап алган жалчыларына мындай коркок билиш болуп, жумшак мамиле кылат? Кой сааган Зарылбүбүдөн жапакы сөздү сурагандан нйимендим. Деги ошону билсем деп, дегдегеним-дегдеген...

Тоо башын туман чалып турду эле, кой орто саалган кезде күн күркүрөп, чагылган жарк-журк дей түшүп, адегенде шамал аралаш шыбыргак дыбыратып келип, анан кара булут көчүп так төбөгө жеткенде, мөндүр төгүп жиберди эле, кой сааган катындар, козуларды агытканча шашышып, үйгө кире качышты. Короодогу көп кой мөндүргө далысын тосуп, баштарын шылкыйтышат. Зарылбүбү экөөбүз өргөдө эшикти түрүп, босогодон карап турсак, жаңы эле агытылган жаш кулундар энелеринин жанында бүрүшүп турушат. Бир топко дейре тынымсыз мөндүр төгүп, өткүн өтө бергенде, асман чайыттай ачылды. Короодо мөндүрдөн корголоп турган койлор козуларын ээрчитип, төш таяна жайылып чыгышты. Тоонун башына күн нуру чачырап тарарына калганын көргөндө: «Күн бат эле батса экен» деп мен ичимен тилейм. Мөндүр басылар замат Зарылбүбү чоң үйдүн казан-аягын кармаганы жүгүргөн бойдон кеткен. Мен жалдырап өргөдө жалгызмын. Эки жакка басууга мага ким коюптур. Качууга болжошкон жарды барып көргүм келет. Аякка бир шылтоо таап барбасаң, кайненелер шекип калышат. Кайната дөңгө баратып: «Шайтан баскан бала бүгүн да келбей калабы?» — дейт. Аны укканда: «ылайым эле келбей калар күнү кайда» — дейм. Жылкы бийик чоң беттин этегине аркы-терки жайылды. Бытпырдай жайнаган калың койлор оң жаккы төшүндө... Бай дөңдө локуюп эки жакты карап олтурду эле, күн тегиз батканда:

— Ой, Керимбек койду бери короого айдап түш! — Бай унчукпай калды эле, кайра жоон үнүнүн бардыгынча бакылдады,— Эй, Керимбек эртерээк койду короого айда, козуларды эрте жарыкта байлап алышсын. Бол бат. Ай ушул сенин кашаңдыгың өтөт а, бу атаңдын көрү, сен жаткан кыйды томаяк, атаңды жазбай тарткан кемтумшуктун өзүсүң го. Батырак турмак деле андан аркы «Болшайбектин» өзү болсо да, ушу сеники өтүп жүрөт... Мына эмесе деп, оң көзүн олуп таштаармын.

Керимбек топтон койду айылга үркүтүп түшкөндө, бала-бакыра, кыз-келин козуларды көгөнгө шашып байлашты. Зарылбүбү экөөбүз да козу байлаштык эле, койчуну бай чакырганын кулагым чалды: «Ии бечара жаш немени кууратпагай эле...» — мен ичимен кейидим эле, каардуу кайната койчуга бир деме дегендей болду окшойт... Жаш койчу жагалдана жай баракат короого балдар ийрип, берген кой-козуну көзүн бакырайтып карап коёт.

— Береги жаш койчу жанакы Батырак деген немеси болгондон бери деле буларды тоотпой калды, — Зарылбүбү мага ушшитип шыбырайт.

— Ал «Батырак» эмнеси эжеке?

— Ким билет. Кедейлердин бир демеси дешет. Байлар барбаса керек. Беш-алты айдан бери бир киши келип, койчуларды жыйнап сүйлөшүп кетет. Мурда койчулар жыл маалына кой кайтарган акысы үчүн бир кой, бир улактуу эчки алышчу эле, жанагы киши келгенден бери биздин кайнатадан береги койчу бир жылдык акысына: беш кой, эки эчки алмак болуптур. Кайненелер какылдап (ошол койчулардын чоңун) каргап-шилеп эле жатышат. Деги анда кандай күч бар экенине менин акылым жетпейт. Айтмакчы, бүгүн тетигил сары катын экөөбүз короо кайтарар кезегибиз эмес беле...

Эми үйдө жападан жалгыз калтырап жатам. Кичине көзүм илинип, чырым этип кетсем эле, мен көрөлек күйөө бөлө калып, «Сен барымтага олжо болуп келген катын-

сыцбы? Сенин издеп аларың жок. Менин көзүмө чөп салып, койчу-колоцду же мырза жигиттерге ашык болсоц, тирүүлөй көргө көмөм» — дейт да мени үксөңдөп коркута кетет. Чоочуп ойгоно калсам, жанымда эч ким жок, жалгыз жатам. Тыңшасам, кулагыма те жайытта жүргөн жылкынын кишинегени угулса, бир туруп жылкы кайтарган жылкычынын ырдап, укуругун каруусуна илип, кырды аша бергени көзүмө элестейт. Короо кайтарган Зарылбүбүнүн муңканып «Бекбекей» айтканын тыңшасам, келиндин муңдуу үнү зээнимди кейитип, муунумду бошотот... Жүрөгүндө зары бар, бечара келиндин аянычтуу, ичке назик үнүнөн: «Мен ушинтип каламбы? Мен бактылуу болор бекемин?!» деген кубулжугансыган арманы угулат. «Кайран жаш курагым ушинтип өтүп кетеби?» дегендей туюлуп да кетет. Мен өзүмчү? Менин көргөн күнүм не болот? Качып кете албасам ошондо бактым байланат э... Жаш мырза чанып койнуна жатпаган зайыбына сыңары, мени өткөрө кордоп, ыза көрсөтсө өз таламымды талашып ага өөдө карабай таманынын алдында эзилип жүрө беремби? Жок... жок мен да, тирүү жанмын. Намысым бар. Ичимде кегим бар... Байдын уулу мени төбөсүнө көтөрүп бакса да, ага менин ичим кенедей жылыбас. Энемдин көз жашын төккөнүн кантип унутайын. Каралдым абакелеримди кордоп, мени тартып кеткенин унутуп кетсем, мени эне сүтү урар. Мен узабасмын. Жалгыз жанымдын жыргаалдуу күнүн көрбөй калармын. Бат эле таң атса... күн батып түн кирсе, безген бойдон жөнөсөм ээ.

Бир чети коркуп, кала берсе чиркин санаа өөдө-төмөн сүйрөгөндө, ушунтип ойго чөмүлүп жатып, кайсы маалда көзүм илинип кеткенин билбейм, бирөө ийнимден тарткылап, ойготконун көзүмдү ача койсом бечара Зарылбүбү... Анын көзү өңүрөйүп ары кирген... өңү шапайыңкы. Таңды таң аткыча жаагын жанып «Бекбекей» айтып короо кайтарган байкуш өлөрчө чарчаптыр. «Таң атты, тур! Кайнене-кайната турушса, ушул убакка дейре жаты-

шат», — дешип сени урушат... Кечээ сен, көгөнгө байлаган козудан экөө муунуп өлүп калыптыр. Эми кайнелерибиз биздин кактабай каныбызды сорушат» — Зарылбүбү үнүн каргылдантып зыркырайт.

— Муунуп өлгөн козуларды айтпай койсокчу.

Колу калтырай түштү күнүлөшүмдүн.

— Кайда жашырмак элек, өлгөндө да, арам өлгөнүн көрсөң, бир малы өлсө булар өлөрүн санашат.

— Кой капаланбачы... Көп козунун арасынан билбей калышар.

Азантуу келин кабагын чытып, башын ийкеп, кичине билинер-билинбес улутунду ичинен.

— Булар козуларды өңүнөн таанышат. Кой короодон чыгар замат түгөлдөйт. Мейли, козу агытылгыча муунуп өлгөндөрү көгөндө турар. Тил уга жүргөн байкуш жан дагы угар.

— Жакшы эле байлаган өңдөндүм эле...

— Көгөндүн буурчагы бекем тартылып калган көрүнөт. Түн ортосу оогондо күн дагы жааган... Ошондо жаандан корголоп короонун четинде жаткан Керимбектин кементайын жамына коюп, короонун четинде элем, өлүмгө жетпегирлер так ошол маалда муунуптур. Көгөнгө жакын болгонумда эмне козу муунуп, кыйкылдаганын угат элем.

Зарылбүбү керегенин түбүндөгү чаканы алып, маанайы пас эшикке чыкты. Мен артынан ага удаа чыктым. Кайнатанын эки үйүнүн тең түндүгүн тартып коюп, жапрак мүйүз кичинекей көк уйдун кара музоосун салып, шордуу келин шылкыйып ойго түшкөн кебетеленип турат. Үй саай баштады ал. Мен жакшы эле короо жакты акыйып, карагансыдым эле, өгөй кайнене небак көгөндөгү козуларды көрүп жүргөн экен. Бир маалда:

— Ии... өлүгүңдү гана көрөйүңдөр, кашайып карабай козуну муунтушуп өлтүргөнүн көрсөң. Ой, бетпак, бул эмнең?

Уй сааган келин үнчуккан жок. Кайнене жеп жибер-

чүдөй алкынган бойдон колун арбаңдатып Зарылбүбүнүн жанына барды.

— Эмнеге ачууландың, эneke? — келин кара күчкө билбеген кишиче сүйлөдү.

— Ай, ие, бу анткор кара беттин билмексен болгонун көрсөң... Ушул арам өлгөн көк козунун этин бүт сага шыкай албасам элеби... атама тиейин. Өлүксүз... бу эмне жоругуң?

Каардуу кайнене уй саап жаткан келинин жаактан ары тартып жиберип, чачтан алганда, бер жакта турган мен ага жаным ачыганынан алардын жанына кандай жеткенимди билбей калдым. Зарылбүбүгө жан тартып, болушуудан батына албай көзүмдү ушалап ыйлап, музоону кармаладым.

— Мында дагы бирөө муунуп өлүптүр. Ой бой, бу шүмшүк келин баарын кырмак болгон го ыя?! Кудай... кудай муну алагөр.

Өгөй байбиче өзүнө кас киши аны тикен менен сайып жибергендей секирип-секирип ойдолоп кеткенин кантейин.

— Муунуп өлгөн көп козунун бири да.

— Эмне дейт?! — Чын айтасыңбы, ой, кан кускан койчу.

— Ишенбесең, өзүң көрсөң. Түндөгүдөй калың жаанда кантип козу муунбасын.

— Козуну байлап, койду сабаганда майды бизге ким берет эле. Бөөдө чыгым. Бөөдө өлүм.

— Бир күнү кой саабай койсоңор эмне, ошондон бир демеңер короп калабы... Ансыз деле жайлата карын-карын май алдыңар. Бир тойсоңорчу. Көзүңөр тойбойт, ачсыңар!

— Айланайын ай, мунун айтканын көрсөң.

Койчунун оозунан мындай сөз укканына, байбиче арданганынан мууну калчылдап, көзү чакырая түштү. Ар жакта турган бай койчунун келекелеген сыяктуу сөзүн угуп, бир ооз бирдеме дегенге жарабаганына байбичеси өлөрчө ыза болгонсуйт.

— Кудайды карап, кичине топук кылсаңар болбойбу.

— Топук кылбаганда, биз сендей жалчылардын эмнесин жалмап, жибердик? Бу куурагырдын сөзү уу... денени күйкалайт.

— Жалмаганда да кандай жалмадыңар.

— Керимбек, сенин тилиң чыгып калыптыр го... бир билгениң бардыр дейм?! Сени тузум урсун. Бооруңа чечек чыксын. Өлүксүз ит десе.

Койчу тетири карап дулдуюп турду. Берки байбиче деле бир топту айтып, каңкылдаганда койчунун кыжыры келе түштү.

— Болду! Силер мендейлердин тилин мурда байлап жүргөнсүңөр... Мындан ары эч кимдин тилин байлай албай калдыңар... Таянган заманыңар небак өтүптүр.

Батырак болгонуңа кудай теңириңди таанбай калыпсың, койчубай.

— Ошол эле дейсиңби, жакында андан чоңурагына да өтөм.

Байбиченин күйбөгөн жери күл болуп, кантер айласын таппай тыбырчылап күйкөлөктөнөт.

— Керимбек, сен байга койчусуң. Сени кандай жумшасам менин эрким. Ойлобой жүрүп, бул какмардын кутурганын кантейин. Кудай бардыр сага.

— Кыйкырбагын... Мен өз башыма өзүм ээмин. Кулдуктан кутулганын береги караңгы Элчибек жаңы билди. Азыр бизди тилдеп багынта албайсың.

— Токто, моло! Сен Элчибекти бузбагын. Өзүң бузул.

Ансыз деле бүгүн өзүм кетмек элем. Жусубалы бай бүгүнчө койду кайтара тур дегенинен кетпей калдым эле...

— О, о-бой, бу ээн баш эмне дейт?! Сен ушуга бир пол бир деме дегенге жарабаганың эмнең?

— Акырын, байбиче. Ага эмне анча капалангандайсың. Кетем десе кетет. Калгысы келсе калат. Мындай жерде малайлар менен сүйлөшүү кыйын болуп калганын угалек белең?

— Даттанып кайда барса анда барсын. Калган акысын бербейм. Бердирбейм. Кет... кете бер, шүмшүк.

— Акысын берип койгонбуз.

— Ата, ушул өлүгүңдү көрөйүн томаяктыкы өтүп кетти эле... Эми кантебиз? Ушунун эси-көөнүнөн калгыс кылып, куусак болбойт беле...

— Болду, алкылдабачы. Ушинткенде сен бирдин ичинен чыкчу элең, — Жусубалы ар жакта кементайын, жаргак шымын таңып жаткан койчуну жайкай сүйлөдү. — Керимбек балам, байбиче байкабай сага катуу айтып койду бейм. Мунун сөзүн сен этибар албагын. Койчу таап алганча, бир эки күн аяр кыла тургун. Сен баламдай болуп калдың эле. Кой, таарынбагын.

...— Кечээ деле сизге айтпадым беле. Мындан ары мен өзүмчө байдын көзүн карабай ээн-жайкын оокат кылам.

Койчу айтканынан кайткан жок. Өзүнө тиешелүү буюмдарын бекем таңып, «Кошкула» дегенге да келбей жолго чыкты бултуңдап. Бай кантерин билбей кеттиби же байбичесине кыжыры келе түштүбү, көгөндө байлалуу турган козулардын бир тобун барып агытып... агытып жиберди. Чоң үйдүн жанында менин көрөр көз кайненем турган, ал шыпылдап баскан бойдон келди да эринин колун кармады.

— Ай, бай, кантет, ачууланбачы. Ал куур тон өлүгүңдү көрөйүндүн күнү туубадыбы. Биз ушулардын көзүн карап зарылмак белек. Кетсе, кете берер, келсе андай немелер сандалып келер. Эмне, бизге малайдын жокчулугубу. Жүр үйгө кирип кымыз ич! Чортек кайнагаңа киши жибердим.

Байдын кабагы карыш түшүп, таноосу кыпчыла түшкөнүн көргөндө мен жанымдан түңүлдүм.

— Ошол иттин азабы өтүп жүрдү эле, эбин келтирип (жанакы малайдын бирөөнө жазасын бердирип) билмексен боло калаат элем. Бу байбиченин убактысыз чабалдык кылып койгонун көрсөң. Аттиңай!

Бай-байбиче жай басып үйгө кирип дымы чыкпай ка-

ышканда, Зарылбүбү мени ээрчитип өргөөгө келип, көпкө дейре өзүнө болуша кеткен койчу кеткен жактан көзүн жабай карайт эле карайт. Мен анын неге анча карарын билбедим...

— Дегеле өткүр... жүрөктүү койчу эле.

— Эми кайра келбейби?

Зарылбүбү ичинен сыр билгизбей билинер-билинбес кейип Керимбектин кеткенине катуу кейигендей ичинен сыздап улутунат.

— Кеткени жакшы... Жаны жай алат... биз ушул күндөн кутулар бекенбиз?

Муңдуу, азапты көп тартып, ыза көргөн келиңге жаным ачыганынан аны кучактап ыйлап (бүгүн түнү качканы жатканымды) ага ачык айтуудан боло албадым.

— Сыздаган бечара ай! Сен да мага окшогон бир байкушсуң... Кой, секет болоюн өксөбөчү.

Зарылбүбү эстүү, чыдамкай, токтоо, кишичиликтүү келин экен. Жеңил-желпи эси жок күйкөлөктөгөн ургаачынын бири болгондо мени келгенден бери кергиштеп, жеп таштамак. Ал мени бекем кучактап саамайымдан сылап, көзүмдү жалжал тиктейт. Анын мээримдүү көзүн астыртан байкасам, «Бактыңды соолтот, секетим... кантейин, сени куткарып калууга менин колуман келбейт...» — ал ичинен ушундай сыздаган сыяктанат. Мен кечээтен бери көрөмүн Элчибек жылмаңдап келе калганын кебетесинен байкасам койчу менен байбиченин чырын «эмне болду?» деп ал бизден сурайт. Чыны кеткен койчунун таянганы эмне? А кандай күчтүү кишиге сыйынганынан байды тоотпостон баса берет? Бөлөк эл, бөлөк жер чет жердеги чериктердин байларына малайлары Керимбектей байга каршы берсе, ошону турган жеринен козголтпой атып таштамак.

— Элчибек, Керимбектин чоң апам менен чырдаша кетип кой десе болбой кеткенин уктуңбу сен?

Ат кошчу Элчибек муну укканда, негедир катуу чочуду.

— Койчу? Ырас эле аны кууп жибериштиби?

Аны куушмак кайда... Ал өзү тоотпой баса берди дейм.

— Жинди болгон го... жанын багып жүрө бербей бекер кеткен. Эртең эле бай анын жонунан кайыш тилип албайбы? Ал шордуу кимисине ишенип, байбичеге катуу айтты болду, а?

— Жанагы батырагына таянар. Ооба, ошонусу бар го?

— Батырагы эмнеси! Өздөрүнчө чогулган кедейлерди «кууп жибердик» дешкенин уккан элем... эмне болуп жатканына түшүнсөм эле эмне дейсиңер. Бирөө андай дейт... бирөө мындай дейт. Деги, кимисиники чын экенине көзүм жетпей койду.

— Сенден Керимбектин көзү ачык окшойт.

Чыны байдын ат кошчусу Элчибек кеткен койчунун билгендеринен азырынча кабарсызбы же кара күчкө ал жөн эле анткорлонуп, жашырып жатканын даана билүү кыйын, анткени бу малай Жусубалынын көзүнүн кареги менен тең айланат... Мен ошонусун байкабай кечээ ушуга бекер сыр алдырган экемин, кантейин, азыр, аттиң! — деп оозумду карманып өкүнүп турам. Оозу бош кошоматчы кокуй неме болсо, байга жасакерленүү үчүн... «качкан жатат!» дээр бекен. Анда бутка кишен салышып, карыш басууга зар кылышары чын.

Бүгүн күнгө дагы бир күн кошулуп, узарып бараткандай көрүнөт. Күн батканды көрөр бекемин? Качан кеч кирет? Камыгып баратам. Ичим бук болуп, бышты. Жүрөгүм алеп-желеп, көңүлүм бирде чөгүп, бирде ачылып, акылым бир жерге токтобой уйгу-туйгу. Ошол тегеректеги айыл-ападан «келин көрөбүз» деген катын-калачтын аягы басылбаганын кантейин.

Кеч бешим. Дагы козуларды байлар маал. Айылдын үстүндөгү жапыс кырда жайылган козуларды балдар короого күргүштөтүп айдашты. Балдар, келиндер жабыла козу кармады. Кечээ бир топ козуну жамыратканда жеме угушуп, жалкып калышкан балдар, келиндер козулар-

ды шашын бат көгөндөштү. Анча болбогондо козу-улак бүгүн деле жамырап кетмек экен, кырдан көп кой чуулдап жабыла маарашты. Кайненелер чакаларын каруулапына илишип, көгөн жакка басышканда, чачмончоктору согончокторуна тийип шарактайт. Кой саадырган келиндердин бир сыпырасынын кабактары бүркөө... өңдөрү да лушкы, үстү-баштары жупуну. Кайненелери же жакын абысындары келиндерди күңкүлдөп, жемелешет. Көрсө, ото ажаан кайненелеринен тил угуп, таяк жеген жеке эле шордуу Зарылбүбү эмес тура... Ушул айылдын чет жагында бир кара алачык турган, ошол Бүбүкандын алачыгы экен. Бүгүн жетимиштеги карыган кайнатасына кой кайтартышыптыр. Бүбүкан кайнатасына тамак бергени алачыгы жакка баратып, короонун четинде кой кармап жүрсөм мага: «Бүгүн... бүгүн түнү экенин унутпа!» — дейт. Кайната күндөгүсүндөй түштөн кийин дөңдөн түшпөй акыйып, жол кароо менен алек. Мен сүйүнүп жатам күн улам кечтеген сайын. Алеки сааттын ортосунда алдан нече ойлонуп, баш катырам... Элчибек күндөгүсүндөй желедеги бээлерди саадырып, кулундарды агытып жаткан.

— Келатат, келатат.

— А, келаткан кимиси?

— Мырза уул! — Кой саадырган бир келин мага сүйүнчүлөгөндөй сүйлөдү. Аркы кырдан эки атчан кишинин карааны сороюп көрүнгөндөн, мен ордуман козголбой таштай катып калсам керек. «Ой, келин, болду, сен кой саадырбай эле кой», — өз кайненем ушинтти. Өргөөгө кандай жеткенимди билбейм, эшиктен кирерим менен жабыкты түрүп шыкаалап турсам, үч атчан дөңдө олтурган байга салам айтып, учурашып, бир пас турушкандан кийин, каадаларынча камчыларын сүйрөшүп, тик эле өргөө жакка бет ала басышты. Мен көшөгөгө кирип, андан жүзүмдү жашырып тетири карап калдым. Алар кобуран үйгө киришкенде, кайдан-жайдан шыпылдап жетип келгенин билбейм, жыландай сойлоп, ойкушта-

ган кырктардагы карасур катын жүргөн, ошол көшөгөнүн тушуна тура калган өңдөндү.

— Мырза бала! Куш боо бек болсун, садагаң?..

— Э, андай болсун жеңеке. Ал кайда? Эмне жашынып калган? — Күйөө орой неме экен, жүз көрүшөлөк жатып эле, эмитен корсулдайт.

— Кантет, мырза бала, келе колуктуңдун көрүндүгүн мага, өзүм алам деген убадам бар эле го.

— Жаке! — Жанына кошо келген теңтушу болуш керек. — Кушпооң бек болсун. Сенин эмне малың түгөнүп жатты беле. Жыл сайын атаңдын аркасы менен чекеге чертип, сулуулардан тандап ала бер. Кана, бу кадырлуу жеңеңдин колун куру койбой колуктуңдун көрүмдүгүн бере сал, баатыр. Малы-башың аман. Жырга... жырган өт...

— О, о ойкуштаган гана кайран жеңекем а! Сенин көрүмдүк сурарыңды билип, атайы тигил Ат-Башынын базарына кайрылып, Анжияндын жыты буркураган атыр самынынан ала келдим, мына-мына, таарынбачы деги...

Мырза жигиттин колунан бергенин тигил жеңеси тимеле чычкан илген мышыкча, шып илип ала коюп жыттап... жыттап, эчкире күлдү:

— Ии, чечек десе, мунун өтөлгөсүнө аман болсом мен да чыгармын, — жеңеси көшөгөнү ача салды. — Ой, байдын жалгыз уулу жаш мырзанын бактысына туулган суйкайган тоту куш, ботом тетири карабай күйөөң менен жаркылдап жүз көрүш. Кебетесине караба. Эмне, кишинин «чырайын» чылап ичмек белек...

Мен жүзүмдү ала качып, көрсөткөн жокмун. Жеңеси жаныма олтура калып, ийинимен булкуп жанымды койбоду.

— Кантет! А, байкуш десе, мырза уулга жетпей зарлап жүргөн кыздар толуп жатат.

Арга канча, мен оң карасам (курулай жеринен жамандасам, эмне дейсиңер) мандайымдан көзүмө мындай

кебете көрүндү: чарчы бойлуу, эки бети тултугуй, шиш мурун чеч көз, отуздан ары оогон дөөлөттүү мырза. «Кутулалбай калсам, кайран жаш өмүрүм ушуга кор болуп туулап өтөбү?» менин тагдырыма ушул... ушул буюрдубу? Ата-энеси өңдүү... түстүү кишилер, а бу кастарлаган уулу деле алардын биржерине окшосо кудай урсун. «Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн», деген лакап таамай айтылыптыр. Жанындагы теңтушу да бир жаткан ала өпкө, көпкөн дардекенин өзү көрүнөт. Ал ала коодон:

— Жакем менен жар көрүшүп, өөп кой! — Колуман тарткылап сүйрөдү.

«Тартып өпкөн жел өпкөн... сурап ичкен суу ичкен» десем, Жакенин ачуусу келдиби, кебетеси жардын башында үңкүйүп олтурган үкү кейиптене түштү.

Мага ачуусу келгенинен окшураят.

— Мунун манчыркаганын карасаң, шашпа сени, сени бүгүн түнү эле эки чайнап-бир жутам...

Так ошол маалда, кудай жалгап Элчибек өргөөгө шып кирип келе калса болобу.

— Жаке, силерди Жусукем менен болуш чоң үйгө бат келсин, — дейт. Бу сөздү укканда, зөөкүрлөр буйдамга келбей орундарынан ыргып турушту.

— Бас... бас!

— Бу Зууранын келиндер ала барар.

Жаке босогого токтой калып, сыйлап эшик ачып турган малайдан минтип сурады:

— Аныcы ким?

Ат токур малай чеч көз мырзасын тикирее тиктеп, ага саал орой, үнүн көтөрө жооп берди.

— Бу сиздин жаңы колуктуңуздун аты Зуура. Как шаал жаштары муну «Ак-Зуура!» — дешип мактап, казал чыгарышыптыр. Сиздерди күтүп калышты, бачымыраак жүрүңүздөрчү.

## 8

Мени күйөөмө көрсөткөнү үчүн көрүмдүк алган абысыным ой-боюма койбой өргөөдөн жетелеп чыкты. Эшик кап-караңгы. Мен эч нерсени көрбөдүм. Жанагы ойсоктогон абысын жетелеп баратат. Чоң үйдөн от алоолоп күйөт. Биз эшиктин алдына жакындаганыбызда ар кимиси сөздү биринен бири жыра талашып (илгери Нойгут элин) даңаза катары кеп уруп, жатышканы угулат. Менден мурда кирген жанымдагы абысын мага айтты: «Кокуй жүгүнүп кирбесең, сени кайненелериң өлгөндөй кырсыкташат... Өзү мурда жүгүнүп кирди. «Кудай жалгасын, эркек төрөп ал. Бай бол». Үйдүн ичи жык толтура киши. Мен чыгдан жакка бүрүшүп жүйүртө бастым. Чеч көз Жаке так менин маңдай жагымдагы ээрде окшурайып, олтурганы көзүмө чалдыкты. Чортек таякеси лөкүйүп төрдө. Төрдөгү кайната тамагын жасап жөтөлүп, өзүнүн төмөн жагында бүкчүйүп олтурган чокчогой көк ала сакал кишиге кобурап калды:

— Кана, молдом, эми баштагын.

Мен үңкүйүп төмөн карап жерди теше тиктейм. Эч кимисин карагым келбейт. Үйдөгүлөрдүн өңү-түсүн анча абайлабадым.

— Бир чыны суу бергилечи? — Нике кыйчу молдо суу сурады.

— Ой, бол бат, кичине сууга туз салып дайындап жибергиле.

Байбичелердин жаагы тынбайт. Алар тигил чеч көз уулун алкап жатышат. Молдо өзүнчө бирдеме деп ичинен күбүрөп, чыныдагы сууга — «сү-ү-үф!» деп үч мертебе дем салып, оозун бүлкүлдөтүп, кесени чеч көз Жакенин жанындагы курдашына сунду.

— Никенин суусун сен ташыйсыңбы, ой? Тигил шашып кеткендей болду:

— Ооба, таксыр. Нике суусун күбө болуп мен ташыйын.

— Анда, сен эрди-катындын ортосуна нике суусун ташып, сооп аласың.

— Макул, айланайын жарыктык, Жакенин нике суусун кантип ташыбайын.

— Ме мобу чыныны колуңа ал да, экөөнүн тең үч мертебе атасынын атын атап сурап чык.

— Жарайт, молдоке.

Нике суусун ташыган киши эң мурда эркектен баштайт экен. Нике суусун ташыган шыпылдаган жигит мурда, Чеч көз Жакеге кош колдоп, нике суусун сунду.

— Ак Зуура Мамбеталы кызынын никесин сен чын ак пейлиң менен туттуңбу?

— Туттум... туттум.

— Туттуңбу?

— Туттум.

— Бисмила иракман ырайым дейсиң да бу никенин суусунан үч ууртайсың. Шайтаның бар эле Жаке, баарын кылк жутуп койбогун, колуктуңа да калсын, — деп шыбырады курдашы.

Чеч көз Жаке күбөнүн айтканын кайра-кайра кайталаган соң, эмки кезек мага жетти.

— Жаке Жусубалы баласынын ак никесин сен туттуңбу? Айт!.. айт!

Мен түк унчуккан жокмун.

— Туттуңбу деймин?! Кантет бу!

Мен дагы унчукпадым. Мага кыжырлары келишти.

— Бу эмне болуп турат?! Бу шуркуя уулумду чанабы?.. — өз кайненем ушинтип ачууланганын уктум.

Жаш неме кайнатасынан, силерден уялып жаткандыр. Дагы кайтала! Үч мертебе удаа сурасаң сооп табасың.

Тегерегимде олтурган катындар жабыла мени камап, күбүрөштү:

— Кантет! Айт, айта кой!

Жанымды койбой жаалашканда макул дебеске аргам канча?

— Туттуңбу?!

Мен акырын «туттум» демиш болдум эле нике суусун бизге ташып жүргөн арачы кайта-кайта такып маземди алганда кеседеги сууну мен акырын ууртамыш этип, колуна карматтым: «Ак нике. Буюрсун!» дешип, үйдөгүлөр дүүлдөшүп калышты. Чоң казанда эски сүр аралаш эт боркулдап бышып жатат. Менин эси-дартым кечээ Бүбүкан какшаган... жар... Катуу кайгырып кейигендеби алка-шалка түштүм. Муунум калчылдайт. Көңүлүм айныганынан эшикке бир паска чыккым келет. Тигилерден бийсиз кантип чыгууга болсун... Элчибек казандагы этти чоң кара сузгу менен сапырып, алдыртан мени шек санагандай тиктейт. Шек алып турабы? Чоочуп кеттим. Өзү малай, кантип бул мени аябай сырымды ачсын. Балким, жаш бозой мени жөн гана суктана карап жаткандыр. Демим кысылып кыйналып баратам. Таңдайымда так катып кургайт. Мага ким суу бермекчи? Зарылбүбү ары карап күйпөңдөп казан-аяктан колу бошободу. Береги олтурган сакалдуу-көкүлдүүлөрдүн көзүнчө андан суу сураганым чеки. Бу эт качан бышат. Айылдан келген меймандар никеге союлган ириктин этин жемейинче кууса да тарашар эмес. Жана мени боз үйгө ээрчитип келген ойсоке абысыным кыраакы неме экен, мени жал-жал тиктейт: «Бетиң албырып чыкты... сенин бир жериң катуу ооруп турабы?» — Бир шылтоо табалбай араң турган курган жаным «чыдай албай жаным жер тартып турат» — десем, ал ырайымдуу немеби... кайненемин кулагына шыбырай койду. Биларман байбиче да: «Өргөөгө барсын» деп күбүрөдү. Өргөөгө кандай жеткенимди да билбейм, барып бүк түшүп жата кеттим. Мени менен кошо келген кыз бир деме деп кобурап жатып, тарс катып уктап калды.

Жылып эшикке чыгып тегеректи абайласам келиндер короо кайтарыша элек экен. Эки жакта басып жүргөн бир да киши көрүнбөт. Айыл арасы жым-жырт... Абакем болжогон жерге келди бекен? Эртерээк качсам ко-

кус ал келелек болсо, анда канттим? Өз кийимим салынган кичине куржун оңтой жерде катылуу эле, ошону ала чыгып, тезектин жанына ката коюп, абайласам, кишинин карааны түк көрүнбөйт. «Ай, эмне болсо да ушундай ээнчиликте качайын. Эт жегенден кийин, Чеч көз келип мени карыш жылдырбас». Мен жүгүргөн бойдон жар жакка баратам. Бир аз узай түшкөндө тыңшасам чоң үйдөн киши чыккан өңдөнгөндө, ошо жерге, лып жата калдым. Анткени, кокус жазып-тайып издешип калышса, шек алдырбай кайра бара коймок элем. Жок, тынч... эч ким менден шек албаптыр. Күндүз жар жакка барарымды божомолдодум эле. Безеленип баратам. Караңгыда үч жолу көмөлөнүп кеттим. Жарга кандай жеткенимди да билбейм, байкабай бир жеринен кулап түштүм. Мал үркөндөй болгондо, акырын: «Так... так» деген үн угулат. Капыстан мен жапыс жардын кырынан түшкөндө аттар үркүптүр.

Абакем мени коштон келген атка көтөрүп мингизе коюп, жөлдирө бастырды. Мени кандайча жазгырып качканымды суроого, анын чамасы кайдан келсин. Асманды жылчык чыгарбай бүт булут каптагандын кесепетинен көзгө сайса көрүнгүс караңгы... Жол таап бастыруу кыйын. Түнөргөн түндө, биз жолдон адашканда, бирөө кармап алчуудай жүрөгүм опкооджуйт... корком. Кантейин, бат эле жүрөк токтотуп кайраттана түшөм. Абдырай байкем мени жетелеп алган. Түнжураган түндө бирде ойго түшсөк, бир дөңгө чыгабыз. Жолсуз жер менен баратсак керек. Бир далай жол тарткандан кийин, «Четкелтебектин башы Карала-Таш» белинин түбүнө жеткенибизди абакем айтканда гана мен кичине эс ала түштүм. Бет алдыдагы бийик белди ашып кетсек эле, өз жериме жетип барычуудай жыргап баратам. Тегеректен айыл да байкалбайт. Тоо ичи жымжырт. Бир маалда ит улугандай болду. Жакын эле жерден дагы улуганда, абакем аттан түшүп ээр-токумун оңдоп токунду. Ал мени коркот десе керек, карышкырдын улуганын мага билгизбеди. Бил-

гизбөөгө тырышканын мен сездим. Биз өр талаша бергенде аттар күшүлдөп жай жүрдү. Жакын эле тегерегибизден карышкырдын улуганы даана угулду.

Караңгыда карышкырларды жытынан кишиден мурда айбандар билет көрүнөт... Аттар да бир шумдуктун болорун сезгендей, кулактарын тикчийтишип, кошкуруп, кээде кетенчиктеп жөн баспайт. Туш-туштан кылак эткен караандар улам көрүнгөнсүйт. Улам бара-бара биздин тегерегибизге жакын келгенде, аттар басалышпай калч-калч этет... Карышкырлар алды-артыбызды тоорушту. Адамдын жырткычынан өлгөн-талганда качып кутулсам... эми абакем экөөбүз чыныгы жырткычка жем болобузбу? Абдырай байкемдин кызыл чиедей жаш балдары бар эле... Азуусун аркайткан көркоолор бизди жеп кетсе, балдары жетим калса, жетимдердин көргөн күнү не болот... Кудай жалгап абакемдин жанында оттугу бар экен. Ошол оттугун майташка жарк-журк эттирип чакса, бизди тооруган ач бөрүлөр житип жолго түшүштү. Кыянын жээгиндеги куусан чөпкө тутандырып от койгондо карышкырлар тиштерин шакылдатып оолакташа кетет. Жүрөк түшүп калды. Топ карышкыр бат эле кайра жакындаганда, мен эмне кыларды билбей калдым. Абакем атын жетелеп улам кыянын жээгиндеги кууραган жалбыракка жалынды койсо, көк аралап чөп дүрт дей түшүп кайра жалп өчөт. Жалын кайсы жакка ыктап жалбырттаса, биз ошол тарапка ээрчидик. Кара терге түштүк. Топ карышкыр от өчөр менен эле кайра камашат. «Карала-Таштын» бетинде караңгыда карышкырга каматып, арандан-зорго жылып баратабыз. Менин деним өлүп калыптыр.

— Таң атып кетсе... булар бизге катыла алышпай калат эле. Мына кууραган арча бар тура, ушуга от коёюн. Карышкыр болмоктон андан аркы жети баштуу желмогуз болсо да, оттон чоочуп даай алышпас.

Кууραган арча бат эле дүркүрөп күйгөндө, тегеректин баары даана көрүндү эле, купкуу-купкуу топ карыш-

кыр жер соруп кеткенсип, көз ачып жумганча житип жоголушту. Аттар да, өзүбүз да эс ала түштүк. Биздин багыбызга жараша таң атып, жерге жарык түштү. Биз кичине жаныбыздан үмүт кыла баштадык. Қанкор жырткычтар ошондо да бизди жейбиз деген үмүт менен айланчыктап оолактан тоорушту. Абакем кууураган четин таякты колуна кармап, бастырып баратат. Биз тырмалап жол узарта бердик. «Қара-Таштын» кырына чыкканда, чыгыштан күн нуру кызгылтым тарта баштады. Ошондо гана бизди тоорушкан карышкырлар тигиндей оолактап чыга беришип, ар кайсы жерге соксоюшуп турушканын көрүп баратабыз. Көркоо бөрүлөрдүн түрү суук ...Биз кара-таштын туу белине чыкканда кичине эс алдык. Қарышкыр тилсиз жоо... жан алек-чалек. Қагылайын Абдырай байкем ошондо кайратынан жанып койбогонун кантейин. Байкем жаман айтпай, жакшы жок... жолдо алда кандай күнгө туш келебиз десе керек, кол чаначка айран куюп канжыгасына байланып алган экен, ошондон мага жуткузуп, өзү да жутуп алган соң, узап кетүүгө тырышып, катуулап жүрдүк...

## 9

Биз минген аттар чабал. Анын үстүнө түндө качып келатканда тоо-ташка урунуп өлөрчө чарчашкан. Биз илкип арац белден түшүп, шыдыр жолго жеткинче бир топ убакыт өтө берди. Куугунчуларга жеткизбей узап кетсек деп чаалыккан аттардын жанын койбой катуулаппык. Ангычакты туура жагыбыздан аттардын дүбүртү угулду. Колуң жамандыкты көрбөсүн, эми канттик? Қыйкырыктап кулак тунат:

— Токто!
— О-ой, токто дегенде токтогун!
— Карма! Карма дейм.
— Иттин гана уулу.
— Башын жара чап!

— Аттан оодара тарт!

— Муну көрсөң, келин ала качат. Бу кандай жүрөгү тоодой неме эле?

— Жаке мырзаны чанган мындай шерменденин чачын кыркып ташта.

— Бетин тилип туз сал.

Куугунчулардын мингендери жер баспаган күлүк айгыр... жана ок жетпес чаар ат. Анан кантип алар качкан кишини узатышсын. Куугунчулар чуулдашып жете келип, адегенде эле абакемди карсылдатып сабап калышты. Кыязы, биз качканда алар башка жолго салып, биздин туура жагыбыздан чыгышканбы... Бирөө мени арт жагыман камчы менен тартып-тартып жибергенде кылчайып карасам баягы мага күйөө болчу Жаке экен. Анын оозунан ак ит кирип-кара ит чыгат. Мен тоо кызы эмесминби камчыга денем ууга түшкөндө жаным кашайып, этим ачына түштү. Мен аны менен беттешип чабыша кеттим. Ар жактан бир куугунчу:

— Атаңдын көрү э-эй, тигини карасаң, миң кылган менен (кыз Жаңылдын тукуму да) ботом Жакеге бет алып чабышты, — дегени кулагыма шак дей түшкөндө, туурадан бирөө мырзага болушуп мени төбөдөн ары тартып жибергенде, көңүлүм караңгылай түшүп араң оңолдум. Мени аттан оодара тартышты. Куугунчунун бир топтору абакемди тегеректешип, сабап жатышат. Абдырайдын башы-көзүн жарып жиберишиптир. Мен чыркырап аларды көздөй жулундум.

— Абакемди урбагыла!

— Бас жаагыңды бетпак!

— Мунун чачын кырк.

— Жыланач этине кара кементай кийгизип, чолок куйрук байталга мингизип, кордогула!

— Жакенин аягына жыгылып тизесин кучактасын.

— Мындай эр тандаган шуркуяны тирүүлөй көргө көмгөн киши соол табат.

— Көзүн чукугун... көзүн.

Көпкөн куугунчулардын экөө башымдагы жоолугумду төп талаша жулуп алышты эле, мен саксайып жылаңбаш калдым.

— Бах, чиркиндин чачынын узундугун ай! Тимеле кундуздай капкаралыгын карасаң. Тө-өх... чач эмес бекен ай!

— Эмне, кыркканга сенин колуң барбай жатабы?

— Тур мындай, мунун өз убалы өзүнө жетсин. Байдын уулу Жакени чапат имиш. Мунун кесирин көрсөң.

— Ой, балдар, болду эми, койгула! Калган өчүңөрдү айылга барганда аларсыңар.

Карасам бу баягы болуш экен. Ал ар жакта оолак туруптур. Калыбы арт жактан жаңы келсе керек. Ат менен өмүрөөлөгүн сабашкан куугунчулар кичине басыла түшүп эле, Жаке: «сойбойсуңарбы!» — десе кайра (көбүнчө байкемди) карсылдатып, шылып киришти. Мен ого бетер чыркырап жибердим.

— Эй, жигиттер, болду! Буларды алып айылга жөнөгүлө.

— Чоке, муну атка мингизелиби?

— Минсин. Тигил агасын алдыңарга салып, жөө айдап жөнөгүлө! Ага убал жок.

Болуштун сөзү эки болгон жок. Куугунчулар бизди кайра алып жаңы эле бастырышты эле, алды жактан шайлуу кишилер карып-куруп чыга түштү.

— Аттиң ай! Кокусунан чек арачы аскерлерге кезигип калдык я...— Чортек ушинтип өкүнгөнүн уктум.

Тигилерди көргөндө байкемди шашып атына мингизе коюшту. «Эмне үчүн минтишти?» Мен өзүмчө айран-таң калдым. Көрүнгөндөр бизге алеки сааттын ортосунда куюндай сызган бойдон жетип келишти... Мындай кишилерди мен мурда көрө элек элем. Жүрөгүм үшүп калган жаным коркуп турдум. Үстүнө кийген кийимдери бүт бопбоз... Асынган жарак-жабдыктары бар. «Ат-Башы, Нарынга илгери орус келгенин көргөнбүз» деп апамдын мен тестиер кезимде айтканы эсиме түштү.

— Токто! Токтогула!

Эң учкун алдыда, ак боз атчан, үстүнө кызгылтым күрөң булгаары бешмант кийген. Башына төбөсү шоңшогой неме кийген... асынганы кылыч, белинде тапанча... Шыңга бойлуу, жазы маңдай, кырдач мурун, муруту керилген, көзү жайнаган мүчөсү келишкен, сүрдүү киши:

— Қо-ош, силер кайдан келе жатасыңар?

Куугунчулар жан талашып жабыла чуркурап жиберишти.

— Берегилер качкын окшойт.

— Тигил чет жактан келишкен немелербиз.

— Чекти бузуп өткөн чалгынчы көрүнөт.

— Анысы аз келгенсип мобул келинди бузуп, ала качып баратыптыр.

— Анык өлөрман немеби. Ботом силерге айдап баралы десек, кайрат кылып, бизге кол салса болобу.

— Таксыр, бу митайымды сизге көрсөткөнү карматып бараттым эле...

— Мен сиздин таксырыңыз эмесмин болуш. — Тигил сүрдүү жаракчан киши өзүн «таксыр» дегенге саал териге түштү. Куугунчуларды бир сыйра шашпай тиктеп, өлөрчө таяк жеген Абдырайдын кебетесин көргөндө, ал башын чайкап дагы такып сурады. — Бу кишини неге анча урдуңар? Қылган күнөөсү кайсы? Өлүп калса кантет элеңер?

— Өзү анык жан кечти өлөрман ит экен.

— Бизге бул мурда тааныш киши эле...— анан... — деп Чеч көз Жаке бирдеме демекчи болуп, бараткандa, кыраакы таякеси анын оозунан сөзүн жулуп алды.

— Сен коё турчу, Жаке. Чыны, булардын айылы менен илгээртен бери биздин катташыбыз бар эле... ошондой болсо да, быякка каттоо үчүн (сиздей жаңы өкмөттөн) мандат алууга тийиш эле... Сизге мен карасанагым келбейт. Қолуман келишинче чекти бузуп өткөн буга окшогон тыңчыларды кармап берүүгө мен өзүмдү милдеттүү деп эсептейм...

— Андай эмес чыгар, болуш мырза?!

Бу сөздү укканда, айлакеч болуш жанын үрөп, чыйпыйы чыгып, шашканынан күрсүйгөн оор денесин өөдө көтөрө ат үстүнөн эргий сүйлөдү:

— Чек аранын ар жагындагы чериктер келип биздин Ат-Башыдан жылкы тие качышчу. Мүмкүн береги жан кечти неме ошондой, арам ой менен чет жерге... чет элге атайы келген кишидир.

Жабдыкчан киши Боз атын кичине теминди эле, аты өкүм экен бер жакта турган менин жаныма жете түштү.

— Сиз, өкмөт кишисиз го. Мага ишенсеңиз. Мен кантип кадырлуу башым менен жаңы өкмөткө кара санайын.

— Мобу жаш келин да, Ак-Сай, Арпадан мал тийип алганы келди деген турасызбы? Кыясы, сиз бу экөөнө ошондой жала жапкыңыз бар го?

— Бу биздин жаңы келин эле... Көөнү бузулуп ушул жүлү каранын азгырган тили менен качыптыр. Балдар артынан кууй келишти. Мага ишенбесиңиз качкан келиндин кайнатасы береги Жусубалыдан деле сурасаңыз. Ушундайлар Кеңеш өкмөтүнүн сиздей ак ниет кишисине карасанашат. Жусубалы, сен үңкүйбөй чынынды айтсаң болбойбу?

Кайната кайнагасы болуш жанын койбогонуна амалсыздан араң күңкүлдөдү:

— Ушунун убалына береги шайтан киши калган белем... Мен ардангапыман адепсиз ээн баш доңузду көк ала койдой сойдурдум. Мындай бузукунун мендей кадырлуу байды кордогонун сиз эсиңизге аларсыз.

Колу артына байлалуу, кийими тытылган, бети-башы кан жууган абакем кууганчулардын арасынан жулунуп алдыга чыкты. Абакемдин көзү үңүрөйүп ары кирген... араң эле адам сөлөкөтү калыптыр. Мен боздоп жибердим.

— Кагылайындар! Мен быякка кастык менен жүргөн силерге душман киши эмесмин. Чортек болуш силерден кошпарынан, жоон топ жигит-жаланы менен түпүчүндө

биздин айылды камап... береги карындашым Зууранды тартып келген. Кордукка чыдабай мен артынан удаа кууй келдим. Ырас, мен карындашымды азаптан куткарып ала качып, бараттым эле. Ат-Башы, Нарынга кедей өкүмөтүнүн чыкканын мен кечээ билдим. Сиз кедей кишиси көрүнөсүз. Карындашым Зууранды эзүүдөн куткара көр, айланайын улук.

— Жалган. Бул качкын! Ишенбеңиз буга.

— Болуш, мобул Жусубалы бай экөөң эми мени тааныбай каласыңарбы? Силер элди курутуп келдиңер. Бизди далай чаап алганыңар жалган беле? Кана мага тике карап, төгүн дечи?

— Тарт тилиңди, жалакор айбан! — Болуш байкемди жекирди. Ал берки турган боз атчанга жалпактап минтти.— А, урматтуу Акбайуп. Келиндин бул митайым эч кандай жакын-макыны эмес болуш керек... Эселек жаш немени азгырган бир зөөкүрдүн бири чыгар. Бу Какшаал элин эзип келген чоң манаптын тукумунан... Мен муну билем.

Абдырайдын жаны эми анык кашая түшүп, дагы кыйкырып жиберди:

— О, айланайын адилет улук, бу кандай абийирсиз залим киши? Менин ата-бабамдан эч кимиси манап болбоптур. Садагаң кетейин, алдагы буркурап турган карындашымдан деле сурасаңыз? Мунун айткандарынын баары жала! О, бу киши эмес, анык азезил турбайбы?

Кордук көрүп жаны кашайган байкуш байкем маңдайында турган сүрдүү боз атчан кишинин алдына чөгөлөп, жалынып жиберди. Боз атчан киши саал ыңгайсыздана түштү. «Ой... ой коюңуз, минтпеңиз?... — Ал өзүнө оро пара турган Чортекти сүрдүү көзүнүн кыйыгы менен акырая тиктеди.

— Командир Акбайуп, муну катуу текшерүүңүздү сизден зарлап суранам. Сизди көргөндө бу митайым өзүн өзү муштап, кийимин тытып, эми урду деп, бизге жала жаап жатканын карасаңыз. О, кудай, я тобо-о!

Болуштун көз көрүнө жалган айтканына, жаным кашайганынан бетим ачыла түштү.

— Кагылайын акебай, Шоролу деген жерден ушул киши мени тартып келген да, береги турган жээнине түндө эле нике кыйдырды... Мени төшөккө жаткырууга үлгүрө албай калышты. Мобу бир тууганым артыман келип, кайра ала качып баратканы чын. Бизди булардан куткарып коё бердириңиз? Мен мунун колуна түшсөм, жаш жанымды жайратышат. Айланайын акебай, бизге боор оорун, азаптан куткара көрүңүз.

— О, жашабагыр! Жаштайыңда жайрап каларсың.

— Тилдебеңиз, Чортек мырза. Сиз, өмүр бою аялдарды адам катарына көрбөй эзип келген адатыңызды, эми ушул жаңы өкүмөттүн тушунда деле коё берелек экенсиз го... Биз түнү бою чалгында жүрдүк... Те алыстан дүрбү менен карасак силер булардын артынан быяккы төтө жол менен кууп жеттиңер. Береги кишини атка сүйрөтүп токмоктодуңар... ошону бүт мобул турган чек арачы кызыл аскерлер көрүп турушту. Балким, сиз танып кетүүдө оюңуз бардыр?..

— Жолдош Таабалды!.. — болуш саал мукактана түшүп, анан дагы бир деме демекчидей обдулуп баратты эле, боз атчан кишинин шаңкылдаган үнү анын үнүн басып өттү.

— Айыңка буюрбаңыз, мырза. Мени «өзүңүзгө жолдош» деп атабаңыз. Экөөбүздүн жолубуз эки ача... Мындан аз эле күн мурда жаныңызга кырк киши алып, Ак-Суу, Арпаны басып... чектен өткөндө, сиз аякка, ушул тоолук кызга көз артып барган экенсиз. Аттиң ай! Ошондо жер сырын билгендик кылып, Жусубалы бай экөөң биздин чек арачыларды жазгырып, кете берипсиңер.

Кылыччан киши сүрдүү көзүн ойноктотуп, жоон топ атчандарды бир сыйра тиктеди...

— Таабалды, илгээри-кийин деле жүз көрүшөбүз... Мени коё бергин... Намысымды кетирбей келинди деле өзүбүзгө тапшыр.

Чортектин бу кебин тиги жактырбаганын кебетесинен байкап, мен сүйүнүп кеттим.

— Ну, жарайт. Тигил азап чеккен бечаранын колун чечкиле! Калган чырыңарды штабга барганда чечишербиз.

Абдырайдын колун дароо чечишип, өз атына мингизишти. Чортек түк унчуккан жок, ал кабагын чытып мурчуят... кебетеси мага кекээрдүү... Максаты менин таалайымы талашып, бактымды алгысы бар...

Аскерлер куугунчуларды айдап жөнөштү. Кайда барарыбызды билбейм.

— Кызыл аскер Байбосунов Кул.

Боз атчан чакырганда, аскердин арасына бир кыргыз жигит шашып жанына жетти.

— Мен сиздин сөзүңүздү угууга даярмын, жолдош командир.

— Буларды бүт бойдон штабга айдап баргыла. Балким, ага дейре мен артыңардан жете барармын.

— Жарайт, жолдош командир.

Боз атчан киши жанына бир аскерин ээрчитип куюндай сызган боюнча бөлөк тарапты карай аттын оозун коё берип, зуулдаткан бойдон көздөн кайым болду. Аскерлер баарыбызды тегеректеп баратышат.

Эч ким унчуккан жок, бир аз бастыргандан кийин жана боз атчан киши кетеринде буйругун берген Кул деген аскер ичинен кыңылдап ырдап баратты эле, алды жакта үстүнө суу койсо төгүлгүс, жол жоргосу бар чаар күлүктүн үстүндө чайпалып бараткан болуш аскерге кейиштүү куңкулдөдү:

— Таабалды Акбайуп алда кайдан бизди кандайча көрө койду болду? Ал иттин көзүнүн көрөнөктүгүнө не бересиң.

Аскер ага кыскача так жооп тапты:

— Биз түнү бою чалгында жүргөнбүз, начальник чалгынга чыкканда кайдан болсо да баарын жазем дебей бат көрөт...

— Олда иттики ай! Кырсыктын жүрүп турган маалына мунун бизге туш келе калганын карабайсыңбы? О, жараткан, өзүң колдойгор?

Аскер ага кайрылды:

— Сүйлөшүүгө болбойт.

— Абдырай, кудай кошкон куда элек... Биз сенин алдына түшөлү... текшерип, дастаниялаганда, сен «Биз өзүбүзчө жарашалы десең?» — булардын бизди коё бербеске чарасы жок... Сага эскертип коёюн, бу өкүмөттүн колуна бир түшсөң сени оңой эле бошото койбойт... Кан... менин каныма сен забын болбогун. Анда өмүр бою тукумум сага кас болот.

Көкүрөгүнө кек түйүп калган Абдырай байкем, болушка жооп кайтарбай асманды карап мурчуят. Митаам болуш ыгын таап аскерди имермекчи болуп асылат:

— Жолдош кызыл аскер!..— Жанакы Кул деген аскер ага зекитти:

— Сиз кандай сөз укпаган кишисиз?! Бул качкын... Сиз куугунчу... демек, силерге азыр сүйлөшүүгө тыюу салынат дедикко.

Өлөрчө өжөр болуш миң мертебе айтса да тоотпойт.

— Кул, сен мага бала катары болуп калдың эле. Бизди бу балээден эптеп куткаргын? Бу иштин аягы чоң чырга айланган турат.

— Жок, болуш! Сизди бошотуп жиберүү менин колумдан келбейт. Өзүңүздү деле мурдатан колго түшүрө албай жүрүшкөн. — Аскер атынын оозун тартып бизге кылчактап, саал кийиндеди.

— Э, айланайын, жанагы ким деген киши? — Абдырай байкем андан акырын астыртан сурады.

— Ал биздин отряддын башчысы. Таабалды Жукеев деген киши. Аны бу Ат-Башы, Нарын багытындагы эл «Төңкөрүшчүл Акбаев» дешет.

Абдырай байкем экөөбүз аскердин сөзүнө, айтканына анча деле жете түшүнбөй калдык.

— Төңкөрүштүн кандай мааниси бар? — байкем жандай бастырып баратып, аскерге асылып такыды.

— «Төңкөрүш» деген — революция деген сөз... Ай, сиз ага азыр түшүнбөйсүз го. Акырындык менен түшүнүп кетерсиз.

— Айланайын, биз караңгыбыз... жанакы айткандарыңды мен мурда уккан жок элем.

— Кеңеш өкүмөтүнүн анык өз кишиси. Көптөн бери коммунист болуптур... Ак падышанын бийлигин кулатууга катышкандыгы үчүн, Таабалды көп жылдар бою айдоодо жүрүп, түрмөдөн-түрмө кыдырыптыр... Өзү жаткан кедейчил. Эзилген элди жакшы көрөт. Мына эми деги кичине бирдеме түшүнө алдыңарбы?

— Ата, айланайын ай, анда ал мага окшогон букараны жактайт турбайбы.

Аскер ийниндеги мылтыгын оңдоп асынып, Абдырайды таңыркагандай тиктеп, билинер-билинбес мурутунан жылмайып койду. Менин ага ичим жылый түштү.

Ой, абаке, караңгы эле бойдон көрүнөсүз. Биздин жаңы заманды силерге жакшылап түшүндүрүш керек экен. Шашпаңыз, тыякка барганда өкүмөттү өзүм сизге баштан түшүндүрүп коём. Береги кетип бараткан болуштун үйүндө мен бир жылы малай жүргөмүн. Өзүм Куланактыкмын. Азыркы заман буга окшогон байлардыкы эмес, бизге окшогон кедейдики, сиз ошону билип алыңыз. Те алды жактан көрүнгөн төрт боз үй, биздин штаб.

«Штабы» эмнеси? — Аңгыча арт жактан бизден бөлүнүп бөлөк кеткен боз атчан зуулдаткан бойдон жете келип, өтө бергенде аскерге мурдагыдан катуулап бастырышты. Бет алдыдан көрүнгөн боз үйлөргө заматта жеттик. Ортоңку үйдүн түндүгүнөн чыккан кызыл желек тоо желине желбирейт. Мылтыкчан бир аскер ошол үйдүн эшигинин жанында зыңкыйып турганын көрдүк. Мен андан көзүмдү айырбай таң калып, карай бердим. Боз атчан киши атынан түшүп эшикте ойлуу аркы-терки басып турат... Ал орусча бирдеме деп аскерге, куугунчулар-

ды көрсөттү эле, Кул болушту өз кишилери менен бир бөлөк, бизди тигиндей оолак бөлүп койду... Ат бүткөндүн баарынын ээр-токумун шыпырып коё беришти. Ошондо абакем экөөбүз мындан ары кандай күнгө туш келерибизди ойлой-ойлой санаа чектим.

Улуу шашке. Көк шибердин үстүн жайпай салкын тоо жели жанды сергитти. Ачка кезердик. Кутурган куугунчулар чанач-чанач кымызды, бышкан этти канжыгасына байлана чыгышыптыр... Өздөрүнчө чардап ичип-жеп жатышат. Абдырай байкем үңкүйүп кырынан кыйшайды. Арыз-арманымды кимге айтам? Мен кайгырууну да унуттум. Бизге болушар жакын боорукер адамга кезигер бекемин? Аскер башчысы үйүндө. Мен ошону көргүм келет. Ооба, ошону жеке көрсөм ичимдеги муңумду ага бир ооз зарлап айтсам, ал боорукер киши окшоду, муңдуу кызга жаны ачыр деген үмүттөмүн. Андан ырайым үмтөтөм. Аскер башчысы мени кайра бай уулунун колуна карматса, таш боор неме кара көзүмдү каштайтып, тилегимди соолтот э... Боз атчан киши мени азаптан куткарар бекен? «Мен карып кызмын. Мени аяй көрүңүз? О, жакшынакай улук! Мен күң болгум келбейт. Тигил таш боор мырзага мен кантип токол болом? Ал менден мурда бечара Зарылбүбүнү эси-көөнүнөн кеткис кылып, кордоптур... Анын көз жашы кургаар бекен?» Олда, бечара Зарылбүбүнүн кечээ күнү зар какшаганы ай! Анын муңдуу үнү азыр да кулагыма угулгансыйт... Шорум арылбай калса, Жаке мени өлөрчө кордоору белгилүү. Жанакы кишинин карааны көрүнбөдү. Мен тирүү жанмын... жашасам дедим эле... Кокус, ал менин зарымды билүүгө көңүлүн бир паска бөлсө. «Мырзадан көңүлүм калды, мени ошого кайра бергенден көрө, сиз кылычыңыз менен башымды кыя чабыңыз?» дээрим чын. Өмүрлүк кайгыдан кутулар бекемин? Ошентип зарыгып турсам, ал киши үйдөн чыкты. «Айланайын ырайымдуу киши бизге окшогон карып жакты карасаң. Бизден көзүң айырбай тиктечи? Мени тиктей түшүңүз. Биз карып-

чылыкты тарттык. Карачы кебетебизди... Мени аясаң? Сенин да мага окшогон сүйгөн жаш жарың бардыр. Анын да бир кезде жүрөк зары болсо, шорун сиз арылткан чыгарсыз?» Мен ушинтип кыялга түшүп турдум. Ал киши Кулду чакырып, ага акырын бирдеме деген өңдөнду эле, аскери бизди көздөй шыпылдай басты.

— Силерди Жукеев тетигил үйгө киришсин дейт. Жүрүңүздөр.

Мен жан алым калбай сүйүнүп кеттим. Биз кирген үйдө орто жашап калган зайып бар экен. Абдырайдын коркунучтуу түрүн көргөндө, кудай көрсөтпөсүн ал деле жаман катуу чочуду.

— Апий, бу кишини такыр жанчып таштаишканбы? Олдо убал-сооптон коркпогон каргыш тийгирлер ай. Муну урган ким?

— Болуш жанчтырыптыр. Таабалды кароолдо жүрүп дүрбү менен көрүп, куткарып алды, анча болбогондо мунун ажалы жетмек...

Аскер жигит үйдөн буйдамга келбей кайра чыкты. Боорукер катын экөөлөп, Абдырайдын тытык боз чепкенин чечтирип кан болгон бети-башын жуудук. Башынын, үч жерин жара чабышыптыр. Денеси бүт бойдон камчынын тагы... Бу ушулардын ашмачысы го. Деле боорукер жакшы киши көрүнөт. Бизге жан-алы калган жок. Такты көргөндө ал абдан кейиди.

— Бу келин сиздин эмнеңиз эле?

— Карындашым аяш. Ушунун айынан ушунчалык кордук тарттым.

— Жукеев адилет... кедей дегенде ал жанын таштайт. Өкүмөттүн мыйзамына жараша алардын жазасын колуна бердирербиз.

Аял бизге шашып боорсок, кымыз бердирди. Мындай сонун неме болорбу. Жаракөрлөнүп улам бирдемени «жегиле» деп суна коёт. Дал ошол учурда «Бирден киргиле!» — деген жанакы Кулу аскердин үнү угулганда эле, беркп үйдөгү аял эшиктин бир жагын кыйшайтып башын

чыгарып, «Ошентсин, дөөлөтүнө чиренген арамдарды» дейт кекене.

— Эмне болду аяш? — Жүрөгү үшүгөн Абдырай такып сурайт.

— Тигил силерди урган куугунчуларды Жукеев суракка алып тескегени чакырды. Болуштун кедей-кембагалга көрсөтпөгөн кордугу эзелде көкөйдөн кетпес... Ушул Кеңеш өкүмөтүнүн тушунда, ал төбөндөн ургур илгээрки өкүмдүгүн коё берелек... Таабалдынын колуна иниң түшө элек жүргөн. Чортек эмес тигил, Казы манаптын сазайын колуна берип, оолдуктаган Жукеев эми Жусубалыга кантип алы жетпей калсын.

Биз кулак түрүп, сурак жүрүп жаткан аркы үйдү тыңшасак, сөздөрү бүдөмүк угулат. Токчойгон кайкы мурун кара тоголок боорукер катын үйдөн жылт берип жок болду.

— Быякта буларды жактар кедей өкүмөтү чыгыптыр... А болбогондо болуш мени койдой мууздап коймок. Зуура, непаада аскер бизди терген калса, сени эриксизден тартып келгенин зарлап айтагөр айланайын.

Азыр эле үйдөн чыккан кайкы мурун катын кайра кирип, бизди сүйүнчүлөгөндөй минтти:

— Чортекти жылаң баш, тикесинен тик тургузуп, эки жагына кызыл аскерин коюп, Таабалды кыстап тескеп жатыптыр. Чала болду ошол өлүксүз дөңгөчкө... Бу элдин көкөйүнө көк таштай тийген зулум эле...

— Ата, аскер башчысы айланайын калыс киши турбайбы. — Абдырай жан-алы калбай кубанат. — Э, аяш, жаңагы кызыл аскер дегениң ким эле?

Кайкы мурун кара тоголок зайып Абдырайды таң калгандай ормоюп тиктеди.

— Жаңагы Жукеев менен жүргөн балдарды кызыл аскер деп аташат.

— Ии... а кызыл аскер эл жагындабы?

— Ооба, кызыл аскер жоодон элди коргойт.

Кайкы мурун катын жан алакетке түшүп, Кеңеш

өкүмөтүнүн кедейди жактаарын бизге түшүндүрүүгө абдан аракет кылды. Ал элечегинин төбөсүнө катып жүргөн бир нерсеси бар экен, ошону бизге көрсөтүп минтти:

— Мына, муну көргүлө! Бизди эркиндикке чыгарган ушул Ленин деген киши.

Байкем экөөбүз таң калып, сүрөттөн көзүбүздү албадык.

— Азыр ушул киши кайда? — Абдырай шыбырап андан сурады.

— Те, Маскөө деген шаарда турат дешет. Элдин бактысына эми ошол кеменгер аман болгой эле... Ошол көсөмүбүз аман турса эле болду.

— Ушул сүрөттү мага бериңизчи. Мен муну Кытай жериндеги кыргыздарга апарып көрсөтөйүн.

— Жок... жок айланайын, муну кишиге өлсөм да бербей калайын. Өзүм Пудовкинден асылып жүрүп, араң алгамын.

Абдырай кайкы мурун кара тоголок зайыптын башын катырып андан дагы капкайдагыны терип-тепчип сурайт.

— Аяш, бу сүрөттү сиз кимден алдым дедиңиз?

Ал жанындагы Абдырайды тиктеп, анан аркы катардагы үйдөгү Таабалдыны башы менен жаңдай көрсөтүп, бирөө укпасын дегенсип эрдин тиштеп кобурайт:

— Жукеевдин түрмөдө жүргөндөгү орусча жашыруун коюп алган, атасынын аты Пудовкин деген орустун аты экен...

Бу деле ачык-айрым, шакылдаган аял көрүнөт... Абдырай абакем кичине баш-аягын жыйнаган соң андан өкүмөт тууралу кайта-кайта такып билгиси келип жабышса ал деле тартынбай баарын шыпылдатып айтып жатты. Аны биз а деп көргөндө чек арачы кызыл аскерге-тамак бышырып берчү, казан-аяк кармаган немеси го дегенбиз. Көрсө, бул жерге жумуштап Ат-Башыдан келген өкүмөт катын турбайбы. Өз оозунан угушубузга ка-

рагында, Кеңеш өкүмөт чыккан күндөн бери аялдар окулу болуптур. Ал карапайым жөнөкөй ургаачыга агам экөөбүз түгөнбөгөн кайгыбызды, «Таабалдыга айтып бизди бошоттур» — деп жалынып жатсак, баягы чек арачы кызыл аскер Кул эшиктен кирер замат ашыгып сүйлөдү:

— Жолдош айыл аткомдун төрагасы, Бурмаке жеңе...

Аскер сүрдөгөнсүн, аптыгып айтар сөзүнүн ар жагын бүтпөй мукактана түшкөндө:

— Ии, секет болоюн кызыл аскерим сен эмне дейсиң?— Бурмаке ага жайдары жылмайды.

— Бу кишилер жөнүндө сиз менен жолдош Жукеев азыр кеңешем дейт... Жүрүңүз.

— А, макул, дегеле сонун болбодубу, мен өзүм да ошол Акбаевке кезиккени атайы штабга келгемин.

Бурмаке шашпай күрөң чыт чапанынын эки жеңин кийип, жаңыдан тура бергенде, Таабалды өзү шарт кирип келип биздин үстүбүзгө.

— Жолдош Алжанова, сиз мени көпкө күтүп калдыңызбы? Айып этпеңиз, жанакы чек арадан кармалган байлар менен алпурушуп, жаттым... Ии, кандай зарыл жумуш чыгып келдиңиз эле?

Аскер башчысы Бурмакенин теке маңдайына аны ызат кылгандай зыңкыйып тура калды. Бурмаке жүйүртө басып олтурат.

— Партия ячейкасынын чечими тууралу сизге акылдашканы атайы келдим...

— Дегеле жакшы болот. Бай-манаптын мал-мүлкүн конфискациялоо маселесин кеңедей кечирүүгө болбойт...

— Ооба ооба, анда, бүрсүгүндөн калбай сиз Ат-Башыга келерсиз.

— Жакшы болот. Бай-манаптын чоңунан башташ керек. Өкүмөттү тоотпой чек араны бузуп, жүргөн күчтүүлөрү көп. Аларды ооздукташ керек го дейм. Ошондо эзүүчүлөрдүн үрөйү учат.

Мен аларды көзүмдүн кыйыгы менен астыртан тиктеп турдум. Бурмаке мени жалт карай коюп, Таабалдыга минтти:

— Баса, береги кыз бечара менен мобу шордуу агасын байдын туткунунан бошотупсуз. Бу бир тууганы туулуп өскөн жерине кайта бергени оң... Бу жаш кыздын тагдыры мындан ары кандай болот?

— Сиз жергиликтүү аялдар өкүлүсүз... Булардын теңдигин сиз сактайсыз. Жаш селкинин келечектеги таалайын өзүңүз ачыңыз... Карындаш, эми кайда барсаңыз сизге жол ачык... Кайда жүрсөң аман жүр, — дегенде мен өзүмдү кайгыдан кутулгандай сездим.

* * *

Ак боз атчан сүрдүү аскер башчысы мени Бурмаке эжеге аманат табыштаганын өз кулагым менен уктум. Ошентсе деле мындан ары санаам тынар көрүнбөйт. Анткени менин өмүр жолум кандай?.. Бурмаке Ат-Башыга аттанмак болгондо мен байкуштун кайгыдан арылбаган жүрөгү дагы баягы каадасынча сыздаганын кантейин. Уялаш бир тууганым өлүмгө башын тигип коюп, атайы мени азаптан куткарганы келсе, андан тирүүлөй ажыраганы жатканыма кейийм. Аны жалдыратып, чоочун жерге кантип таштайм? Непаада, жазып-тайып абакем кайра байдын уу чеңгелине түшсө кактабай канын сорот э. Касташкан душмандан көрөр азабын эстеп, көзү жашылданып турар... Аскер башчысына жүрөк зарымды толук айтуудан батына албадым. Мурда сырын билбегенден кийин Бурмаке эжеге деле ичимдеги муңумду чыгаруудан жазганам. Дагы алда кандай болот? (Чыны бул катындын мээримдүүлүгү) чу деген жерден эле көңүлүмө толгон. Андан жакшылыкты үмүттөтөм. Кантейин, бир чети аркы-беркини көрүп, кагыла элек жаштыгыман, жана уяңдыгыман жазганбай өз намысымды талашууга жарабаганыман ушунтип муңкүрөйм. Эмнеликтен андаймын? Караңгылыгыман, караңгылыгымдан.

Бурмаке аттанарда мага чоң бел көрүнгөн Таабалды (эженн тигиндей окчун чыгарып) бирдемени ага шыбыраганын бүдөмүк кулагым чалды: «Биреөнүн убалына калуу эң жаман күнөө!»Так ошол учурда, аркы боз үйдүн артынан биз жакты болуш сурданып карап туруптур. Анын көзү суук... түрү эң жаман... Бер жакта турган бир тууганымдын жүзүндө кайраттын белгиси бардай сезилгени мага чоң кубат болуп, көңүлүмдү жубатты. Тирүү жан эмесмипби, бир тууганымдан ажырарымда, мен чымыркапып анын жанына бардым.

— Абаке, сенден ажырадым. Мындан ары менин айлам эмне болорун ким билет. Кош, эми... кош! Апамды кор кылбай бага көр?

Бурмакенин «эртенден калбайлы» дегени кулагыма даана угулат.

Агам экөөбүздүн ажырашуу мезгилибиз жакындаган сайын, мен байкуш ичим сыздап чексиз касирет кайгысынын күүсүн созгонсуйм. Эгерде кудай буюруп, аманат жан болсо, бир кездерде ушул бир тууганым Абдырай менен жүз көрүшүп каларыма үмтөтөм, кантип үмүтүмдү үзөйүн. Мына, азыр эки көзүм бир боорумда. Анын караанынан көзүм өтүп барат... Коштошоордо ал мага бир ооз акыл-насаатын айтпаганы эмнеси? Деле кабак-кашым десечи?

— Зуура, башыңа түшкөнүн көрөрсүң. Бу жаңы өкмөт, или эрки падыша өкмөтүнө окшоп залимдик кылып, сендей бечараны кыйнап эзбес. Булардын айтуусуна караганда, ургаачы эл башкаргандан кийин, чыны сага жакшылыктын жышааны бар го дейм.

Бурмаке эже жолдо. Мен ыйлайын десем, көз жашым соолгонбу, деле көзүмдөн бир тамчы мөлт этип койсочу. Штабдан жөнөөрдө «Бурмаке, менин кадыр-баркымды кетирбессиң?» деген болуштун кекээрдүү үнү кулагыма сиңгендей кетелек. Ооба, ошол сөз али кулагымда турганын көрчү! Кайкы мурун кара тоголок катын жакшы жол басыгы бар жээрде кашка аттын үстүнөн эки жакка көз чаптырып ой ойлоодо... Мен арт жагымды кылчайып, карасам,

келаткан аскерлер да алыстан элес-булас көрүнгөнсүдү... Биз бир кыйла жерге узаган кезде эже артына кылчайды:— Зуура бастыр! Артта калчу эмес. — Мен минген атымды теминсем өлөрчө чарчаган бээ кулагын шалпайтып, өчөңдөн желип, алдыда бараткан атка араң куйрук улоош кетти эле, мен жаңы таанышкан, бейтааныш аял кылчайып, мен жакка мойнун бурду.

— Э, садаган, Зуура, сен эмнеге капа болуп баратасың?

Мен зарымды ага түшүндүрөрдү билбей апкаарыдым. Араң чымыркаанып, зорго ыйламсыраганыман өпкөлөп сырымы айттым:

— Эжекебай, байкемдин көргөн күнү кандай болор экен? Ошону ойлосом, санаам санга бөлүнүп... кабыргам кайышат. Ал ичинен «О обу жок десе» дейби. Бурмаке эже көзүн жайнатып, мени тиктейт...

— Сен, капа болбогун. Мындан ары сенин бактың ачылат... калыңга сатылбай өз башыңа ээ болоруңа түшүн... Адам бол. Бу Кеңеш өкмөтүнүн тушунда, биздей ургаачы кор болбосуна сен ишене бер. Өз жаныңа тың бол.— Бурмаке эже бет алдынан көзүн айырбай баратты эле, кайда бир топтон кийин, ал шаңкылдаган үнүн көтөрө сүйлөдү. — Сен, агаң жөнүндө сары-сана болуп баратсаң керек... Андан түк кам санабагын. Бактың бар экен. Баарыдан кызылдарга кезигип калганыңды карасаң... Агаңа жанагы Таабалды кордук көрсөттүрө койбос... — Бурмаке улам катуулап бастырды. Майда токойлуу өзөндүн жээгине жакындаганыбызда, калың талдын арасынан беш-алты киши соёдой болуп чыга түшкөндө эжеке аны этибар албай бастыра берди. Атчан немелер биздин туура тушубузга келгенде (абайласам) колдорунда союлдары бардай көрүнгөнсүдү. Булардын ичинен Жусубалынын ат кошчу малай жигити Элчибекти тааныдым. Эртең менен куугунчулардын арасынан аны көргөн, көрбөгөнүм эсимде калбаптыр.

— Болуш катын, азыраак аял кыла турар бекенсиз?!— эки бети тултугуй семиздигинен чулуюп чүйлүсү чыккан

башы чөйчөктөй, алаң көз карасур киши кекээрдүү кекетет.

— Ии, Қаратай, капилеттен жолума жолто болгуң келебиң? Айтар кебиңди айта бер.

Адегенде эле тийишип омуроолоп келген, чакчаң көз кишин ачуусу келгенинен өңү сурдана түштү.— Мынабу сен ээрчитип бараткан качкан келин биздики эле... Мунун артынан куун барган болушту баш кылып жоон тобун Жукеев кармап, штабына камап коюптур. Бу не деген кордук. Ал кимдин ким экенин байкаса керек го дейм. Сен иштин жөн жайын оного түшүндүрүп койсоң болмок.

— Қаратай мырза, сенин болуш агаңды кармаган мен эмесмин. Сен мага эмне доомат кыласың? Қызыл аскерге даай албай, өчүңдү менден алгың барбы?

— Катын болуш, чыр-чатакты коёлу... Сен катын болуш өз жолуң менен шыдыр кете бер... Сенде чырым жок, береги качкан келинди алып калмакка жолуңду тородум. Мага ачууланба? Сага эч кандай тарынчым жок.

— Қаратай, бекер моюн күчкө салып мырзалыгыңды карматпагын... бу кызды силер те Чериктен тартып келип, Жакеге алып бергенсиңер. Бу байкуш күңдүктөн өз жанын куткаруу үчүн качыптыр. Мунун башы эми азат болду. Ооба, ооба, мени акырая карамактан карагын. Сен бу келинди менден зордуктап алалбайсың.

— Ошондойбу?! Оозуңа каргыш алып, шерт кылып койгонсуң го. Менин атым Қаратай... көзүмдүн тирүүсүндө мен өз тукумумду катынга чаңдырбаймын. Қайдагы бир тегин жаман түйдөк чач кыз Жакени чанат деген эмне?

Бурмакенин кыжыры кайнай түштү:

— Қаратай, сен чалкактап курулай калжырабагын!

Мырза өлөрчө долуланды.

— Бурмаке, биз жамандашпайлы. Менин ичимде кек калбасын. Мен касташкан жоомду соо койбосумду өзүң баштатан билчү элең...

— Қаратай, ээн жерден Зууранды тартып алууда оюң

барбы?.. Мага тийсең түбүң жаман болот. Туткун кызды талашпагын. Мунун башы азаттыкка чыксын. Күңдүктөн кутулсун.

— Быша, катын болуш... Миң кылган менен сен баякысың да...

Анын көзү бир шумдукту баштоочудай ойноктойт.

— Ой, жигит, береги бети караны жетелеп жөнөгүлө! Эр тандаган мында бети жок шерменде бир чокундукка тийгиси бар.

Мен ыза болгонумдан ыйлап жибердим.

— Буга тийбегиле, ээн баш иттер!.. — Бурмакенин кайраттуу коңур үнүнөн Каратайдын жигиттери саал жазганышып, мага батына алышпады эле... Каратай жанындагыларын каарып, жекирди:

— Кашайган көрлөр! Бу сойкуну жетеле дегенде жетелебейсиңерби! О! ары жок доңуздар! Азыр бирөөңдү өлтүрөм. Ал дегенде алгыла! Элчибек! Сен эмне карап турасың?!

Каратайдын жалаңдаган кошоматчы жигиттери анын буйругун угушканда, дүрдүгө түшүп, атымдын чылбырын талашууга обдулушту эле, кайран Бурмаке эжекем акырая карап, жүйөө менен шактарын сындырбай минтти:

— Кызга тийбегиле дебедимби! Тозоктун отуна какталарда, жан талашып качкан мында кандай акыңар бар?.. Андан көрөкчө буга ыраазы болсоңор болбойбу?

— Бурмаке, теңир жалгагыр, сен мунун таламын талашпачы. Мунун артынан кууп сурап алары жок...

— Каратай!

— Менин келиним... мында, сенин кандай акың бар? Ошону айтчы?! Кудая тобо,— Каратай атын камчыланып, Бурмакени ат-маты менен көмөлөтүп кетүүчүдөй омуроологондо, бирөө мага жармашат. Мен аны түрттүм. — Чырчатаксыз бер десе болбодуң, болуш катын, эми илгээри кийин менде таарынчың болбосун. Ой, макоолор, силер жалдырап бастырап баратасыңар да. Зууранды жетелеп жөнөгүлө! Жообун мен өзүм берем. Келин меники.

— Көпкөн ээн баштар... тийбегиле!

— Бурмаке! Сен аялдар өкүлүсүң. Бул заманда чоңсуң. Сени биз сыйлап, теңибизге алабыз. Мындай абийирсиздин бетин тилип, туз салалбасам элеби... мен катуу каргыш алып, касам ичем. Ой, силер эмне кылчактап турасыңар?! Ай, иттер, силерди элеби... каныңарды ичем. Мен өч аламын.

Каратай арбайган суук колун сунуп, менин атымдын чылбырын алганда, Бурмакенин ачуусу абдан келгенинен анын карасур өңү кумсара түштү. Ал жанынын бардыгынча күрсүлдөгөнүн көрсөң:

— Каратай, айтып коёюн, эгерде сен зордукчулугуңа салып, бу кызды азыр тартып кетсең... мунун артынан кууп, кегин алар Кеңеш өкмөтү барын билип кой. Үйүңдү көрбөй каласың.

— Кыша... катын болуш, сендей чоңдон коркуп калчу мен бекемин! Сени да соём! Мен канкормун... — Ал мени камчы менен далы талаштыра берип калды.

Мен, боздой баштадым эле, Бурмаке эже, мага жакын бастырып баратып:

— Зуура, ыйлабагын!.. — дегенде Каратай каарланып менин атымды камчы менен тартып жиберип, кошоматчы кишилерин каарып кирди:

— О, паадандар, эмне жаныңарды аяйсыңар?! Бу шуркуяны ит соорусуна салып, жөнөгүлө! Кордук көрсүн. Корлогула!

Капыстан өзөндөгү токойдун жээгинен беш-алты кызыл аскер чыга түшкөндө, баятан эженин каракчы мырзаны тоотпой келатканын жаңы билдим.

— Ии, Каратай, сен «баатыр» эмессиңби?! Сен эч кандай өкмөттү тоотпогон «эргулсуң»! Бали, эрдигиңе баракелде... Мына болгонсоң, эми көктүгүңдү көрсөт... Кызды дагы тартып кет. Антпесең, элге шылдың болосуң,— Каратай шалкыя түшүп, жээк жактан атырылтып, келаткан кызыл аскерлерден көзүн албады. Ал менин тизгинимди эбак эле колунан чыгарып жиберген экен... — Жолдош

кызыл аскерлер, силер болбосоңор береги каракчы, мага басмачылыгын көрсөтмөк эле. Силердин узатарыңарды бу кекчил акмак билбей кашайып, калыптыр... Эми бизди карактай албай өкүттө калбадыбы. Ушул ээн башты кантсек? Ат-Башыга кууп барып, бир аз күнү милициянын чоңуна каматсакпы? Қаратай дагы эле көөдөнүн көтөрөт. Дагы эле биз менен укук талашууда ою бар...

Бурмаке эженин табалаган какшык сөзүнө өлөрчө ачуусу келген Қаратай, кызыңдап четте оолак бастырып бараттты эле, бир оокумда ал артын кылчайып бир кароого чамасы келбей сырая качып, жөнөгөндө... Бурмаке эже боору эзилгенче күлдү.

— Артынан кууп, кармаш керек эле,— дейт кызыл аскер Кул.

— Тим койгула... эртең эле Қаратай колго түшөт. Күнөөсү көбөйө берсин. Агасы болуш тигил силердин штабыңарда кармалып, көзүн жылтыратып жатканына арданып, келген да! Чамасы, мени опузалагысы бар.

Биз дарыядан кечтик... Ар жактан Ат-Башынын караа-ны даана көрүнөт. Чек арачы аскерлер бизди узатып коюшту.

## II

Мен Ат-Башыга келгенден бери бир кыйла күн жайбаракат өтө бериптир. Чоочун кыштак... Мага бейтааныш жат кишилерге кичине үйүр алып кеткемин. Өзүм жөнүндө бирде бирөөгө сыр билгизбөөгө этиет болдум. Менин турмушум өтө берди. Мен кара тутуп келген Бурмаке абдан сак. Бурмаке ченебеген боорукер сонун киши экен. Тамак-аштан кыйналуу кайдан болсун. «Өз үйүм, өлөң төшөгүм». Бу бейтааныш үй-бүлөгө келгенимден бери карай, (өмүрүмдө менин турмушумда кездеше элек) бир кызык окуяга туш келдим. Андайды ким көрүптүр. Күндө түштө кыз-келиндер, катын-калач, эркектер, балдар

мектепке барышар эле... Бурмаке эжем мени ошолорго «Адам бол» деп кошуп койгон. Көрсө булардын баары мектепке барышып, сабатсызыкты жоюу ийриминен окушат экен. Мен а деп барганымда, деги эле кыйып уялып жүрдүм. Кагаз, карандаш беришкенде, колума кармасам түк эп келишпейт... Бизди окуткан кишини мугалим дешет. Ал эпилдеген, кичи пейил киши. Улам менин жаныма кыдыңдап жетип келе калып үйрөтө кетет... Менден алда канча улуу: келиндер, эркектер деле бирине-бири атаандашып, окушкандарын көрсөң, өзүнчө бир кызык...

— Уруят заманында уялбай кат таанып алалы.

— А, уялган ким?

— Ошону айтсаң. Кеңеш өкмөтү көзүбүздү ачканы жатса, эми кантип тартыналы.

— Караңгы ата-бабабыз окубай өгүзгө учкашып жүрүп, караңгы бойдон өтүшкөн.

— Аттигин ай, десеңчи!

— Ошолордо арман көптүр.

— Ой, айланайындар, кезек келди эми байдын коюн кайтарып, көз каранды болуп куурабай, окуйлу... Бизге жеминин Большойбектер бериптир. Көзүңдүн тирүүсүндө окуп кал.

— Ооба, оңентели.

— Байга куйрук болгондон көрө өлгөн артык.

— Баса, биздин ичибизде бай-манаптын тукумунан ким бар?

— Андайлар кана?! Ким?

— Акырын! Ак сөөктөрдүн балдары небак жаштайынан эле медресеге кирип окушуп, молдо, ыймам болгон. Бизден мурда эле алар билимдүү.

— Сен бу сөздү таап айттың... Караңгы биздин терибизди сыйрып, жеп келген ошолор эмей кимдер?

— Ай, бали, ошого түшүнгөнүңөргө мен ыраазымын. Чечекейим соолуп түшкөнчө окубасам элеби.

— Берегн биздин арабызга жаңы келген бечера кыз

Чортеккс жээн келин болмок тура. Кайран Бурмакс жарайт ишке... ботом, жулкунган бойдон ага чаап барып, бошотуп келгенин көр. Антпесе, Жусубалы байдын ажаан байбичелери мунун кендирин кесмек...

— Ырас эле далайды көрөт эле бу бечара.

— Алар тажаал болгону менен өзү теңдүү кишилерди сыйлашат.

— Зуура түпсүз орго эмгиче түшөт болучу.

— О... караңгы кыргыз кыз-келиндери! Китеп окуганды үйрөн. Кол койгонду бил. Корунуп... уялып жата көрбө!

— Жолдоштор, токтотсок кантет кургак сөздү. Мугалим балам, береги жаңы туугап айга окшоп, ороктой иймейген эмне эле?

Мугалим үзүлүп түшүп, тигил сакалдуу кишиге жетет.

— Кайсы тамганы унуттуңуз?

— Мына, мына, билип эле турам, көкүрөгүмдө эле... Бирок кашайганда, атын таппай кыйналам. Ихи-и!

— Ушу тамгабы?

— Ооба, ооба ушул...

— Муну «С... С» деп кайра-кайра жаттап алыңыз.

— Оли-и-и, бечара башым... байкуш жаным. Баятан ушуну таппай береги кара сакал «балага» шылдың боло жаздадым, э.

Анын ар жак колтугундагы кара сакал курдашы окуп олтуруптур... өзүн «бала» деп тамашаласа, теңтушу саал, териге түшүп, курбусун кытыгылап, айтыша кетет:

— Ии... аксакал алаң көз «балакай» «С» арибин таппай жаман чый-пыйың чыкты белем. Жаштайыңда малай кылып жумшап алган Тойчуга убалың жетсин.

— О, Байымбет, байкуш, ушул Совет өкүмөтү чыкпаганда, биз караңгы бойдон көз ачып өтүп кеткенде... ошондо биз анык «Иттин арткы шыйрагындай» кор болгон бойдон арманда өтмөк экенбиз.

— Ой, чоң «балдар»... сакалдуу окуучулар, сөз талашканды коюп, сабак окусак кантет? Мобу аялдар үнчүгүшпай эле окуп жатышпайбы?

— Кыз-келинге, саат кылбасаңарчы окушсун. Секеттер, карындаштар, окубасаңар силерди шылуундар малга сатып жешет.

— Ой, Жезбилек жеңе!

— О, узун моюн куркугуй уул, мени тооруп тилиңди соймоңдотуп, арбаганыңды кой. «А» деген кайсы? «А» га «Т» ны кошсо эмне болот?

— Ат... ат... ха-ха-ха! Ой ошону билбейсиңби?

— Молдоке, береги койчунун таягына окшогон кайсы тамга эле?

Мугалим шашып калыптыр...

— Кайсы? А, бу араб тамгасы эмеспи, таякка окшогон «а... а».

Сабатсыздыгын жоюшуп, кат таанууга жандарын үрөшүп, аракет кылып жаткан чоң кишилер жана жаштар, жапырт каткырышып... кээси ыкшып жөтөлүп калышканда кебетелери бир кызык... Бул жердегилер шайыр, куудул, а түгүл шылдыңкороок кишилер экен. Сабак маалында, бири-биринин ушинтип туурашып турганын көргөндө, мен бер жактан боорум эзилгенче күлөм. Ошол күлкү мени кайгыдан алаксыткандай сезилгенсийт... Караңгылыктан кутулуп, көзүм ачылар бекен? Үмүтүм ошондо. Санаа чиркин кыйын тура, күндүз болсун, түн болсун ошону ойлонсом жүрөгүм сыздайт... «Неге... неге?» дээрсиздер. Элим... туулуп өскөн жерим кайда калды? Мен бу чоочун жерде кимди кара тутуп жүрөм? Абдырай, мени менен коштошуп жатып, «бактың эми ачылат» дегени эсиме түшөт. Ал аны эмнеликтен айтты экен? Бирге жүргөн бир токчойгон бир моюн, кой көз, дөң мандай, мурду куду эле коңкарганын тумшугуна окшош эбиреген карасур катын: «Э, куу тумшук кыз, жолоочуну ээрчип, ит өлөт» болуп, сен Бурмакеңин тили менен селпейип, быякка эмне келдиң?» дейт. Бу сөз менин жаныма батты. Ыйлап жибердим. Кыз-келиндер тегеректешип, мени соорогушту... Акыл айтып жатышат. Көрсө ошол аял менден бешбетер караңгы байкуштун өзү экен. Ушундай оозуна алы жетпеген кичине кирди-чыкты

акылы бар, караңгы катынга: «Таарынба. Мунун сөзүн этибарга албай жүрө бер»— дешти.

Күн сайын жекеле ушулар эмес, ар кайсы айылдагылар сабатын ачуу үчүн жер-жерлердеги мектепке барышат. Кадимки Кошойдун коргону дечү айылдагылар үч бөлүнүп окушарын бизге мугалим байкем кеп урганын кулагым чалган. Бурмаке эже айыл кеңешине күндө эрте кетип, кеч кайтат. Кээ бир күндө ал экөөбүз көрүшпөй да калабыз. Аны мен аз көрөм. Ал айылдан-айыл кыдырат турбайбы. «Жалаң эле кармаш, талаш-тартыш. Бай-манап менен кармаш»— дегенин кезек-кезек кулагым чалат. Ичим бук болгондо мен ыйлайм... ошондо Бурмакенин мөйтөңдөгөн кара көз кызы мени бекем сыга кучактап, кошо боздойт. Бечара ай, мындай боорукер кыз болорбу...

Бүгүн мектептен Орозакан экөөбүз кеч кайттык. Жаңыдан боз үйгө от жагып жатсак, кызыл күүгүмдө бирөө үйгө аңдоостон шып кирип келди. Үй ичи күңүрт... Тигил келген кишинин өңү-түсү бизге жакшылыктуу көрүнгөн жок. Ал босогодо селдейип турат. Жаш кыз экөөбүз от жарык кылсак, өңү мага чала-була тааныш жигит экен, абайласам баягы ат кошчу Элчибек. Мен анын келгенине таң калсам, бир чети чыны катуу чочуп кеттим:

— Элчибек!

— Чиш, акырын, Зуура!

Жаш кыз Орозакан корккконунан бүрүшүп босогонун таягына жөлөндү. Мен турган ордуман карыш басууга чамам келбей делдейип калдым. Ушундайда боз үйдө да, там үйдө да, эч ким жоктугун көрсөң...

— Зуура, мени сага жиберишти.

— Ким?! Ким жиберди сени мага?

— Сенин кайнагаң Каратай. А киши көчөдө... Нечен күндөн бери ыгын келтирип сага бир кезиге албаптыр. Мени сени менен сүйлөш деп жибериишти. — Ал элеңдейт. Кебетеси шашып турат көрүнөт, кайсалактайт... эки жагын кайра-кайра карайт. Мунун мага карасанаганы келгенин мен сездим. Муунум калтырады. Кайгылуу жүрөк

камыгып сокту... Элчибек менден такып жооп сурады.— Зуура, мени бирөө көрсө жаман иш болот. Таабалды кармап алса кууратат. Ал тигинде жүргөнүн көрдүм.

Мен кайраттанып, эс-учумду жыйдым.

— Мен эч ким менен сүйлөшпөйм.

— Сен, Каратай менен эрегишсең башыңды жутасың. Андан көрө... —деп келатканда «Зуура эжемди коркутуп жатат»— деген кыздын үнү сырттан угулат· Ал качан чыгып кеткенин билбейм. Тестиер кыз бирөөнө ыйламсырап айтып келатканы угулат. Боз үйгө атырылган бойдон сүрдүү жигит шарт кирип келгенде кантерин билбей кайпактап, чыгып кетүүгө үлгүрө албай калды Элчибек.

— Сен, Элчибексиңби?! Түн катып келген экенсиң. Кана, сүйлөчү сени кандай жумуш менен жумшашты? —Элчибек жалтактап жооп бербөөгө тырышты эле, Керимбек болбой катуулап кыстады. —Чыныңды айткын, сени эмне жумуш менен жиберишти? Сен байга куйрук болдуң. Сендей жаштар байдын колунда эзилбей өз оокатын кылып, комсомолго өтүп жатат... Сен, жуундукорлугуңду качан коёсуң? Жуундукор... Качан башыңды куткарасың?

Жусубалынын ат кошчусу Элчибек тим эле күйбөгөн жери күл болуп, өлөрчө ардана түштү көрүнөт, анын бетинин оту албырып, кызарат... Кайра бир туруп бозорот... Ал кедей курбусунун кебине арданганына чыдабадыбы, айтор, жооп кайтаруунун ордуна колун арбайтып тике качырды. Орозакан коркконунан бакырып ийип, качып жоголду... Үйдөгү эки жигиттин кармашканы күчөдү. Мен кантеримди билбей, апкаарыганымдан алактап калдым. Муунум калчылдайт. Экөөнүн күчү тең тура. Бирибирин көтөрүп уруп, теңтайлаша кетишти... Мен жыгып алган Элчибекти оодара тартканы баратсам, Керимбек эригип тура калып айыгышкан неме көгөрүп, кайра кармаша кеткенде:

— Керимбек, Керимбек! Сен ушинтмек белең?—Элчибек бакырып жибергенде мен арачалабай оолактай бердим.

— Сен, бу Зууранı байга апарып берүүдө оюң барбы? О, алданган акмак! Каратайдын тилинн аласың. Мына сага!

Муштумга турушту кбере албаган Элчибек сендиректей түштү. Булар эрегишип кармашып жаткан кезде сырттан бир киши тез кирип, жанынан бир демени суурул алгандай болгондо, бүлбүлдөгөн от жарыгына чагылышып жарк эте түштү. Бул канжар экен.

— А Керимбек? Кулдун тукуму, сен мени менен басташып, эсирген, экенсиң? Сенин ажалың жетиптир. Акмак, сенин таянганың ким?

— А, Каратай! Менин таянганым Совет өкүмөтү! Сендейди жек көрөм. Мындан ары алданбайм сага. Сенин сыйынган заманыңдын түбү түшкөнүн билелек белең?!

Каардуу Каратай кекээрдүү күлүп, Керимбекти жекирип, анан көзүнүн кыйыгы менен мени акырая караганда тааныдым.

— О, кеңкелес кул. Сага иштин жайын түшүндүрөйүн. Бай менен манапка болушар те Кашкар, Турпан жана Америкадан келген Наманганда жаткан аскер бар... Эгер сен билгиң келсе те Ташкенден да мени жактоочулар четтен чыгат... Жети-Сууда биздин күч көп... Сен таянган кишилер аз күндө эле ойрон болот... Ошондо сендей кул келип, менин аягыма жыгылып, кулдук уруп, тиземди кучактайт. Андан көрө эртерек эсиңе келгин.

Керимбек жалгыз болсо да, түк кайратынан жанбады:

— Мырза, бакылдабай ушунчаңда кет дегенде кет!

— Баса, сени комсомол ячейкасынын катчысы болду деп уктум. Ата, томорум кичине жашай турсаң болот эле. Өз кылганың өзүңө... ажалың жетип, каның тартып турган экен э. Ыйманыңды айт айбан! Келме келтир иттин баласы.

— Жок, сен мага багынасың зулум!

— Атаңдын көрү э-эй, бу кулдун баласы арам өлгөнү жаткан турат. Каратай бөз чепкенин чечип ыргытып, колуна кармаган канжарын Керимбекке кезей коломтону теге-

ренди эле, Керимбек андан сезденин тилин тартпай күчө-гөндөн күчөп, катуулады.

— Сен, Зууранын өзүнөн сурачы. Бу аялдар теңдигин билет... байга кайра келин болуп барбайт.

— Сен аласыңбы?! Уялбай сендей жаманга кантип тиет?

— Мен сенден жакшымын.

— Менин атым Каратай. Мен эч кимден басынган эмесмин. Зуура! Бас, аттан дегенде аттан. Сен аттансаң, бул кулдун уулу ажалдан калат.

— Жок, мен эми мындан ары силерди ээрчибейм. Өлүгүм барбаса, тирүүмдө барбайм.

— Келиним, тил алып, жүргүн үйгө.

— Убара болбоңуз, аке!

— Анда азыр силердин каныңарды суудай чачам... Каратай окторулуп жыландай качырып келатканда, керегеге жөлөнүп турган Керимбек үбөлөк менен кагып жиберди эле, канжар Каратайдын колунан ыргып, мен жакка түшкөндө, мен ала коюп, мага болушкан жигитке бере койдум.

— О кара бет, кара бет!— Каратай катуу чыңырды. Керимбек аны тоотпой турат.

— Зуурага катуу айтсаң, тилиңдин азабын тартасың.

— Карма бу кулдун уулун, Элчибек!

Каратай алкымын Керимбекке көсөнү ала коюп тап берерде, эшиктен эки киши киргендей болду, алардын ким экенин анык тааный албай же байдын «кишилери го» дегендей мен коркуп кеттим, аңгыча жаныма Орозакан келе калыптыр секирген бойдон.

— ...Сабыр этиңиз, Каратай мырза! — Каратай артын кылчайып караганда, анын көзүнө Таабалдынын сүрдүү кебетеси көрүнгөндө ал:

— Аттигинай! Дагы сени жазгыра албай калган экемин э,— дейт абдан катуу өкүнүп.

— Баятан бери бизди камап жатат, бу каракчы.— деп бакылдады Керимбек.

— Мизи кайталек эле, эми мындан ары эсине келер. Адамды кемсинткенин да коёр.

— Таке, мен өз бүлөмө келдим.

— Мен барбайм!

— Барасың!

— Кебетеңизге караганда түн жамынып, Бурмаке жокто Зууранын тартып кеткени келсеңиз керек. Бизди чалгында турат десеңиз керек. Комсомол ячейкасынын катчысын жана жаңы бакытка жеткен тоо кызына көрсөткөн кордугуңа жараша күнөөлү болосуз, Каратай мырза.

— Коюңузчу?!

— Каратай, бизге каршы ок аталбай калды,— деди Таабалды.

Каратай мурдагысынан бир аз жоошуй түшүп, Таабалдыга жалпактайт:

— Таке, намысыма чыдай албай келдим. Айыпка буюрбассыз. Бу ушунча кадыр-барктуу киши бир келинге тең боло албай калды деген жаман аттыга калам. Эси жок келинди колума кайра бергин.

— Каратай мырза, бу Зууранын да намысы бар.

Ойдо жокто Бурмаке эже шарт келе калса болобу. Эжекем Каратайды көргөндө эле анын не себептүү келгенине түшүндү:

— Каратай, сен Зуурадан дагы эле үмүтүңдү үзбөй чатак баштаганы келдиңби?

— Мен...

— Сенин караанынды мындан ары үйүмдөн көрбөйүн. Жолдош Жукеев бу каракчы эле, эми басмачыга корбашы болууда оюу бар көрүнөт.

Каратайдын чыры басылды. Кесирдүү аким өкүмдүгүнө салып Керимбекти жекирип чыкканда эже, Таабалды экөө артынан удаа чыгышкан. Кайда, каш карарып жылдыз толгондо там үйгө келишти. Керимбектин ачуусу дагы эле басылалек экен, ал улам эстеген сайын Каратайды сөгүп-сагып кыжырланат. Таабалды каны суюк жаш жигитке акыл насаатын айтты. Керимбек дегеле адептүү,

кичи пейил, жигит... Жаштайынан көрүнгөнгө малай жүрүп азап чеккен бечаранын каны кызуу. Ал: «Каратайды каматып койбой бекер кылдыңыз»— дейт Таабалдыга.

— Иним, байларды тезге салар мезгили бар. Сен жаштык кылып катуу кетпе, шашпагын иничек, Каратайга окшогон бай-манап эртең эле долуланып, бизге тымызын катылбай койбойт.

Экөө унчугушпай калышты. Мен боз үйдөн кайнаган самоорду алып келсем, Керимбектин ачуусу таркап калыптыр! Бурмаке эжем бүгүн үйүнө конгон, сый мейман Таабалдыга казан астырып боз үйүндө. Мен дасторкон жайып чай куйдум. Керимбек төрдө олтурган мейманга ызат кылып лепилдеп чай сунду.

— Ии, карындашым, чоочун эл, чоочун жерге келипсиң, эми үйүр алып кеттиңби?

Мен жооп бергени баратсам, менден мурда озунуп Керимбек жетише албай минтти:

— Ликбезден окуп жүрөт... Аз күндө кат таанып калат. Ырасы Зуура, өзүң айтып берчи бу кишиге.

— Эжекеме туш келгеним жакшы болуптур. Кызы экөөбүз күндө окууга барабыз. Мындан ары башыма кандай күн түшөрүн мен кайдан билейин.

Таабалды көзүн жоодуратып мени жал-жал тиктейт. Мен унчукпай дасторкондон көзүмдү албадым.

— Үйүңдү сагынган жоксуңбу?

Ал оор улутунду. Мага боор ооруганын ошонусунан сезе койдум.

— Кусадар болсо да ичиндедир.

— Сен туура айтасың Керимбек, энесин — бир туугандарын сагынып куса болсо да, өз ичиндедир.

— Ырас айтасыз.

— Зуура! Сен туулуп өскөн жериңе кайра барганчак балким көп жылдар өтөр... Мезгил ошондой.

— Эмнеге? Мени чек арадан өткөрүп жибербейсизби?

Таабалды үн жок-сөз жок мелтиреп калды. Бир пастан кийин ал мени жайкап сүйлөдү:

— Карындаш! Биерде бир чоң түйүндүү сыр бар. Сен ошо сырдын маанисине кийинчерээк түшүнүп кетерсиң. Сен келген тарап байлар, биз жак кедейлер. Укук, байлык элде! Эми бир аз түшүнгөнсүдүнбү! Заман кедей-кембагалдыкы.

Мен башымды ийкедим.

— Сен кайра өз үйүңө барсаң куурайсың.

Керимбек сөзүн бүтүп, бирдеме эсине түшө калдыбы, буйдамга келбей эшикке чыкты. Бу кишиден бир эле ооз сыр сурагым келип турат, батына албайм. Даап сүйлөшкөндөн жазганам.

— Шарттын кандай экенине түшүндүңбү Зуура?

— Анда энемди, бир туугандарымдын жүзүн көрбөйт экемин э! — Мен токтоно албай ботодой боздоп жибердим.

— Кой, ыйлачу эмес. Кайраттуу бол. Көз жашыңды көлдөтсөң, өз жаның эле кыйналат. Эсинде болсун, бир кездерде, сен аларды, алар сени көрөр кез акыры келет. Андан көрө аман бол. Ушул жерден сен таалайлуу болосуң. Кайраты жок, мажүрөө кыз күчүн көз жашына чыгарат. Өз жаныңа чыйрак болгун!

...Мейман ойго түшүп кеттиби, үн жок, сөз жок чыракты тиктейт. Эмнеге анча бүлбүлдөгөн чыракты тиктейт? Не себептүү заматта кабагы бүркөлө түшөт? Мен кайсы жеримен чекилик кетирдим? Менден көңүлү сууй түштүбү? Чиркин ай, купунуна толбой калган окшодумбу? Ай, армандуу байкуш жаным ай! Бир пас... бир аз убакыт жөн гана жаркырап жайнап тамашалашсам, ичтеги бугум чыгып, черим жазылбайт беле? Же мени жаш деп теңине албай турабы? Кырынан кыйшайып жатып кыялга батат. Сүйгөн жары бар болдубу? Ошол асылы эсине түшкөнүнөн түнөрө түштүбү? Эң жок дегенде чекмелеп бир арзыбаган нерсе жөнүндө сураса ошондон улам сөз чыгат эле... Буга арнаган менде сүйүү бары жогун өзүм да сезелекмин... Жокпу? Кантип жок болсун. Муз эрибей суу кайда? Жүрөк жылыбаса не пайда?

Мен кош колдоп эң кичипейил, жана назик көз кара-

ыым менен сыйлап ага чыны сунсам, Таабалды кичипейил экен, ыргып тура калып колуман алганда, ыраазы болгонуманбы, мага кандайдыр бир сезим жармашты. Сүйкүм... мээр... мен ушуну каалаган элем!

— Ыракмат, ыракмат Сукеш ичтим эле, ошентсе да сен сунган чайды кантип албайын. — Мен жакшы көргөн мейман чынында гы чайды жай ичип жатты эле, бир оокумда, ал мени аянычтуу көзү менен тиктегенде, карагат чөгөрүп көйгөнсүгөн көзүнүн карасы мага бөтөнчө көрүнүп барат... — Зуура сен бир нерсени байкаган жоксуңбу?

— Жогуңуз! Эмне бир жериңиз ооруп, кыйналып турасызбы?

— Жо... жок-ок. Сырдын түйүнү башкада. Сен угалектирсиң. Мен өмүрүмдүн жаш кезин түрмөдө өткөргөмүн... Жаңы заман мени түрмөдөн жарыкка чыгарды. Мен! Мен дагы эле жалгызмын. Маңдайыма караган-карманган бир гана энем бар... андан бөлөк эч ким... Баятан бери ошол ошома түнкөндө ойго түшүп кеттим. Дүнүйө жүзүндө ойдон күлүк эмне барын биле аласыңбы?

Мен анын бу табышмактуу сырына жооп табалбай шашып калдым.

— Ойдон бөлөк эч нерсе жоктур.

— Туура! Сен туура айтасың Зуура! Сергек көрүнөсүң.

Анын алдында турган кесени алайын десем, мага эң кымбаттуу, эң асыл, мейман колумду кыса кармап: «Мен мындай жакшынакай колду өмүрүм бүткөнчөк кармап жүрөр элем!» — дейт. Ошондон кийин биздин бетибиз ачылганы ай! Кайда жүрсө анын эсинде, мен... Менин эсимде ал турат.

Ошол түнкү жыргал кимде-кимибизге экинчи келбей жылын өтө берген... Баягы Каратайдын чуусун бүткөндө мен өз жаныма сакмын. Андан кийин үйдө жалгыз калгандан корком. Бурмаке эже: «Зуура, кагылайын карыбым! Сен эки жакка басканда этиет болорсуң ичи жамаан бирөө болушу менен Каратайдын колуна кайра ала качып беришет — деген. Үйдөн карыш чыксам мага кас карасанатай

сүйрөй каччудай эки жагымды элеңдеп каранам. Чыны өз жанымаи карком. Сабакка барарымда Бурмаке эженин бөйтөндөгөн кызы Орозакан күндө жанымда. Керимбек эң боорукер, эстүү жигит. Биз сабатсыздыкты жоюу мектебинен кээде кечке жуук окуйбуз. Ошондо ал атайы келип Орозакан экөөбүздү үйгө жеткирет.

Мен аркы-беркини ажырата баштадым. Таабалды кезек-кезек келе калганында менин алы жайым такып сурап, көңүлүмдү көтөрүп, билген акылын айтып калат. Ошонусу мага чоң бел. Андан бөлөк мага жан тартар жакын кишим кимим бар? Ошондон бөлөк менин муңумду угар ким болсун? Азырынча таянганым да, ишенгеним да ошол. Аны мен эң жакындай көрөм. Эмнеликтен андай? Таабалды жанынан Керимбек менен кул Байбоосун уулуна ишенет экен. Тосотко кетишет, кайра келишкенде Керимбектен, Кулдан сурасам «Акбаевдин кээде тамак ичерге чолоосу тийбейт. Өкүмөттүн ишинен бир пас колу бошобойт. ЧКанын иши ошондой деги жаны тынбаган киши экен!» дешет. Бир көрсөм деп эңсеп, көксөгөнүмдө аны көрүү кыйын.

Кечээ Таабалдыны көрдүм. Ал Ат-Башынын көчөсүнөн шашып бараткан экен, анын карааны көзүмө алдан немедей көрүнүп кеткени ай! Кичи пейилдигине не бересиң, өзү чоң улук болуп туруп, мендей карапайым кыз менен жаналы калбай учурашып берди. «Чек араны бузган качкындардын жолун тороп араң кармап келатабыз!» дешти Кул менен Керимбек. А, шорум деле колго тиер түрү жок.

Ошол күнү Бурмаке эже ишине күндөгүсүнөн шашып эрте кеткен. Мен жаңыдан окууга барганы камынып жатсам «Айыл кеңешине кантондон өкүл келип, сени шашылыш чакыртып жатат» дейт келген чабарман. «Дагы эмне болуп кетти?» — деп менин жүрөгүм шуу дей түштү. А кишинин менде кандай жумушу бар болду экен? Келген чоңго менин быякта жүргөнүмдү ким жеткизе койду? Айыл кеңеши Ат-Башынын күн батыш четинде эле.... «Чабарман Чортектин, Жусубалынын, Каратайдын амалы менен ке-

[illegible] айлап, ааганы келген неме болуп жүрбөсүн?» [illegible] кызы Орозаканды жаныма ээрчи-тип Керимбекке жүгүргөн бойдон барсам менин бактыма [illegible] анын үйүнөн таптым.

— Ии, Зуура, сен эмне шашып келдиң?

— Керимбек секет болоюн, Нарындан келген чоң чабарман жибериптир. Менде анын кандай жумушу бар болушу [illegible]?

— Кантондон келген го? Прокурорбу же биздин милициянын чоңубу?

— Кимисин экенин кайдан билейин... Мени айдап кел десе керек...

Керимбек кабагын чытып, бат кийинди, биз үйдөн буйдамга келбей чыктык. Чабарман жолдо күтүп турган, Керимбек ага арынын кере-кере шилтейт. Мени ээрчиген Орозакан экообуз ага араң үлгүрүп жете баратабыз. Жигит өзүнөн улуу чабарманды сыйлап салам айтты эле, ал кичи пейилдик менен учурашты.

— Айыл аткомго ким келиптир абаке?

Чабармандын өпкөсүнө суук тийгенби же жөн эле жөтөлдүбү, ат жалын таянып ыкшып, бүткөнчөк биз анын оозун тиктеп турдук... Чабарман жаны кейигенинен «өх» десе көк түтүн оозунан бур дей түшкөнсүйт. Керимбек чоочуду: «Абаке, сага эмне болду?»

— Э, иним ай, кантейин, оорунун азабын тартмак болдум. Мага ушундай көк жөтөл жармашты. «Ат-Башыга доктур келет» — дешти эле ошонусу келсе, Совет өкүмөтүнүн дарысынан ичсем, эми түшүп, балким, айыгып кетүүмө себеп болор беле... Өх! Өх... өх.

— Абаке, бу Зууранын ким чакыртты эле?

Оорулуу чабармандын эсине келген киши түшө калдыбы, ал дегеле жаман чоочуп, ичке үнүн күчөп чыгара чыңыраганда, кер сары жүзүнөн чыбырчыктап тер чыгып маңдайынан төмөн сызганын көрдүк. Жаны абдан кыйналган экен. Ал чымыркаанып зорго араң сүйлөдү:

— Кантондон келген окул имиш. Чын-төгүнүн ким би-

лет, «үстүртөн карап келген ополомочун» дешип жерге сууга тийгизбей дуулдашат. Кудай билет, ошону Чортек митаам чакырткан түрү бар. — Чабарман алдыда бaратат. «Чортек» дегенин угуп, менин муунум бошоп, шайым ооду. Санаам бөлүнөт, көңүлүм чөгөт... Жанымдагы кичине кыздын колун бекем кармап баратам. Чабарман кылчайып минтип:

— Береги келин тууралу чоң чыр чыккан сыяктанат. Ошону акыйкаттаганы келген кишиби... Деги, мунусу да пара алып байдын сөзүн сүйлөбөсө эле болду... Чортек алкымын майлап койсо, кеп ошонуку болот да калат.

— Бурмаке кайда?

— Ордунда көргөмүн. Төраганын кабагы бүркөө...

— Арызданган киши ошондо жүрөбү?

Чабарман атын теминип, бат баскыла дегендей бизге колун жаңдады.

— Абаке, кулагың начар угабы?

— Эй, Керимбек баягы жылы Каратай ургандан кийин, кулагы кургур начар угуп калган. Эми тең заман келди, ошондон мен да кек алар бекемин. Ошол зулумду былтыр ЧК Акбайуп «кылмышың бар» деп камап койсо... ал мындай басар замат жанакы коркоок милисасы бошотуп коюптур. Корккон түрү бар. Каратай чагарактап бозого чоң тоюп, ыштыгып чардайт да жүрөт... Мени эзген ошол... эми да ошол эзеби? Бу Совет өкүмөтүнүн тушунда деле ошолор арабызда даң салып жүрө беришеби?!

Чабарман чал муңайып артын каранат. Кебетеси бизден жоош күткөнсүйбү. Менин ага боорум ооруса, (баягыда Керимбектин артынан көзүн айырбай, карап кала берген Зарылбүбү) эсиме түшө калса болобу. Зарылбүбү Каратайдын жакын келини. Ошонун тилегин соолткон ушул коркунучтуу киши. О, түрү суук киши! Чакыртып жаткан ошол эмегенде анан ким болсун. О, жараткан, шорум арылып, азаптан кутуламбы дедим эле... Кайра башымды азапка тосомбу? Керимбек бир ооз мага бирдеме дээгө жарабай үңкүйүп баратат. Мага ким болушат? Абдырай

айнесин элине кетиргенин Бурмаке эжеден укканда жан-
ым калбай сүйүнбөдүм беле? Мен туулуп өскөн жер
ине...

— Зуура, сен кана болуп баратасыңбы?

— Кана болбогондочу.

— Тигини, байлалуу турган аттарды тааныдыңбы?

Төгөн аттын арасынан менин көзүмө чаар ат баягы
ген белгилүү ат көрүнгөндө ошонун ээси көзүмө кө-
рүнбөсө экен деп, мен ичимен зарладым, болбоду... көзү-
мө эң жаман көрүнгөн кишини көрмөй болдум...

— Чаар ат көзүңө жек көрүндүбү?

— Оно атты неге көрдүм экен? Көзүм тунара түш-
түү...

— Кой, муңайбачы Зуура! Кайгылуу кыз чыдамсыз
өлөө тилегине жетпей арманда өтөт.

Жигиттин бу сөзүнө мен чыйрала түштүм. Биз бир
бөлмөлүү там үйгө келдик. Жумуштап келген кишилер
үйдүн коңур салкынында, ошол тегеректе өздөрүнчө ко-
шуранып олтурушат. Бир даары соксоюп таштын үстүнө
чүк басынтып. Аттары куюшкандаштырылып сарт бай-
лаштырылган... Керимбек ар жакта турган болушка мур-
үйөп салам бербей төшүн дагдайтып өтүп, катарлаш ба-
ткан мага минтип шыбырады: — Дагы эле сен тууралу
атак турбайбы. — Чабарман чал жыгач үзөңгүсүн чире-
не теминип, ары кеткен.

— Тигине, келиншерди айдап келдим – дейт ал Ка-
тайга. Бурмаке эженин мотурайган кызы Орозакан бөй-
дөн түз эле энесинин үстүнө кирип кетти; бат эле кай-
ра чыгып, мени колуман жетеледи. Там үйгө кирсем ко-
лумө үстүнө кызыл чүпүрөк жабылуу тактай учурады. Бур-
маке эже, мени көргөндө, ары карап терезени тиктеген ки-
шиге!

— Жолдош Букарбаев, жанагы биз чакырткан кыз
ушул,— дегенде, кара тору, кыр мурун, муруту сербейген,
бир мамын, кара шапкечен киши бурулуп мени карады.
Мындай шумдуктуу кебетени мен көзиктире элек элем, таң

калганыман жана сүрдөгөнүмөн босогодо зыңкыйган бойдон калдым. Чоочун киши мени көргөндө көзүн жүлжүйгүп, түйрүк ээрдин кымтып, көзүн бир жуумп, бир ачып, чычкан аңдыган эркек таргыл мышык кейиптенип менден көзү өтөт... Мага бу кебете бир кызык көрүнөт... муну «тамашакөй киши» го деген ойго келдим.

Митайым Чортек, буга окшогон бөтөлкөдөй сулууну кайдан таап, жээнине нике кыйдырган?

Бурмакенин сабыры суз... Ал тигил чоочун кишинин сөзүн жактырбаганы анын жүзүнөн билинип турду мага. Себеби токтоо... эже кагаздарын оодарат. Босогодогу кызы экөөбүзгө да, көңүл бөлбөй төмөн карап:

— Мындай өткүлө,— бизге ушинтип күңкүлдөп койду.

— Эмесе, жолдош төрага, жанагы доочуларды чакырткын. Эрте күн жарыкта бу келиндин башын ачалы. Көпкө күтүүгө менде түйшүк көп, кымындай чолоо жогу сага белгилүүдүр... — Ал башынан шапкесин алып, (ошону кийгенине көтөрүлгөндөй) жагалданып, боюн түзөйт... Көөдөнүн көтөрө чиренет. Так ошол убакта кимдир бирөө эшикти шарт ачып, баш бакты эле, Бурмаке ага сылык минтти:

— Үйрү тобу менен Чортек кирсин... айтып койгулачы. — Чабарман башын ийкеп коюп, көрүнбөй калды. Азыр бир балаанын башталарын жүрөгүм сезди. Бу сапар башымды куткаралар бекемин? Мага кас кишилер кекенип, артыман сүрө түшүптүр. Менде эмне акылары бар?

Эшиктен Чортек, Жусубалы, Каратай жана эки-үчөө жайбаракат келишти. Булардын эң артынан Жакс келгенин көргөмүн — эми анык соо чыкпасыма көзүм жетти. Эч ким үн катпай калганда тамдын ичине тынчтык мемирей түштү. Керимкул шып кирип келди эле, ошого удаалаш оорулу карт чабарман да башын кылтыйтып башпактады.

— О Бурмаке, Акбайупке кабар бериштиптир... Ал чалгынга кеткен экен. «Келет... келбей койбойт» дешет го.

— Болуптур... бара бериңиз аке. — Бурмаке жанындагы коломоштонуп турган жогортон келген өкүлгө ба

шып буруп, акырын күбүрөдү. — Чакырткан кишилер бүт келип го сыягы. Тил алсаңыз баштай берсеңиз кантет?

— Албетте, суракты баштай бергенибиз дурус болор. Бул тургандардын баарына иштин жайын түшүндүрүп коюуңузду мен өтүнөм.

Бурмаке ага башын ийкеп, анан кабагын чытып олтургандарга төмөнкүдөй түшүндүрдү:

— Жаке Жусубалы уулу, Нарын кантондук прокурорго Зуура Мамбеталы кызынын үстүнөн арыз берген... Ошону атайы келген тергөөчү Букарбай уулу өзү суракка алат. Баарыңар ушунда болосуңар.

Текшерүүчү көп кагаздын арасынан бир баракты алды да, мостоюп жылаңач төөнү бучкакка чапкандай шыр окуду:

«Нарын кантондук прокуроруна

Ат-Башы болушу, Баш-Келтебик айылында туруучу Жаке Жусубалы баласынан

Арыз

Берердурман ушпу арызаны, неге десеңиздер Зуура Мамбеталы кызы, алла-тааланын амирине жарашадур маңдайыма жазган жазуусуна ылайык шарият жүзүндө мага урганачы болмогай эле... Бизге никени Борукчу молдо кыйган... Так ошол түнү менин койнума жатпастан бир бузуку кишинин тилине кирип, жашабаган кызыталак шермende урганачы биздин наамды булгап качып кете бериптир. Мен ошол бетбактын артынан жетип кармадым... Так ошол маалда жолдон чек арачылар жолугуп, качкан катынды бошотуп, менин атамды жана кадырлуу Чортек шарганы үч күнү Ат-Башынын эски мончоосуна камап маскара кылды. Эй, бурадар сот, менин дөөлөттүү ата-тегимди кайдагы бир сүйрөткү, теги карапайым кара бет корден чапканына намыстанам. Алла-тааланын амирине жараша ушпу арызаны сизге аманат тапшырып, ошону ме-

нен катар качкан өзү шуркуя жана ача туяк катынды мене алдыма түшүрүп, тиземди кучактатууну сизден көптөн-көп өтүнөдүрмүн.

Арыз ээси Жакс Жусубалы уулу. Кат билбегендигимден чунки бармагымды басадурмун

30-Бугу айы
1922-жылы.

Арызды жогортон келген өкүл мүдүрүлбөй шыдыр окуганына корустон болгондой көзүн күлүңдөтүп, ормоюп бер жакта олтургандарды бир сыйра тиктеп, (алардан алкыш күткөндөй элеңдеди эле) «Өмүрүңүз узун болгусу бардыр... Катты мындай окуганды деле угалек элек» — деп болуш салалап сакалын сылап компоёт. Тергөөчүсү аңсайын көтөрүлүп дардая түшкөнсүдү. Жанатан бери Бурмакс түк унчукпай тымпыйып олтурган. Эжеке жанында турган кадырлуу өкүлдөн уруксатсыз.

— Түшүндүңөрбү? Ыгы менен ак жеринен каралаган бекен? — Ал оозун тартып алалекте:

— Азаттык талашып качкан кызды аябай жамандаптыр... Зуурага да эркиндик керек болгонунан жанын коргоп качкандыр, анын эмнеси күнөө? Атайы келген тергөөчү сиз аялдар теңдигин эске албай, бекер ак жеринен каралаган байдын уулуна жан тартсаңыз, бу иштин акыры жакшылык менен бүтпөс...

— Токточу! Сен кимсиң? Бу ким дейм? Кайдан чыккан ээн баш?

Тергөөчүнүн ачуусу мурдунун учунда экен. Ал кызаңдап Керимбекке адырандап олунду...

— Бул ушул айылдагы эле батрак. — Бурмаке жөн гана Керимбектин жайын түшүндүргөндө, текшерүүчү ормоюп сурдангандан сурданат:

— Сен ким менен сүйлөшүп жатканыңды билбепсиң, жолдош батраксөрөй?! Дурус эмес мунуң батырак жахы-

ный маселеп, сен уруксатсыз неге келесиң? Сени кеңешке чакырган ким?

— Келүүгө акысы бар чыгар, жолдош Букарбайуп...
— Бурмакс тергөөчүнү акырая тиктеп.

Араң турган Керимбек тилин тартып жазганбай бууракындай баштаганда: «Мен үчүн кармаш секет» — деп мен ичимен ага жалына бердим.

— Жолдош чоң өкүл, менин ким экенимди сиздин билгиңиз келеби? Мен мурда мобереги Жусубалынын кошчусу элем. Бу күндө мен тоо бүркүтүндөй эркинмин... Мени биерге «неге келдиң батырак» деп кекетип-мокотосуз... Менин ушундай адилетсиздик болуп жаткан жерге катышууга толук акым бар?

Өкүл ормоё калганда кебетеси кызык көрүндү бизге.

— А, шайтан, бу келжирек неме белем. Кана, укугунду айтчы?! — Букарбаев тигил курч жигитти жактырбай кекетет, ой.

— Сизге дагы эскертип коёюн. Мобул байга караганда мен өкүмөт кишисимин.

— Адам эй, мени менен мындай сүйлөшкөн бу кандай эр көкүрөк неме?! Сен күчтүү немесиң го, эсим ыя? Атандын көрү ой мунун акылдуусун карасаң.

— Сиз кимдин кишисисиз? Кедейди жактайсызбы? Же береги мени тамаиынын алдына таптап эзген чоң курсактыбы?

— Ыя?! Менден күнөм санап турасыңбы? Мен бай-манапты жактадымбы? О кудай, бу мени байчыл кишинин катарына кошкусу келип турат беём, бу ээн баш.

— Ооба... ооба, сиз акырая карасаңыз элс, мен коркуп каламбы? Комсомол ячейкасынын катчысымын мен. Ушул Зуурадай эзилген караңгы кыздардын таламын өлгөнүмчө талашам.

Букарбай уулу түлкүдөй мант берип, жазгырган кишиби, көз көрүнө көз ачып жумганча, түлкүчө мант берип өзгөрүлө түштү.

— Ой, жолдош катчы ушул арызды текшерүүгө сенин

деле акың бар турбайбы... Сен андан көрө мага көмөктөш. Ой, жолуң болсун. Албетте, бирөөнүн үстүнөн арыз түшсө, ошонун чын-төгүнүнө жетүүгө мен милдеттүүмүн. Жанатан айтсаң эмне... Ошондой эмеспи, чырагым? Ырас дечи. Чыр аныкталат. Мен адилет болом.

Тергөөчү чебеленип, жанын сабайт. Ал мындан мурда капкайдагы бай-манаптын колунда эзилген аялдарды куткарып, жарыкчылыкка тартканын безеленип төшүн каккылап, какылдаганын көрсөң, жанындан түңүлөсүң. Опурулуп-жапырылып какылдайт.

— Зууранын те Кашкардын какшаалындагы Черикten тартып келгенин, мобу олтурган Чортек тапабы? Чек арачылар биздин жапа береги айыл аткомдун төрагасы Бурмакенин жардамы аркылуу күңдүктөн кутулган бечара кыз кайра Жусубалы сасык байдын босогосуна барып, кордуктан арылбай эзилгенин сиз каалап турасызбы? Мен койчумун... Бечараларды жактайм. Ыктыярдуу отряддын мүчөсүмүн. Жанымды кенедей аясам эмне дейсиңер!

— О, жо-жок... менде андай ой кайдан болсун. Сен ойлонуп сүйлөчү иним.

Жаакташып тең жарыша кыйкырды байлар:

— Керимбек, Зуура өз эрки менен келген... Ушуну бузуп, жылуу төшөгүнөн качырган ушул сага окшогон ак жүрөктөр.

— Берки, Зарылбүбүнү да сен бузуп жүрөсүң. Башында менин ак никемди бузган сен элең... Сенин күнөөңдү мен кечпейм. Колуңа өлүп берем томаяк.

— Кутурдуң сен!

— Ой, кордук ай!

— Жусубалы, ошол Зарылбүбүнүн убалы кимге жетет? Силер жаш келиндин өмүрүн соолттуңар... Эми бу Зууранын да түбүнө жеткиңер барбы? Мен баарын көргөмүн. Силердин сырыңар мага белгилүү...

— Кайсы айыбыбызды көрдүң эле? — болуш булкунду.

— Жогортон келген өкүлгө пара бере коюп, кутула

калган ким эле? Жалганбы? Моюнуңа алгың келбейби? Былтыр те Ысык-Көлдөн Усупакун прокурорго бөрү ичик, түлкү ичик, бир жорго берип аны астыртан колго алдың да, үстүңөн түшкөн арызды бастырып таштаганыңды эстечи?!

— Жалган...жалган! Мунуң куру жала!

«Пара» дегенди укканда тергөөчүнүн денеси эмнегедир солк дей түшүп, чебеленип тура калганда, Керимбек ого бетер ээ-жаа бербей «бай... манап» деп оозунан ак көбүгүн буркулдатып, бакылдады эле... Каратай менен Жусубалы баштарын жерге салып үңкүйүп, унчугушкан жок. Бечара эски койчу булардан далай ыза тартса керек. Моокуму кангaнча кармашты.

— Зуура... Зуура, сен өзүң жөнүндө бир деме дегенге жарар бекенсиң? Бечаранын караңгылыгы качан калар экен? Тур! Айтыш, дейм булар менен...

— Алжанова Бурмаке чын айтат. Деги өзүң зарыңды айтчы? Бирок чындыкты айтпай, жашырсаң мен мыйзамга жараша так сенин өзүңдү кекиртектеп тескөөгө алууга күчүм жетет...

Баарынын көзү менде... Жан кашайганда, бет ачылат турбайбы. Менде кенедей аянар жан калган жок, өөдө карасам, баарынын көзү менде. Адегенде кандай сүйлөөрүмдү билбей, бир аз аптыга түшкөнүмдөн кичине мукактанып буйдала түшүп, анан чымыркандым.

— Бу уруят заманыбы? Кедейдикиби?

— Сүйлөй бер, карындаш!

— Зуура, сен оюңдагыңды уялбай бүт айтып албасаң, кийин оозуңду кармапып өкүнөсүң, байкушум, тартынбасаң.

— Керимбек, сен буга шыкак бербечи... жөн өз жанына койсоң...— Каратай бу сөздү айтып, мени көзүнүн төбөсү менен акырая карап ымдайт.

— Уруят заманында, эзилген аялдардын башы азат болуп, анда мага да аял теңдиги келиптир... Айланайын ошобой, мен өз теңиме баргым келет. Күң болуп, күл чы-

гаргым келбейт. Токол да болбойм. Жаш жаным өзүмө керек.

— Эй, жаш неме, бузукунун тилине кирип сүйлөп жатат.

— Өз теңиң кайсы?

— Кеңеш өкүмөтү кедейлерди жактаса... мен мал-мүлкүнө кызыгып, байдын уулу Жакеге бармак белем? Кайра көзүмдүн тирүүсүндө барбайм.

— Анда, сүйдүм-тийдимге салалы. — Бурмаке эже көтөрүлө сүйлөдү эле, (мен анын сөзүнө алагды боло түшкөнүмдө, сырттан жаңы киши келгендей болду). «Келиңиз... келиңиз». Баары ызат кылышканда, жалт карай копсом Таабалды экен. Анын келиши мага чоң бел болду. Мен ичимен кымылдап сүйүнүп кеттим. Тергөөчү Таабалды келгенде жанын үрөп учурашты, кебетеси мурдагыдан бөлөк боло түштү.

— Сен «буга бар, тигиге бар» деп эч ким зордоп, кыйнабайт карындаш. Жалгыз гана сага эскертерим... өз жолуңдан адашпачы... Абайлабай тозокко түшпөгүн. Бол, бат карындаш менин убактым тар!.. — тергөөчү мени өтө шаштырат. Кыстайт. Ал биздин чырды бат бүтүргүсү келгенин мен сездим.

— Аялдар теңдиги... заман аялдардын айнеги... Сиздер бу кызды «сүйдүм-тийдимге» салганы жаткансыздарбы... кейпи ошондой го? Кор болбос жагын көздөйлү. Кыргыз аялы караңгыда камыкпай жарыкка чыксын...

— Иштин жайы ошондой жолдош Акбаев. Кана, кызым, таалайыңа табылган сүйгөнөң ушердеби же... башка жердеби? Тартынбай чын сырыңды ач! Чын сүйгөнүңдү айтсаң ошого биз ыраазыбыз.

— Менин сүйгөнүм ушул биздин арабызда олтурат...— десем, болуш, Жусубалы, Каратайлар тигил Керимбекти тирүүлөй жутуп жиберчүүдөй акырая карашат. Алар «ушул эле жерде» дегенимен чоочушту шекилди:

— Ал ким? Ким эле?

— Ал ким? Уялбай ачык айтсаң?

— Балким, Зуура балам, жаштыгың менен адашкандырсың. Мындай дурус ойлонуп айткын — дейт болуш.

— Жаш неме чаташып калбасын.

— Бу күндөрдө Россияда жашаган кыз-келиндердин кимге, кайда барса жолу ачык... Кимди сүйсө, эрик өзүндө — кыстоо, зордоо дегенге өкүмөт жол бербейт. Азаттык! Бу сөздүн биз үчүн мааниси чоң! — Таабалдынын бу сөзү мага дем боло түштү. Кысталып турган мага жол ачкансыды... Сөз таап бергендей болду.

— Силер, кайра сурагылачы... Ушул келиним көзү кыйып бизди таштап, бөлөк бирөөгө тийгиси келбей турбасын... О, өкүмөт кишилери сиздер «адилет» болсоңор... Ырас биз байбыз... манаппыз. Бизди бу Кеңеш өкүмөтү деле оңдоп коёр.— Каратай ордунан обдулуп турду.

— Эгер, андай ою болсо... мейли азыр ачык айта койсун...— Бурмаке ушундай дегенде баары мени жаалаша кетти:

— Зуура, балам сен ачыгыңды аткын! — деди бай.

Эрик өзүңдө калды... Адам болом десең... жыргаар жериң тапкын. Куурасаң мына байга бар!

— Ооба, ооба, Керимбектики туура! — деди Таабалды.

— Болчу садагаң батырак. — Бурмаке бу сапар акырая карады мени.

Мен чымыркандым.

— Мага өмүрлүк сүйгөн жар болор береги киши,— деп мен бет маңдайымда турган Таабалдыны башым менен жаңдап көрсөттүм эле, ошерде тургандардын кээси кубанганынан кандайдыр бир кубанычтуу үнүн чыгарышса, кээси көз ачып жумганча, үтүрөңдөшө түштү. Ак боз атчан аскер башчысы мага көз нуру менен мээримин төккөндөй жалжал карайт...

— Азыткы келин, небак көңүлдөш болгон го.

— Андай эмес Каратай, кыстоо, зордоо дегенге өкүмөт жол бербейт. Азаттык! Бу сөздүн биз үчүн мааниси чоң!

— Жолдош төрага! Мен акыйкаттык менен тергөөнү бүттүм.

Кудай экөөн бири-бирине кут кылсын... Кеңеш өкмөтүнүн жолу менен өзүм бүгүн силерге ак нике кыйдырам. Ойдогудай мындай сонун болорбу...— эже ушундай дегенде тестиер Орозокан колуман тартып эшикке жетеледи.

Таабалды мени кастарлап өз атына мингизди... Комсомол ячейкасынын катчысы Керимбек экөөбүз Бурмаке эженин үйүн көздөй жарышкан бойдон баратабыз.

## 13

Жаңы турмуш, жаңы бак-таалайга туш келелектен мурда, мен кимдер менен болдум? Кандай немелер жаш жүрөгүмдү мыжып эзди. Менин башым азат болгону чынбы, төгүнбү? Азаптан анык кутулдумбу? Мындан ары мени кимдер кемсинтер экен? Эркиндик мени тозоктон куткарыптыр... Кыз жүрөгүнө өчпөс так түшкөн. Түнөргөн түпсүз караңгылык мендей кыз-келиндерди тумчуктурарында бактыбызга жараша эрик таңынын бороону кара туманды четке сүргөнүнөн мен күйүттөн арылдым... Ошентсе да сүйүүнүн каары дагы бир кысталышта тишин кайрап кезигип калар... Мен таалайыма табылган махабатымдын өтөлүнө чыгармын... мага чын ак пейли менен таза сүйүүсүн кош колдоп сунган бозойлор болду беле? Жок, андайды кезиктирген эмесмин... мурда мага андай нукура таза сүйүү кайдан кезигет... Кыз жолуна каскак болор котур ташын койнуна каткан жалган «Махабат» эле го... (мен туулуп өскөн) жердеги махабатты кара ниет кишилер өчөштүк менен ылай сууга агызып жибергенин мага арманда калган уландардан уккамын. Алар өздөрүнөн мурда арманда өткөн кыз-келиндерден угушуптур...

Бүгүн менин кабагым ачык... сүйгөнүмдү таптым. Эми башым жерге жатканча андан ажырабай калайын. Туткунга түшкөн шордуу башымды куткаралбай карайлап жүргөнүмдө, буйрук менен бактыма жараша чынчыл

адамды таап алдым. Көксөгөнүм ушундай өмүрлүк жар эле... Мен өмүр бою тапканымын көзүнүн кареги менен тең айланып өтөрмүн... Күйөөмдүн башынан өткөн эң кыйын күндөрүн мен өз оозунан уктум. Тоолук жигит ондогон жылдар бою караңгы түрмөдө камыгып жүргөндө желдеттердин ага көрсөткөн кордугунун тагын, денесинен көрдүм. Азаптын тагы өчбөптүр... Ушундай эр жүрөк немеден канткенде менин сүйүүм суусун... жалыным неге өчмөк эле. О, айланайындар, айткылачы, өлүп-талып араң тапкан жарымды кантип бир пас көрбөй тура алам?

Мен андан түнкүсүн ажыроодон корком... Биз сүйүүнүн анык ынак кезине жеткенде күйөөм чалгынга көп чыгат. Ал келгенче жаным төрт чарчы. Сүйгөнүмдөн сонунум таркай элек... сагынам, зарыгып аны күтөм. Анын үстүнө мага кастар тишин кайрап араң турат... Каратай канкор киши. Ал кек кууйт... ошон үчүн сүйгөнүм алыс кеткенде корком... Зеригип ичим бышат. Бурмаке эже (мен үчүн ак жолтой) бала-чакасы биздикине жакын... Күн батканча мен анда нечен жолу тынбай тызылдаган бойдон жетип барам... Мага эрмек болуп, караан ордуна кармаган Орозаканчы. Аны ээрчитип окууга барам. Ошол мага чоң караан... Күйөөм келгенде мени өзү окутат. Биз эшилишип сүйлөшөбүз...

Окуган кишинин пайдасы тиет.

Күйөөмдүн бу акылы мага жагат... Мен окусам кимге жакшылыгым тиер?

— Балдарга! Элге, түшүндүңбү?

Анан ал улутунат. Эмнеге улутунат? Мен ага жароокерленип суроо бермекчи болгондо, ал азыр эле үзүлүп калган сөзүнүн аягын кайра улайт.

— Балдарың үчүн окугун.

— Кайсы балдарым үчүн?

Күйөөм сыйда кара мурутун сылап, мени аянычтуу тиктеп, маңдайыман сылап, эркелетет.

— Айтчы, мен бат эле балалуу болор бекемин.

— Баланы эмитен көксөө, али эртедир...

— Зуура, мага кайдан эрте болсун. Атаганат ай! Баланын үнүн угар бекемин?.. — Азыр биз үйдө бет мандай олтурдук эле.... Анын термелип ойго түшүп кеткенин, жүзүнөн байкадым. Чыны өмүрлүк жарымды аяп кеттим. Алеки сааттын ортосунда, оюма эмнелер келип кетпеди дейсиң. Олдо алоологон жашчылык ай! Тизесине башымды коюп, салаалары менен сыйда мурутун сылайт. Ал мени кучагына кысып, эркелетет... Шилекейиң жүзүмө тамгансыйт. Көрсө балага кусадар болуп жүргөн жарымдын көз жашы... Анын эсине өткөндөгү оор күндөрдө өзүнө жөлөк болгон бир курбусу түшүп кеттиби... Кыязы ошондой го. (Мындан мурда кандайдыр бир ырды ичинен созгондо) кебетеси мага эң сүрдүү көрүнүп кетчү. Мен андан ушул ырынын мазмунун сурасам... «Биз революция жолунда жүргөндө, ушуну ырдаар элек» — дейт. Ал мени бооруна бекем кысып, жаш баланы эркелеткендей чачымды уйпалап, маңдайыман сылайт. Ошондо менин бүткөн боюм дирилдейт... неге жүрөк туйлайт? Азыр жыргалга батып отурсак, сырттан бирөөнүн табышы угулганда, мен чоочуп кеттим.

— Бу ким болду экен? Ка-ап муну чочутуп койду э. — Күйөөм каалгага жакын барып, кайталап сурады эле, эшиктин ары жагынан кимдир бирөөнүн аптыгып, араң сүйлөгөнү угулат. Күйөөм эшикти шарт ачып жиберди.— Сен кимсиң? А Кул жолдош, сен белең. Эмнеге анча шашып түн катып штабдан келдиң?

Кул какая калып, шашып келген өз жайын баяндоого жанын сабап шашты:

— Жолдош Жүкеев, кайрылууга уруксат этиңиз?

Менин күйөөм тигил шашып сүйлөгөн Кулду олтургузуп, анын келген жөнүн шашпай билмекчи болду.

— Тынччылыкпы?

— Кайдан келгени белгисиз... бир айылды басмачылар бүт басып, малын талап кетишиптир.

— Кабар алып келген адам кайда?

Кул мурдагыдан шашып үнүн көтөрө жооп берди ага:

— Душман «Ала мышыктын» тоосун бет алган имиш. Штабка кабар берген чабарман тигинде.

Таабалды небак эле кийинип алган экен, мен байкабаптырмын.

— Зуура, сен кошуна байбичелердин бирин чакырып, жаныңа жаткыз, антпесе коркосуң.

— Жок, секетим, мен сенден ажырап жалгыз калбай калайын.

Күйөөм мени таң кала карап, шашканынан кылычын кармалайт.

— Анан кантсем деген оюң бар?

— Мени кошо ала кет! Чын айтам, эгер ала кетпесең, мен өлөрчө таарынам... жөө болсо деле артыңдан калбай тызылдайм.

Күйөөм мени кыйын таштап кете албай, мени жооткотот:

— Зуура, сен түшүнөсүңбү? Мен кимдерге каршы бараткандыгымды? Мен урушка баратпайымбы? Болду, үйдө калгын?

— Айттым го, секетим, мен түк артыңдан калбайм.

— Тобо! Аякта уруш болот. Сен коркосуң. (Ал орусчалап Кулга бирдеме десе, ал жылт берип көздөн кайым болгондо, Таабалды мага муну түшүндүрдү. — Биз элди мал-мүлкүн талап... чаап алган басмачыга баратабыз. Сен билесиңби, аякта эмне болорун? Кызыл аскерлер жана ыктыярдуу отряддын кишилери биригип өкүмөткө... элге кас басмачылар менен атышат. Киши өлөт. Ошондой коркунучтуу жерге сен кантип барасың.

— Секет болоюн, мени коркутпай эле кой.

— Бир эсептен сен мында жалгызсың. Калсаң коркоруң да чын. Аякта ок атылат... катуу уруш болот, эми кантишибиз керек?

— А, андай болсо сенден түк ажырабай калайын... Кой, кой секетим мен сенден карыш ажырасам эле эмне дейсиң. Кошо барам дедим, барам.

— Кой, Зуура, мени кармабагын. Сен үйдө калгын.

— Мен сагынып кусадар болом. Сен мени да аячы? Таабалды шашып калды.

— Кой десе тил албадың, Зуура. Эми мейлиң.

— Сенден калбайм. Жөө болсом да аркандан калбай тызылдап, чуркайм... Сенден ичим түтүп кантип калам? Аякка барганда басмачылар сени союп кетишсе мен кантем?

— Ха-ха-ха!

Күйөөм күлөт. Анын мени шылдың кылгансып күлгөнүнө ыза болуп, ого бетер жаным кашайды.

— Болуптур, кой десем болбой, көшөрүп калдың. Аяк тоо арасы... суук. Эх, эми кантиш керек.

Ал өзүнүн чолок ак тонун шашып мага кийгизип, белимди бекем курчап жатканда, жанараак эле кеткен Кул жылмаңдап келе калыптыр.

— Аттар даярбы, жолдош Байбоосунов.

Кызыл аскер босогодо зыңкыйып турган, көрсө өздөрүнүн тартиби ошондой экен. Аны мен кайдан билейин, биринчи көрүшүм.

— Даяр, жолдош командир.

Мен Таабалдыдан бийсиз тигил аскерден миңтип сурай калдым:

— Сиз мага ат ала келдиңизби?

— Ооба, айым, буйрук боюнча сизге да ат камдадык.

Мен сүйүнгөнүмөн үйдөн кандай чыкканымды билбейм. Күйөөм өзү мени аткарып жатып:

— Ырас, сага жалгыз үйдө калуу болбойт экен. Алда кандай болосуң. Мейли, өзүм менен бирге жүрө берчи,— дегенде мен ага эркигенсидим:

— Мен кошо барып сага жардамдашам. Аттарды кармап берсем да пайдам тиер.

Асманды ала булут чалып, бет маңдайдан суук шамал бетке ургулайт. Биз Ат-Башыдан бир топ узадык эле, Манастын, Кошой баатырдын кароол карар кара тоосу жакка бет ала жүрүп калдык. Тоо түн жамынды. Берметтей тизилип жыбыраган жылдыздар булуттун далдоосуна жашын-

ды. Жаман бузуку кишилер тоо арасын паанапап жашап элдин эсин оодарып, малын талап, ыза көрсөтүп кордошконун мага күйөөм түшүндүрдү. Адамга кас кара ниет жаман кишилер экен. Айланайын, мен соо жерге бараткан эмес экемин. Кандай азапка жолугарды ким билет...

Жол таш. Такалуу аттардын туягы ташка урунса, жарк-журк этип, кыпын чыгат. Аи-ии, бечара аскерлерге жаным ачыганын кантейин, тимеле кара жандарын карч урушуп, катуу жол жүрүштү. Караңгыда алды жактан караанын элес-булас дүпүйүп тоо бизге улам жакындаган сайын, жүрөгүм азоо тайдай туйлайт. Коркуп бараткандымды күйөөмө түк шек алдырбадым. Тоо башын калдайган кара туман чалып турду эле, бир тоого байыр албаган түрүксүз булуттарды шамал сүрүп жөнөгөндө кара туман быт-чыты чыгып, бет алдынан удургуп, тарады. Алда кайдан иттердин жаагын жанып үргөнү угулат. Айылдын отунун жылт-жылт эткенин көрө албадык. Тоо арасындагы жол ар кайсы кокту-колотко кыштаган. Мындай дүрбөгөн шашылышта аттар кыйналганына жаным ачып, боорум ооруганын кантейин. Кошойдун кароол тоосу жакын калды. Андан ары кырка тизмектешип кеткен «Ала-Мышыктын» тоосунун кылда чокусу мунарыктап көрүнөт. Үйдөн эл-буялга калбай шашылыш жөнөгөндөн бери Таабалды мага бир жолу гана: «Чарчадыңбы?» деген. Ал менин алды жагымда баратты эле, ак боз аттын оозун жыйганда, мен ага теңеле түштүм. «Үшүдүңбү?» — Ал акырын шыбырап сурады. «Жок ысып келетам!» Бет маңдайыбыздан караан көрүндү эле караңгыда алардын нече киши экенин толук ажырата албай калдым. Капилеттен көрүнгөндөр жылт берип, буйтап далдоого киришти.

Менин күйөөм мындай чалгынга далай чыгып, каныккан киши экен. Ал ошоерге тык токтой калып, аттан ыргып түшүп, жата калып карады. Нече киши экенин билди окшойт.

— Үчөөнүн эле карааны көрүнөт. — Таабалды атынын тизгинин мага кармата коюп, таштан ташка далдаланып

көздөн кайым болду. Жоокерлер менден саал окчунураак токтошуп, көмүскөгө далдалана калышты. Тоо арасы жымжырт болуп турат. Караңгыда өзүңдөн алыскыны көрө албайсың. Чарчаган аттардын бышылдап энтиккени билинербилинбес угулат. Аскерлер небак кетишти. Мен Таабалдыны күтүп ат үстүндө өбөктөп, шырп эткенди тыңшайм, эки жакты абайлайм... Убакыт өткөн сайын, күйөөмдөн санаам чыдабайт. Ага эмне болду? Мен минген аттын бели талыдыбы, оозлугун кемирип, башын чулгуп, бутун көтөрөт. Бышкырат. Бу кула ат бышкырганда, жол тосуп жүргөн басмачылар туюп калса кантебиз? Ат аны билбейт да... Мурдуңа шиш киргир ботом, мага өчөшкөндөй кайра-кайра бышкырат. Ар жактан бирөө күлөт. «Ошончо аттын ичинен атайы тандап мага мингизген атынын кейпи ушубу?» мен ичимден күйөөмө ушинтип таарындым. Кара жал, кула ат кулагын тикчийтип кайра-кайра бышкыра бергенинен, мен түшө качтым.

Күйөөм дарексиз... Ал качан келет? Эки атты кармаганымдан бери канча убакыт болду? Көзгө сайса көрүнгүс кыштын түнүндө күйөөм эмне болду экен? Мен корком. Бузуку кишилердин сааты мага тиеби? Өлүп-талып жүрүп, ошонун аркасы менен араң адам катарына кошулдум эле... Кесирлүү бузукулардын кесепети тийбесин мага. Менде азыр жан жок. Жоокерлер деле камырап коюшпаганын кантейин. Алар мындай түндө менин күйөөм менен жортушуп, далай чалгынга чыгып көнгөн го. Менин бир жагымда ыктыярдуу отряддан биерде калган Керимбек бар экен. Мен таштын арасында жүрөк заада болуп, асмандагы жылдыздарды бирден терип санайм. Бүгүн мен көшөрүп ээрчип алганыма жараша, ак көңүл күйөөм, мени жетине албай, анын үстүнө көңүлүмдү кыйбай ала келди эле, деги ак жолтой болуп аман кетсек кана! Бир жоокер таштын кырынан мен жакты акмалап карайт. Неге антет? Же уктап кетип, аттарды качырып жибербесин дейби? Балким, сууkка үшүдү го дегенсип, мени аяп жатпасын? Болсо болор. Жанымды чабайын кызыл сакчыларым, кишиге боорукер

[illegible]шет тура. Баарыдан да, алардын эң эле кичипейилдүүлүктөрүнө не бересиң...

Таң качан атары белгисиз... Мен кирпик ирмебей тикийип олтурам. Ай уйку деген кыйын да, чынымды айтайын, кээде үргүлөп баратып, көзүмдү ача коюп, уйкумду таратуу үчүн аттардын жалын сылап, кулагын кармалап коём. Чыгыш жак агарып келатат. «О, кудай таң... Таң...» — Мен сүйүнүп турсам, бир оокумда удаа-удаа мылтык атылганда жүрөгүм оозума каптала түштү, мен чочудум. Мылтык атылганда, мен аттарды жетелеп ар жактагы Керимбекке жеттим. Аттардын баарын тизмектештирип кармаган ошол экен.

Ок мөндүрдөй жаап, тоо арасын жаңыртат.

— Баары кетишти беле, садагаң?

— Ооба, жеңе. Акырын сүйлө, угуп коюшат.

— Ыктыярдуу отряддын балдары көппү?

— Ооба. Бирок канча киши экенин айтууга болбойт.

— Мага дагыбы?

— Ооба, сага да болбойт.

— Биздикилер кайда кетишти?

— Биз менен жаман кишилер атышып жатканын уктуңуз го.

— Душман көп болсо керек э?

— Ошондой го сыягы.

— Ка-ап, качан келишет? Неге мынча кечигишти?

— Коркпоңуз, келишет. Эгер уйкуңуз келсе аттарды мага берип, эс алып алсаңыз да болот.

— Жок, секет, ушундай убакта мен кантип уктайын. Жаңыкы мылтыкты биздикилер атышты бекен? Же басмачыларбы?

— Болжоп айтуу кыйын. Эки тарап тең ок атып жатат. Душман куралдуу. Алардын пулемету бар дешет. Ушулар бизди аңганды билбейт. Зуура жеңе, бул иттердин баары өлгө кылсын.

— Ырас, жарак-жабдыгы жок болсо союл менен [illegible] урушсун... — Мен ушул сөздү айтып оозумду тартып

ала электе, биздин туура жагыбыздан кишинин карааны элес-булас көрүнгөндө «Биздикилер чыгар» десем, Керимбек мылтыгын тигил көрүнгөн караан жакка кезей кармап, көзүн айырбай мелтиреп калганда, мен чоочуп кеттим.

— Сен кимди мээлединң?

Ал шашып мага шыбырады:

— Басмачылар бизди тооруп келишкенби? Мен абайлап көрөйүнчү. Сиз, бул аттарды карап туралар бекенсиз? Мен баарын бир-бирине байлаштыргамын, жоош... үркпөйт.

— Макул... садага болоюн аскерим... Бара бер... мен көз болом.

Ошол убакта таң аппак сүрдү. Жерге жарык түштү. Көзгө тоо-таш үрүл-бүрүл көрүнөт. Керимбек окчунураак барып койдой боз ташка далдаланып, ар жактан бирөө атканы андып калганын көрдүм. Ырас эле ал бизге кас киши менен тоорушуп калгандай болду. Капилеттен биздин ары жагыбыздан ок чуулдап учканда, Ала-Мышык аскалары кулакты тундуруп жаңырат. Аттар кулактарын тикчийтип элендешет. Мен кантеримди билбей шашканымдан тура калдым эле. «Көрүнбөйт го!» — деген кызыл аскердин үнү ар жактан угулду. «Атып ташташат» — ...дүгдүйгөн моюндуу аскер жандаганда душмандын мени андып калганын байкадым. «Душман мага көз артабы? Менде алардын эмнеси бар?» — дегенимче болбой, Керимбек ок чыгарды эле «Ай жемекчи эле жеди!..» — деген кишинин ачуу үнү кулагыма шак дей түштү. Кудай салбасын, менин күйөөм кеткен жактан мылтыктын тарсылдаганы басылбады.

Те, тоодон: «Ат! Ат! Колго түшкөнчө атып, өлгүн!» — деген каардуу бирөөнүн үнү угулат. Айланайын жалгыз аскер бизди камап турган кишилерге алдырбай жатат... Коркунучтуу! Жазыксыз бечара кишилердин каны ташка жайылабы? Мен да кайраттандым. Тапанчаны колго алдым... Суук кишилер мага жакындаганын көрө калсам, колдогу куралды басып... басып алууга даярмын. Аркы тоо

этегиндеги белестен, жоон топ жылкы шатырап үркүп, төмөнкү ойго түштү.

Биз аркы аттар жакка жүгүрдүк. Төш жактан таш кулады. Мага тааныш кишинин баркылдаган үнүн уктум. Көзүмө күйөөмдүн караанын көрүндү. Мен сүйүнүп кеттим. Алардын артынан кызыл аскерлер, добул отряддын жоокерлери жоон топ кишини төмөн айдап келатышат. Биз аттарды коктунун таманына жетелеп түштүк. Аттарды жыгач ташка байлай койдук.

— Таабалды!..

— Зуура! Силерди коркутуштубу?

— Ооба, бизди да камашты.

— Жолдош Жүкеев, тигини карацызчы, экөө жарадар болуп туткунга түштү. Үчөө тетигил белести ашып, тоо таянды.

— Билем, жолдош Керимбек Эркимбаев. Силердин добул отряд бизге абдан кыйын көмөк көрсөтүштү. Азаматтар экен.

Жоон топ басмачылар коктунун таманында шылкыйып турушат. Тээ төмөнтөн көп кишинин караанын көрүнгөндө:

— Ушул басмачылар талап кеткен малынын артынан келатышкан эл чыгар?

— Так ошондой, жолдош Жүкеев, бу Ат-Башылык дыйкандар. Малын айдап кетишсинби?

— Албетте, жолдош Эркимбаев, үйлөрүнө айдап кетишсин. Бар, Байбоосунов, бери келишсин.

Баары баштарын жерге салып, үңкүйүшкөн басмачыларды карай койсом, ошолордун арасынан бирөөнүн өңүтүсү мага тааныш... «Бу ким болду? Мен мындай, өңү жылуу учураган жигитти кайдан көрдүм?..» Ооба, ошону ким экенин көргүм келип, шашып мандайына бара койдум...

— Зуура! Басмачылардан сенин жакының табылдыбы?

Мен сүрдүү эриме кандай дээрди билбей, бир аз аптыга түштүм... Ага арац жооп таптым:

Таабалды, сен ачууланба, бул жигитти таанып турам.

— А, кайсы? Кандай жигит?

— Мени Какшаалдан тартып келгенде, кайнатамдын жана Чортектин атын токуучу малай жигити ушул болучу.

— Малай?! Ал кана?

— Мына, мына!

Таабалды менен Керимбек мен тааныган кишинин маңдайына барышты.

— А, ырас эле, баягы шордуу Элчибек тура,— Керимбек арышын кере-кере шилтеп, басмачылардын арасынан Элчибекти жетелеп ортого чыкты.

— Жолдош Жукеев. Бул нагыз кара таман батрак. Эс тарткандан бери байга малай жүргөн... Бу Батрачкомдун айтканына ишенбей, байдып аптама тилине кирип алданган. Бай кайда?! Сен эмне унчукпайсың.

Элчибек баш көтөргөн жок. Ал бечара жерди теше тиктейт. Ыйлоочудай көзү жашылданып, колдорунун титирегени билинет. Мен баарын көрдүм. Ал ата-энесин эстедиби...

— Сен, өзүң малай болсоң, басмачылара кошулуп, сага эмне болду? — Бечара Элчибек, селт эте түшүп, боздойт:

— Ыйлаба? Сен басмачыга неге кошулдуң? Алдандыңбы?

Элчибек калчылдап, үнүн каргылдантып араң ооз ачат:

— Айланайындар! Менин жанымды коё көргүлө? Мен кедей, карган чалдын жалгызы элем... караңгылыгыман байдын тилине кирдим. Мен жаңылдым. Мени зордошту.— ...Элчибек кыйкылдап муунду, өңү кара көк... Башын чайкайт. Көзү Таабалдыдан өтөт. Бечара малайдын жаны төрт чарчы. Менин ага жаным ачып, зээним кейип, анын таламын талашарымда, өзү эс-учун жыйып арманын айтууга жан талашты. — Бир боорлор, мени болуш алдады эле. «Кабактан чыккан чоң мерген Чомбилди деген басмачыга кошулуп, ушул малды айдап чек арадан өтүп кетебиз. Аякка барганда, сага: жылкы, кой, уй берем. Эркин жашап байыйсың. Башың бош. Элден талап алган тетигил малды айдап кете бер! Совет өкүмөтү сени алдап түрмөгө салат... акыры өлөсүң... баары кырылат. Ата-энең көргө көмүлбөй

калат. Эгер сен мында калсаң, катындуу болсоң, ошонун койнуна ар ким кезек менен жатат... Сен эч нерсеге ээ эмессиң» — дегенине чыны, ишендим эле.

— Чортек кайда? — Таабалды сылык андан сурады.

Бечара Элчибектин маанайы пас... Анын кебетесинен берки эски чекист биле коюп, аны жайкап сүйлөштү. — Элчибек, сенин кедейдин баласы болгонуңа ишенебиз. Убакыт тар. Болуш кайда, болуш?!

— Ал, силер басмачылар менен атышып жатканда, бадалдын арасында эле... Бир маалда жок боло түштү. Болуш, Султан, Қаратай машташып алышкан. Қабактан, Тогуз-Тородон басмачынын башын курап, көп мал чаап, чек арадан өтмөкчү болгон. Мен баарынын масилеттешкенин уккамын.

— Болду, баары бизге белгилүү.

— Басмачыларга кошулганын Чортек эртең танат.

— Бир боорлор! Мени... атпагыла! Зуура, мен адаштым, мени куткар... Керимбек, сен экөөбүз малай эмес белек. Байдын ирегесинде бирге кууралык эле го. Жан соога!

— Ой, ит, буларга тизе бүгүп багынат! Бас жаагыңды!

— Бу ким? Кимсиң?

— Ал Қаратай. Баарын кылган ушул. Айланайындар, силер мени атпайсыңарбы? Атама баратамбы? О, журт?

— Сабыр кыл, батрак! Совет өкүмөтү сендей кедей тукумун эч качан жамандыкка кыйбайт! Сага биз тийбейбиз. Сен эркинсиң. Қайда барсаң сага жол ачык. Кааласаң бизге кошулгун. Аттангыла жолдоштор!

Қышкы күн тоого жаңы чачырап тийди. Мен күйөөмө катарлаш баратам. Мындан кийин, мен андан карыш ажырабай калайын...

## 14

Биз ынакпыз... ынтымактуубуз. Турмушубуз эл катары агын суудай жылжып жай баракат өтүүдө. Күйөөм

Таабалды чарчабады... Ал куну-туну жанын жай алдырбай күрөштүн үстүндө. Мына, эртеден бери мен аны зарыгып күтүп, жалгызмын. Кээде түн ортосунда, кээде таңга жуук келгенде: «Ушунча да жүрөсүңбү? Жок дегенде түнкүсүн бир аз жаның жай алса боло...» десем: «Азыркы мезгил ошондой, Зуура. Биз Совет бийлигин өлүмгө башыбызды тигип коргообуз керек» — дейт. Бүгүн Таабалдым кайсы маалда үйгө келерин билбейм. Күн батарына аз калды. Кеч кирип баратат. Жайдын күнү жанга ыракат берет эмеспи. Мен үйдөн бир маал сыртка чыгып, сейилдеп, кечки салкында бак-дарактын көлөкөсүндө жүрөр элем. Бурмаке эженин кызы Орозокан тың кыз. Биз кечке маал уядагы балапандарынын тегерегине паапалап келген чымчыктарды көрөбүз. Кээси күн кечтеп кетсе да, балапандарына жем ташып келишет. Балапандары чыйылдашканын экөөбүз кызыгып тыңшайбыз. Тегеректеги там үйлөрдүн жээгине таранчылар бүт уялашкан. Күндө китеп окуп, колумду маштап жазгандан кийин эс алуу үчүн кара чыйырчыктын, таранчынын, көгүчкөндүн балапандарын көрөр элем... Балапандар энесинин тиштеп келген жемин чыйылдашып жегендери кызык. Орозокан экөөбүздүн убактыбыз балапан көрүп жана уясынан түшкөн балапандарды мышыктар жалман кетелекте уясына кайра сала коёбуз. Балапан уядан учарына аз эле күн калса керек. Баарынын канаты жетилди... Биз бүгүн да чымчыктардын уясын кыдырып жүрдүк эле... Менин капарымда эч нерсе жок.

— Зуура! — кимдир бирөө мени чакырганынан карай койсом Таабалды экен. Анын бүгүн күндөгүсүнөн эрте келгенине мен чыны таң калдым. Жаш секелек кыздарча тызылдаган бойдон жетип анын мойнун кучактап калсам, ал күлүп минтти мага:

— Сенин балалыгың качан калар экен. Эми үйлүү-жайлуу болгонунду билбейсиңби? Сен үй ээси болуп калдың.

— Сен, кандайча, бүгүн чоочугандай эрте келдиң?

— Үйүңө мейман келди. Жүр үйгө.

— А кандай мейман? Ким? Алыстанбы?

— Сен аны көргөндө таанып бекенсиң?

— Орозокан, бери кел!

— Эмне, Таабалды байке?

— Тигине апаң... Апаң келди.

— Апаке... апаке.

Биз турган там үй Бурмаке эженин короосуна тушташ жепирейген боз там. Ат-Башы кыштагынын эң эле жакшы имараттарынын бири ушул там эле. Таабалдыны колтуктап басып баратсам, биздин эшиктин жанында Керимбек. Ал добул отряддан которулуп милициялык кызматка өткөн. Бир топтон бери мен аны көрөлек элем. Милициянын кийими ага деле жакшынакай жарашып калыптыр. Бержакта кызыл бешмантчан чоочун бир келин турганын көрдүм. «Кайдан жүргөн неме» дегенсип, мен аны этибар алганым жок.

Биз аларга жакын барганда Керимбек жылмайып, мени миштип тамашалады.

— Кичине жеңе, үйүңө мейман келсе өзүң кайдасың?

— Мейман деген Таабалды экөөңсүңбү. Азыр силерди коноктоюн.

— Кой сой! — Таабалды мени кошо тамашалай кетти. Керимбек аркы жаш аялды көрсөттү:

— Бу келинди тааныйсыңбы, Зуура?

— А...а, Зарылбүбү эжеке, сиз белеңиз. Абдан өзгөрүлгөн экенсиз. Кантип сени унутайын. Акыры көрүшөт деген ушул экен.

— Зуура! — Ал мени кучактап калды. Экөөбүз тең шолоктоп ыйлап жибердик.

Муңдуу келин мени бооруна бекем кыса кучактап, буркурап жиберди. Аңгыча Бурмаке эже бизди сооротту.

— Чунак келиндер, курулай көз жашыңарды коротпой, болду, койгула. А, байдын келини бойдон куурап өмүрүңөр өтсө, ошондо эмне болот элеңер? Андан көрө бактыңарга жараша ушул заманга ыраазы болсоңор. Силерди күндүк-

төн куткарып азаттыкка чыгарган өкүмөт менен партия... Бизге эзели батпас күн нуру тийди.

— Ардактуу карындаш, кымбаттуу Бурмаке жеңе, үйгө кирип аздыр-көптүр ак дасторкондон даам ооз тийиңиздер? — Мен ызат кылып аларга эшик ачтым. Таабалды элпек, кичипейил эле, экөөлөп самоор коюп жибердик. Самоор кайнаганчак, мен куймак куйдум. Анткени күйөөм куймакты өлгөндөй жакшы көрүчү... Кургак жыгач жакканда, самоор заматта шакылдап кайнады, мен куймакты бышырып жибердим... Биз, эзилишип сүйлөшүп чай ичеп баштадык. Бечара Зарылбүбүнүн кандайча Ат-Башыга келгенин билгим келет. Мен муңдуу келинди аяп кеттим.

— Зарылбүбү эже, биз чын эле көрүштүкпү?

— А... а, садагаң болоюн Зукеш, ушу сени көрөм деген менде ой жок болучу. Жаман күн жакшы болот деген ушул турбайбы. Жакшылык менен көрүштүк.

Таабалды жөнөкөй, карапайым. эч кандай төрө кыялдыкты билбеген ачык-айрым... ал куймакты бурдай сугунуп жеп жатып, көзүнүн кыйыгы менен тиктеп, тамашалады:

— Зуура сен, бу, Зарылбүбүнү көрүп олтурганыңа анча ишенбей турасың го дейм.

— Ооба оюмда жок болчу.

Керимбектин ак-жуумал, сары чийкил өңүнө кичине билинер-билинбес кызыл жүгүрө түшүптүр. Анын көңүлү куунак. Ай чиркин ай, адам дегендин санаасы күлүк го... Көз ачып жумганча, алдан немелер... деги капкайдагы бир элестер эске келе калат... Баягыда Керимбек койду кайтарбай бай менен чырдашып кеткенде, артынан ушул Зарылбүбү эженин муңайып, көзүн айырбай караганы азыр эсиме түшөт... Өлбөгөн киши алтын аяктан суу ичет деген ушул.

— Зуура, сен Жаке мырзанын зайыбы кандайча кудайдын парманы менен мында келе калды? — дегендей таң калып турсаң керек.

— Ооба, таң калып эле турам. Байдын мырза уулунун суук колунан бошонгонуна абдан таңым бар.

— Муну Совет өкүмөтүнүн бийлиги бошотту.

— Туура, туура айтат Таабалды. — Бурмаке эже боргулданып тердеп менин күйөөмдүн сөзүн коштоду. Орозокап биздин сөздү түшүнүүгө тырышат.

— Ичиңиздер... Ичсеңиздер. Ии... Зарылбүбү жеке, сүйлөп олтуруңуз. Мен сиздин сырды билгим келет. — Мен Зарылбүбүгө жан-алым калбай ичи-койнуна кирип лепилдедим. Бечара келин Таабалдыдан ниймени турабы же ачылып сырын сыртка чыгарып көрбөгөн, өмүр бою эзилип келген, караңгы неме жазганып жатабы, ал унчукпай жер тиктейт. Ошентсе да жүзүндө кубаныч бардай сезилет мага.

— Сен эмне, уялып жатасыңбы?

— Ооба, бу Таабалдыдан уялып жатат көрүнөт.

— Эмнеге уялат? Мындан ары ачык болгун.

— Ушундай,— деди Керимбек тамашалап, анда Зарылбүбү унчукпай төмөн карап мостоёт.

— Уялчаак болбогун, карындашым. Эгер сен өз жаныңа тың болбосоң, сени дагы бир шылуун калыңга сатып жиберет. Мен чындыкты айтып жатамбы, жолдош Алжамбаева? Уятсыз, кара мүртөз, карасанатайлар кимди аяшмак эле. Ушул күндө амалсыздан силерге окшогон канча кыз-келин бай-манаптын колунда куурап жүрүшөт. Ошол шордууларды эзүүдөн куткаруу үчүн партиянын мүчөлөрү, комсомол уюмунун мүчөлөрү бүт жандарын таштап зулумдар менен кармашып жатышат. Күрөш көптө аяктайт.

— Зарылбүбү эжени силер түбөлүккө азаптан куткардыңарбы? — Мен ушинтип сурадым.

— Таабалды менен бу Бурмаке эженин катуу киришүүсү менен гана Зарылбүбү курдаш мырзанын суук колунан кутулду.

— Ырас айтат,— дейт Зарылбүбү. Ал жаркылдап сөзгө аралашып, шаңкылдап күлдү... Улам өзүн ээн-жайкын сезди... черин жазып ачыла түшкөнү ай э!

— ...Ай, секет болоюн Зуура, ошол түнү сен качканда... Бу байкем (ал башы менен Таабалдыны жандап көрсөтүп) үч күнү камалып жаткан өчүн кекчил Жаке менден алды... «Кара ит, сары ит, баары бир ит»... дегендей катынсың... чачың узун... акылың кыска?! Сен да бир күнү качып кетесиң» деп жанымды көзүмө көрсөтүп, карсылдатып сабады. «Заман колдон кетти... заман бузулду...»—дейт. Ач карышкырча улуп-уппуп боздойт... Алар намыстанып, сени кайра алуу үчүн алтын-күмүшүн аябай чачышты. Пара беришти... Арыздашышты. Качан гана сен: «Сүйдүм, тийдим» деп бу абакеме баса бергенде гана, көксөөлөрү суул... айлалары түгөнүп, жер муштап кала беришти. Азыр да кекенишет өчтөрү бар. Колуна түшсөң, сени тирүүлөй жутат.

Зарылбүбүнүн сөзү ачык. Караңгы, эзилген, келин өзүнө укук тийгенин түшүнүп калган экен... аркы-беркиге түшүнгөнүн мен кебетесинен сездим.

— Кантип гана бошонуп чыктың, жеке?

— Азап менин да жаныма батты, Зуура. Кайгы жүрөгүмдү муздатып, мүңкүрөттү... эрим этимен-эт кесип кордоду. Кордоо жаныма батты. Айткылачы айланайындар, ошолор мени адам катарына кошушту беле? Жок. Бурмаке эжемдин өкүмөт болгону менин кайнатама жагабы? Алар «катын кишиби дешет. Комсомол болгон мобу Керимбекти каргашат. Азезил шайтан, тозоктон чыккан сүзөнөөк бука дешкенин кантейин. Анан кантип менин тилим чыкпасын. Мен да жанмын го... Этим ачыпды, тилим чыкты. Элди көрүп менин бетим ачылды. Кеңеш өкүмөтүнүн заманы... Акыры эсиме келдим. Эрик менин өзүмдө, уруят заманы, кетем... дей берип, жадаттым. Мына эмесе деп баса бердим. Сенин күйөөңдү медер кылып, кара туттум... Силерди издеп, тызылдап жүгүрдүм. Бурмаке эжекем бүгүн менин тилегиме жеткирип, башымды ачты. Эми башым бош. Төбөсү ачык, түрү суук көр сыяктуу коркунучтуу үйдөн мен чын кутулдумбу? Мен кайрылып Жакенин жүзүн көрбөсөм экен... Кудай анын жүзүн ары кылсын...

— Зарылбүбү, сен тилегиңе жеттиң. Мага ишенбесең Бурмаке эжеңден мобул Таабалды абакеңден деле сурасаң. Биз зулумдардан эмнелерди көрбөдүк... Бизге кезек келди. Зууранын, Зарылбүбүнүн, өзүмдүн, жеке гана биз эмес, бизди эзип келген, бай-манаптан эми да коркобузбу? Заманга жараша кедей да өчүн алар.

— Керимбек!

— Ишене бергин.

— О, жараткан! — Зарылбүбү кудайга жалынып, бир бото көзүн жоодуратып, баарыбызды бир сыйра карай тиктеп анан Керимбекти астыртан чымчыды.

— Карындаш, сен мындан ары ээн-эркин өмүр сүрөсүң. Сага окшогон байда камыккан эзилген кыз-келиндерге... кор болгон аялдарга жол ачык. Бурмаке эжең аялдар жөнүндө, аялдар бөлүмү менен кеңешип койгон... Алыскы шаардан окуп, келгенде сени ошондо көрөрбүз. Адам бол. Аман бол.

— Мен да... мен да окууга барам,— деди Бурмаке эженин мотураңдаган кызы Орозокан.

— Бар... баргын.

— Мени Нарынга дейре ким узатат? Окууга бараткан кыз-келиндерди жолдон касташкан кишилер кармап, кордоп, иттей абийирин кетирет дешет. Ошо чынбы.

— Эгер силерге жаман кишилер катылышса, өз баштарын жутушат. Кыз-келиндерге кайда барса жол ачык... Баарыңардын жолуңар шыдыр болсун, карындаш! — Таабалды кайгы-зардан кутулган келинге ушундай акыл-насаатын айтып, ага жакшылык каалады.

— Окууга кеткенче биздикинде болгун.

...Арадан үч күн өткөндө, Таабалды экөөбүз Зарылбүбүнү алыскы шаарларга окууга баратышкан кыз-келиндерге кошуп узатып: «кош, Зарылбүбү, сапарың ачылсын» — дедик. Керимбек окууга бараткан кыз-келиндерди Нарын дарыясынан ары узатып, кайра тартыптыр... Зарылбүбүнүн келечектеги тагдыры кандай болор экен?

«...Улуу совет элиң бар,
Бүткүл сенин демиң бар.
Коркпой иштеп ишинди.
Душманыңдан кегиңди ал».

*(Балка).*

## 15

Жылдар өткөн... Менин көзүм караңгылыктан кутулган. Душманым ким? Мен аны кадиксиз тааныгамын. Ооба, мунум чын. Жакыным ким? Муну да билем... Мендей толук караңгы аялдарга бак-таалай берип, жарыкка чыгарган ким, ошону да бүт өмүр бою унутпас болгонмун. Азыр, биерге көп эл жыйналыптыр. Мен ушулар менен-мин... Биздин кишилер өздөрүнө мурда кас зулум кишилер менен түбөлүккө коштошкону кармашып жатышат. Элге ниети кара залимдер эл арасынан тыптыйпыл сүрүлөрдө өлгөндөй өжөрлүгүн көрсөтүшөрүн сезген элем. Кас кишилер Нарындан, Ат-Башыдан кулактарды жер которуштуруучу маселесине жараша келген экен. Эртеден бери дөөлөттүү кишилер ачыкка чыгышып, өз укуктарын талашышты. Эң акырында, бештен белгилүү эски болуш буркан-шаркан түшүп, каарланганын көр. Ал өз башын актоого аракеттенип, элге жалынып, ботодой боздогонго дейре барды. — О, журт! Биз кимиңерге жаздык эле? Кайсы жардынын жанын койбой сууруп алдык? Биз кимди кордоп тирүүлөй көргө көмдүк? Ошону ачык айтсаңар? Жусубалы бай мына, тирүү эле маңдайыңарда турат, ушул силердин кимиңердин каныңарды шимиди? Биздин колдон жер-сууну беш жылы илгээри тартып алган элеңер го. Эгин даярдоо, катуу тапшырма бердиңер. Муну да бүтүрдүк. Үстү-үстүнө үйгө налог чыгардыңар, андан да кутулдук. О, айланайын журт айтсаңарчы... Биз силерге кайсы жерибизден жаздык эле? Ырас мен жанымды коргоп качтым. Жол тапсам дагы качат элем. Кутулалбай калдык.

Таабалды: — Сиз кимден качтыңыз?

Эски болуш жана беркн кас кишилер жандарын үрөшүп, актанышат:

Жусубалы:— Таабалды, мен момун... жоош, кишимин. Ырас баймын. Сен өзүң Совет өкүмөтүнө ак кишисиңби? Бизди кулакка тарткызганы атайы Нарындан ээрчитип, Ат-Башыдан ала келген өкүлдөргө чыныңды айтсаң кантет. О, кагылайын каралды элим. Ушул Жукеев менин колумдан кадактап алтын-күмүш алган... бу пара менен өкүмөткө ак иштеп жатабы? Ай, кагылайын журт, мен силерден... ушул туулган жерден куулуп кайда тентип кетем. Садагаң кетейин эл, бизди актагыла. Силерге кара башыбыз тартуу жанагы кулак деген жаман атыңарды мага неге жамадыңар? Мм... Ии... уу! Айланайындар ау-ау-у! Жан соога. Баш неге айдоого кетет. О, ырыскыларым. Кек... кек куушпайлы. Баарын унутушалычы. Алычу малыңарды жөн гана алгыла да кара жаныбызды аман койгулачы. Ошо айылда батрактардын башчысы Шапке деген киши бар экен, ал тимеле буларды кулакка тартпаса, эл ичин бузушат деп сунуш кылды.

Таабалды былк эткен жок. Керимбек менен Кул тимеле кутургандай кыжырланышты.

Эски болуш:— Эй, кагылайын бир боорлорум, эл-журтум. Арманыбыз адилет силерге жетер бекен, ошону угуп көрөр бекенсиздер? Мен силерден алыс кайда кетем.

Керимбек:— Болуш, сенде арман барбы?

Эски болуш:— Бар... бар кара башымды чабайын, Керимбек балам. Биз акмак болуп, дөөлөттүү чагыбызда силердин баркыңарды билбептирбиз. Керимбек сен, берегп Кул балам экөөнө окшогондорго кичине тилибиз тийген чыгар, ошону силер кектейсиңерби? Силер кимдин көкүткөн аптама тилине кирип, мага окшогон жакыныңарды арадан куугуңар келет? Токмоктун жанына айдатып барып, Чоконун уулу Казы баатырды аттырган ушул Жукеев эле го. Кытай жериндеги бектери менен байланышкан ким? Ошол ушул Таабалды экени жалганбы! Бу чыккынчыбы? Же мага окшогон күнөөгө жыгылабы?!

9—3956

Каратай:— Менде айтар сыр бар. Басмачыларга жан тартып, ошолорго тымызын курал-жабдык бердирген так Таабалды экенин, те түштүктөн чыккан корбашы Аман-Балбан, Калыбек, Мойдун, Кашкардан келген улуу ыйман Мирзе менен, а түгүл ак офицерлерге жашыруун кол берген деген имиш бар. Те Өзүбекстандан чыккан атактуу корбашы Холбутага да кол берип, ошонун таламын талашып, совет кишилерине каны кас имиш. Мунун баары жашыруун... О, кагылайын калайык, анан ушуга мени кала берсе, мобул Чокемди каралатып коёсуңарбы?

Туш-туштан үндөр чыгат:

— Жалган го.

— Койчу?!

— Э, мунун баары жалган чыгар.

— Таабалдыга байлар, манаптар кас.

— Туура айтат.

— Ой, байлар арабыздан кетсин!

Керимбек:— Каратай, мырза, сиз, мобул турган жардыжалчыга дыйкандарга, мага окшоп сизге нечен жыл жаш кезинен куурап койчу болгондор азыр кеңешип Таабалдыны кантип жоготор жолун үйрөткүңүз келеби? Кыязы дартыңыз ошондой го дейм. Жок, муну каралай албайсың сен.

Мен Таабалдынын жанында тургамын. Ал тигил кулактын өзүн каралап «Сен Совет өкүмөтүнүн кас кишиси»—дегенин деле капарына алып, каакы деп койсочу. Күйөөмө жан тартканыман, менин жаным алек-челек... ичим ачышат. Кыжырым келет. Душман ачык чыгышты.

Каратай:— Эй, кара башымды силерге чабайын журт, силер буларга алданбагыла! Булар жоош, момун, ак көңүл, жакшы Бурмаке Алжан келинин акырын алдап, бизди куудурган жатышат. Жанагы мен айткан контрреволюциячыл бузукуларга силер ишенген ушул Таабалды кошулуптур. Эң ири алды менен ушул болуш катынды соёт. Жарданып турган баарыңардын түбүңөргө өзү жетет. Ой, арман ай! Мына ошондо жок жалага кабылып

айдоого кеткен менин айткан бир керезим эсиңерге түшкөндө, баарың оозуңарды карманып, бармагыңарды тиштеп: «Аттиң ай!» дээрсиңер. Анда өкүнгөнүңөр кеч болор. Бурмаке, сен ошондо Таабалдынын ким экенин билерсиң. Бизди каралабагыла!

Бурмаке: — Каратай мырза. Нарын, Ат-Башыдан өкүлдөр сиздердин маселеңерди чечишкени келсе... а силер кайра ошол өкүлдүн өзүнүн куйругуна талпак байлап үркүткүңөр барбы?! Кыязы түрүңөр ошондой го. Чамаңарды көрдүк... эми кантиш керек? Байлар, силер кайра өзүбүзгө жармаштыңар. Мына кулактар катуу чабуул коюшту. Дагы ким сүйлөйт?

Каршылыкты байлар ачык башташты.

Эски болуш: — Биринчиден Жукеев «орус» баласын жек көрөт. Бул анын күнөөсүнө чоң далилдин өзү болбойбу?!

Керимбек: — Ошондойбу? Таабалды ондогон жылдар бою ак падышаны талкалаган орус баласы менен кошо жүрүптүр.

Кулу: — Ошону айтсаң!

Бурмаке: — Баары жалган.

Керимбек: — Каратай, сен байсың, манапсың, азыр эми, кедейге теңелгиң барбы? Өзүбүздү каралагың келег. О, журт, кулактардын амалын көрүңөрбү? Ким ушул арамзаа кулактын сөзүнө ынанат.

Керимбектин сөзүн кубаттагандай жыйынга катышкан эл дүүлдөшө калышты эле, кулактардын өңү бузула түштү. Эң артында Таабалдыга сөз беришти:

— Жолдоштор! Биерде кедей-дыйкандар, батрактар жана коммунисттер, комсомолдор олтурасыздар. Биз атайын кулактарды жер которуштуруу маселеси боюнча келсек... сиздерди эзип, таптап, жер-сууга ээ болуп, малай жумшап келген ак сөөктөр өздөрүн тап катарында жойдурбай мени каралап, силердин араңардан мени жойгону аракеттенишкенин өзүңөр көрүдүңөр. Булар кармашат. Султанбай, Акматбек, Борончу, Тарутайга окшогон кедейлер

байлардын аптама тилдерине киришип, кулактарды актагысы бар. Силердин көзүңөрдү таңган кимдер? Ушул кулактар болуп жүрбөсүн? Силердин акыңарды жеген да ушулар эмес беле? Совет өкүмөтү сиздерге укук алып берсе... эркиндикке чыгарса, ошондо да кээ бирөөң байдан, манаптан кол үзө албай ошолордун алдаган тилине кирип, алдыртан жактадыңар! Алдангансыңар. Силерди азезил көркоо, кан соргуч мителер азгырыптыр. Азыр араңардан, майлуу-сүттүү жерден эмгекчи кедейди эзип келген, дөөлөттүү кишилер кантип кеткиси келсин... душман кишилер өлүп бараткандa деле соо көз жумбай айыгышып, кармашат... Ак кишилерге бузукулар жала жаап, кутургандай качырары шексиз. Антпесе бизге душман кайдан болсун.

Менин ким экенимди партия менен өкүмөт жана кедей баласы билер дейм... Нарын, Ат-Башы өрөөнүндөгү кулактарды силердин араңардан тазалаганы жатсак, алар кутургандай долуланышты. Менин үстүмөн эски болуш, Каратай, Жусубалы жана Чачтуу болуш арызды тетиги түпкүрдөн келген тазалоо комиссиясына да сунуп көрүштү. Ак болсоң чындык жеңет. Мени комиссия тазалоо акташты. Мен мындан ары ого бетер күчөп... а түгүл бүгүндөн баштап, азыр эле душманым менен күрөшөм... дөөлөттүү, ак сөөктөр адам күчүнөн пайдаланып келген. Дүйнөгө жаңы жаралар биздин тукумубузга булар зыяндуу... Кимде ким кулактардан кутулгусу келсе, ошол ячейканын, айылаткомдун чечимине кошулушсун... Кана, бир боорлор, эгерде макул болсоңор, душман араңардан тазалансын.

— Кол көтөрбөгөндө кулактарды колдомок белек. Арабыздан азыр айдалышсын,— дейт бир батрак.

— Бул байлар биздин атабыздан калган туяк бекен!

— Булардай эзүүчүгө биздин кайнаса каныбыз кошулбайт...

— Токтоосуз жер которуштурсун.

— О, журт, силер бизди кууйсуңарбы?!

— Айланайындар, аясаңар болбойбу.

— Биз кулактан кутулалы.

— Мал-мүлктү алдыңар, эми башыбызды соо койсоңор болбойбу?!

— Чоке, өзүң кимибизди аядың эле? Бизге да кезек келди.

— Ошону айтсаң, эми эстерине келе калышканын карасаң!

— Кедей-кембагалдар! Бу дөөлөттүү шумдар, кимибизге ырайым кылышты эле?

— Током ак сөздү айтып жатат... Тап көрүшүн баштаган соң, эми эч кимдин көңүлүнө карабай, эч кимге тартпай өзүүчүлөрдү өз жолуна түшүрүп, узатсак биз тынч жашаарбыз. — Кул ушул сөздү үнүн жогору көтөрө күпүлдөдү... көпчүлүк дүүлдөшүп калышты.

Ошол эле күнү... ошол эле саат кагылайын көпчүлүк өз араларынан эски болушту баш кылып, жоон топ дөөлөттүү эзүүчүлөрдү, болгон эң олуттуу душандарынан түбөлүккө кол үзүштү. Токтоосуз жат адамдар айдалышты... Керимбек, Кул жана өмүр бою күрөштөн талыкпас менин жолдошум, өмүрлүк жарым, эмгекчилерге жат адамдарды эл арасынан тазалашты.

Бурмаке жер которуштурууга кеткен кулактардын малмүлкүн конфискациялап, көпчүлүккө берип жатат.

* * *

....Мен кош бойлуу элем. Айы-күнүмө жетишип калганын билелек элем. Биз үйгө эрте жетүүгө ашыктык. Жолдо мен чыдай албай баратам. Бирок, күйөөмө билгизбөөгө тырышам... жашырам.

— Зуура, сен кыйналып баратсаң керек... Сен кулактарга сокку урган жерге неге келдиң? Мен өзүм эле, коммунисттер менен жетишет элем го... Балким, мени алда неме болот деп коркконсуң го..

Мен саал кысылдым... Анткеним менен көзүм чачырап, араң ат үстүндөмүн. Белим үзүлүп түшөт. Суналып жаткан мелтиреген түз талаа түгөнсөчү... Алыс... алыс бу

качан түгөнөт. Аттар текирең-таскакка салды... «Ка-ап, үйгө жеткенчек, сен абдан кыйналасың го...» Таабалды мойнун тескери буруп, мени укпасын дегенсип: «Толготуп калыптыр. Ошондой болуш керек. Деги аман-эсен төрөсө экен». Ал тору аттан түшүп, кел, буга мин. Мунун үстү тынч... — деди. Жол жүрүшү бар тору-кашка атка мени жаш балача көтөрүп меңгизе койду... Аттар зымыраган бойдон жөнөдү... Мен ээрдимди тиштеп, чымыркаиып баратам.

...Биз үйгө жеткенибизди билем... Андан ары жаным кыйналып, көзүм тунарып, жаным алек-челек... «Толгоо... толгоо эң эле катуу келди!» — Мени тегеректеген катын-калачтардын үшүнтүп кобурашканын кулагым чалат. Үндөр кулагымда... Кайсы маал эненин да билбейм... Кайда көптөн кийин көзүмдү ачсам: «эсине келди», «көзүн ачты»... «Олдо байкуш ай!» «Бурмаке жеңе, Таабалдыдан сүйүнчү аларсың» дешип чуулдашты. Ошол маалда Таабалды эшиктен үйгө киргендей болду окшойт... Катындар кобураша түшүштү.

— Э, кайним, зайбың эс алды... эми коркпой эле кой... — Анан Бурмаке эжеке мага кайрылды. — Зуура, сен кырк жылкы төрөдүң... Атын Нарынбүбү койдук... Кызың атасына тимеле куюп койгондой опокшош... Баарыдан ошонусу сонун... Болсун бечара, болсун.

Мен башымды көтөрө койсом, Таабалды кубангандан жүзүн албыртып, турганын көрдүм. Ошондо: «Мен да эл катары балалуу болор бекенмин, бала — бакыт. Бала — ырыс-кешик. Зуура мен бала көрбөй өлүп кетемби?» — деп үнүн каргылдантып сыздаганы эсиме түшө калды.

## 16

Нарын шаары Ала-Мышыктын тоосунун түбүндө экен. Анын күн чыгыш жакка жээгин бойлоп, чалкып Кыргыз дарыясы, Нарын өтөт. Жепирейген боз там үйлөр, көчө чаң... Кайсы бир үйлөрдүн терезесинин көлөмү (эгерде

ашыртып айтсак) төөнүн «көзүндөй»... Карангыда чырактын шооласы кызгылтым тартып, терезе экенин араң-араң байкайсың. Калаада көбүнчө ашпозчу, набайчы бойдок уйгурлар жана дүкөн кармаган кызыл кулак өзбек менен ногойлор көп. Элеттен келген кыргыз баласы аз...

Дарыянын боюнда чек арачы аскерлердин казармасы бар. Бизге ошол казарма тегеректен үй тийген... Таабалды кадимкисиндей чалгынга кеткенде, мен Нарынбүбүнү көтөрүп, соодагерлердин дүкөнүнөн куурчак сатып берем.

Нарынбүбү ак жолтой болуп, артынан удаа эле Нарынбекти ээрчите келген. Кайненем Толкун неберлеринин үстүнө үйрүлүп түшөт.

Ошентип күндөр өтө берди. Элдин турмушу, тиричиликке көз карашы күндөн күнгө өзгөрүлүп баратат. Окууга элет балдары, кыз-келиндер узашты... Шаардагы жана айылдагы калктын баары дитин окууга коюшту. Бай-манаптын балдары кой терисин жамынышып, жылт беришкен бойдон алыскы шаарларга өтө качышканы угулат. Комсомолдун ячейкалары ошолордун артынан сая түшүп куушат. Бай-манаптын калдыгы менен кармаш курчуду. Залимдердин кээ бир шумдары эптеп жол таап чек арадан жазгырып өтөрдө, кызыл аскерлер кармаганын Таабалды мага айтып келет. Ич-арадагы кек кууган дөөлөттүү кишилер көбүнчө менин күйөөмө кастарын тигишет, кекенишет... Түндөгү түнү кайдан-жайдан жүргөндөрүн ким билсин (түн ортосу оогондо) терезени кагышты, андан кийин эшикти тарсылдатып, мазени алды. Кайненем экөөбүздү коркутуп жүрөгүбүздү түшүрүштү:

— Эй, Таабалды, эгер, сен анык эр болсоң корунбай бери чык! Чык дегенде чыгасыңбы?! Же эшигинди талкалайлыбы?!

— Сен кимсиң?

— Эй, Толкун, уулуң кайда?

— Ал жумушунан келелек. Силер түн катып кайдан жүргөн немесиңер? Ары баргыла балдарымдын жүрөгүн түшүрбөй.

— Толкун, сенин ак жүрөк уулуң кудайдын сүйгөн дөөлөттүү пенделеринин түбүнө жетти...

— Биз андан кек .алганы келдик... Ачкын!

— Кеткиле! Балдарымдын жүрөгү түшөт...

— Ач! Ач, карган мастен.

— Силер кандай ээн баш немесиңер? Ушунчаңарда жөн кеткиле дейм.

— Толкун, уулуң Таабалдыга эскертип койгун... Ал бай-манапты тукум курут кыла албайт. Биз айдоодон келдик.

— Жаагың сынган какмар десе! Сен кандай чуулгандуу итсиң? Ушунчаңарда кетесиңерби?

Кайненем кайраттуу киши эле, жан-алы калбай оозгу үйдөн аркы бизди камап тургандарды урушуп кубалады. Ал өлөрмандар ансайын көгөрүп, эшикти талкалашмак болушуп жандарын үйрүшөт. Аңгыча бир оокумда «тарс... тарс!» дей түшкөндө алардын табырашып качкандарын уктук.

— Кагылайын, Таабалдым келди окшойт! — деп коркуп турган кайненем каалганы ача коюп, жүгүрүп эшикке чыкты эле, ага удаалаш мен да жүгүрүп чыга калдым.

— Качсаңар окко учасыңар. Эгер жаныңардан үмүтүңөр болсо былк этпегиле! — Бу Таабалдынын үнү. Мен тааный койдум.

— Токтогун! Баарың көтөр колуңду!

— Жан соога!

— Атпаңыз! Биз багынабыз.

— Айланайын, Таке, бирөөнүн шыкак берген түрткүсү менен мен шордуу келдим эле...

— Силерди ким тукуруп жиберди?

— Эй, сен аны сурап эмне кыласың? Мен сени өлтүрүп кегимди алмак элем. Бирок, тилегиме дагы жетпей калдым.

— А, Каратай мырза! Кайра качып келген экенсиң го.

— Пишпектин абагынан качкамын. Бүгүн түнү сенин ысык каныңды ууртап... Анан көздөн кайым болмок элем. Тилегиме жетпей калдым. Колумда мылтык жок эле. О, армандуу дүнүйө!

Таабалды өзү жеке колго түшүргөнү деле бир топ киши экен... Калгандары өздөрү келишти ар жактан. Мен даап алардын жанына бара албадым. Муунум калчылдайт. Ушул каракчы Каратайдын менин сары изиме чөп салып, сүрө куүп келгени качан калар экен? Таабалды тигилердин үстүнөн капилеттен чыгып, дубалга такап тапанчасын кезеп турат. Айланайын кайненем көптү көргөн сергек, кыраакы киши эле, Таабалды тигилер менен кажылдашып жатканда, жылт берип жок боло түшкөн, көрсө, ошол тегеректеги коңшуларды тургузуп келе коюптур.

— Булар кимдер ыя, Таке? — деп сурады энтеңдеп ири алдыда келген баягы Керимбек.

— Ким болмокчу эле, жолдош Эркимбаев. Эл арасынан очак сүрүлгөн баягы Каратай кулак да. Жоон топ өз кишилерин кокутуп келип, бизди кырмак экен. Бу саркындылар дагы кармалып калышты. Бул аңдоостон келип менин балдарымды өлтүрмөкчү экен.

— Сен өзүң түшүп бердиң колго. Эми өкүнбө, Каратай мырза. Берeги кишилерди сен кыстап ала келгенсиң да, ошондой эмеспи!

— Ата-бабанын жана касиеттүү шайыктардын арбагын сыйласаң... кудайдан корксоң, сен бу сапаркы күнөөмдү кечирерсиң.

— Курулай убактыны алып убара болбоңуз, Каратай мырза... Сен ээрчитип келген кишилердин кимиси күнөөлүү, кимиси күнөөсүз, аны билебиз. Баары мага белгилүү.

— О, жараткан, өч... өч алалбай арманда кетет деген ушулабу?

— Мурдагы күнөөңүздүн үстүнө дагы өзүңүз күнөөнү тилеп алдыңыз, — деди Таабалды аларга акыркы жолу. Жолдош Кул Байбоосунов, силер булардын жанын тинткиле. Көрүп турам куралдары бар.

Кул менен Керимбек экөө тигилерди тинтишти эле, алардын жандарынан канжар, эки миздүү шамшар жана ойбалта чыкты. Бу кармалган ичи бузук кишилерди Таабалды жакка Керимбек жана Кул Байбоосунов үчөө ти-

гилерди тийиштүү жерге тапшырганы кетишти. Күйөөм. ана келет жок, мына келет жок. Кайненем экөөбүз аны «эмне болду....» — деп сары санаа болуп корктук. Нарынбүбү менен уулу Нарынбек атасын күткөнсүп, чукуранышып ойгонушат... Кайненем эстүү киши да... «Бала периште болот, атасынын келерин билип чукуранышып жатат» — дейт. Таңга жуук келди Таабалды.

— Олда, жанымды чабайын кулунум ай! Он алты жашыңан бери жаның бир кенедей жай албады, чарчадың... чаалыктың. Эми ушу кой үстүнө торгой жумурткалаган сонун заман келгенде, бир жаның жай алсачы... эс ал, эс алсаң!

Таабалды мээримдүү, эң кайраттуу энесин үйкусураган көзү менен карап жакшынакай керилген коюу кара мурутун сылап минтип күлдү:

— Мезгил ошондой, апа. Эл үчүн жанды аяганда болбой калат да. Бала көрбөй өтөмбү дедим эле, эми балдарым бар! Зуура, мен баягыда күчүктү кучактап «Балам жок» деп ыйлаганым эсиңдеби? Эми балдарым бар... менин бактым бар.

* * *

Ошол түнкү окуядан кийин үч ай өттү. Бир күнү Таабалды мени үйдөн ээрчитип көчөгө чыкты. «Пудовкинге белек» деп артына жазылган күмүш сааты ондон жаңы оогон экен. Ал саатын мага көрсөтө коюп: «Бас бат!» — деп өзү арышын кере-кере шилтейт. Мен андан калбай такымдап баратам. Биз кайда барарыбызды эримден сурай элекмин. Чоң көчөнүн үч кошконуна жеттик. Көчөдө атчан, жөө эл ар кимиси өздөрүнчө сүйлөшүп турушуптур...

— Биз сотко баратабыз. Андан чыккан соң, сени жаңы ачылган дүкөндөрдү кыдыртып базарлатам... Айтмакчы, эртең 8-март эмеспи. Сени майрамың менен куттуктап, кызыл жибек жоолук алышым керек...

— Токточу!
— Эмне?
— Мени сотко эмне ээрчитип баратасың?
— Бүгүн түнкү Каратайдын чатагы жөнүндө сот чакырыптыр.
— Тамашаңды койчу! Барбайм, корком.
— Барып көргүн.

Мындай мурда ушул чоң көчөнүн орто ченindeги үстү көк тунуке менен жабылган үй соттун суракка алар жери ушул дейкенин ар кимден укчу элем. Эркимбаев Керимбек, Кул Байбоосунов жана тармал куйкул сары чачын шапкесинин сол жагынан сеңселтип чыгарган, көк көз, кырдач мурун, москоолунан келген Антонов да ошондо экен. Алар өздөрүнчө короодо каткырып турушуптур.

— Саламатсызбы, Таабалды аке!—деди баарынан мурда озунуп Керимбек.
— О, амансыңарбы жигиттер.
— Таке, орун кут болсун. Кантондук жер бөлүмүнө которулуп кетипсиз,— деди Байбоосунов Кул. Бу эки жигит Таабалдынын оң колу эле... Ак иштешкен... ак жүрүшкөн.
— Ыракмат. Партия кайда жиберсе мен ошоякка тартынбай кете берем. Мен партиянын солдатымын!
— Кана, кириңиздер, бизди чакырып жатат,— деп Кул Байбоосунов кудуңдап алдыбызга түшүп басты. Сурак болор жерде беш-алты киши башын жерге салып, үңкүйүп олтуруптур. Мен Таабалдыга катарлаш олтурдум. Биздин алды жагыбызга Керимбек, Кул Байбоосунов олтурушуп, алар кылчайышып бизге бирдеме дешип жатышкан. Сот бир эркек, бир аялды ээрчитип келип. ордунан жай алды. «Кызык! мен кимди көрүп турам!..» — деп мен Таабалдынын кулагына шыбырадым.
— Сен'ага кезигелек белең?
— Ооба.
— Окуусун бүтүп келсе керек. Убакыт да, өмүр да билинбей өтөт, Зуура. Кечээ эле Орозакан экөө окууга узаттык эле... Мына окуп келе калышты.

10*

— Мен муну жаңы көрүп олтурам.

— Зарылбүбүнүн Нарынга келгенине бир топ күн болду... «Өлбөгөн киши алтын аяктан суу ичет» — деген ушу. Эзилген, караңгы кыргыз келинин жаңы заман окутуп адам кылды. Жаштар уюму тарабынан сотко кеңешүүчү өкүл болуп келген тура.

Мен алеки саттын ортосунда Зарылбүбүнүн кебетесине, үстү-башына көз жүгүртүп чыктым. Анын үстү-башы таза... жүзү жарык. Көңүлү да куунак көрүнөт. Кебетеси тың... Баягы эзилген шордуу келин жок. Ал өңүнө түспөлдөп татынакай күрөң шапке кийип алыптыр. Зарылбүбү мени тааный коюп, жылмайып, башын ийкеп, күдүңдөдү. «Аялдарды көтөрмөлөсө эле, эркектин катарына бат кошулат турбайбы» — деген ойго кеттим.

— Таабалды!

— Чиши!! Биерде катуу сүйлөбөй, шыбырап сүйлөгүн.

— Тигил сот ким деген киши?

— Сатаркул Бакиев деген ушул.

— Ии де...

— Өзү Жумгалдык. Эң адилет... чынчыл, калыс сот. Кедей дегенде жанын таштайт.

Чарчы бойлуу, көзү жоодурап чанагынан чыгып жайнаган, толмоч, кырдач мурун, ак жумалынан келген сулуу десе сулуу, сүрдүү жигит экен сот. Ал шашпай жанындагы кеңешчилерине кайрылды:

— Сиздердин Каратай Талканчы уулуна дагы берер сурооңор барбы?

Кара мурутчан, маңдайы кууш, кара тору токчойгон кеңешчи сотко мойнун буруп:

— Талканчы уулуна менде суроо бар,— деди.

— Ии, сураңыз.

— Каратай Талканчы уулу. Сиз тайсалдабай чыныңызды айтыңызчы, Таабалды Жукеевдин үйүнө түн ортосунда баргандагы максатыңыз эмне эле? Жашырбаңыз?

Каратай күлтүйгөн семиз киши эле, анын жаактары шылынып, суканы качып калыптыр. Арык. Чачы ак...

— Жөн эле учураша кетейин деп кайрыла калгамын.
— Ошондойбу? Максатың андай болбосо керек эле.
— Андан бөлөк оюмда эч жамандык жок. Кудай урсун... Арбакка койгула!
— Сиз, качанкыга дейре адамга кара санайсыз? Адам сизге канча күнөө кылды эле. Уят, абийир деген сизде барбы? — деп сурады Зарылбүбү эски кайнагасынан. Каратай жооп бербей түнөрөт.
— Тергөө убагында сиз таптакыр башкача айткансыз?, — деп прокурор соттон бийликсиз чебеленип, күнөөкөргө кайрылганына өзү сезе коюп, кечирим сурагансып башын сотко ийкеп койду.
— Мен түрмөдөн качканымды танган эмесмин.
— «Жукеев менин эки бирдей келинимди тартып алып, Усубалы Чортекти жана өзүмдү кулакка тартып, айдатып жиберди... Ошонун өчүн алганы атайы келдим» — деген экенсиз. Азыр, ошол айткандарыңызды караманча танасызбы?
Күнөөкөр шылкыйып, жоопсуз жер тиктейт... көзүн үлүрөйтөт. Өңү бузулуп, каны качып купкуу.
— Дагы кимиңдин суроонуздар бар? — деп сурады сот Сатаркул Бакиев.
— Менин соболум бар эле,— деп кол көтөрдү Керимбек.
— Ии, соболуңузду бериңиз.
— Каратай Талканчы уулу, түн ортосу оогондо кармалган... Ошондо «Мен кун кууйм» — деп кекенип келдиңиз эле... Таабалды Жукеев сиздин жакын ага-туугандарыңызды өлтүрбөсө, анан кимдин кунун кууп алганы келдиңиз? Ээрчиткени көп киши экен.
Күнөкөр Талканчы уулу акырын күңкүлдөдү:
— Ачуум менен күйгөнүмөн айтсам керек эле.
— Күнөөкөр Каратай Талканчы уулу, сиз митайымдыгыңыз менен өз күнөөңүздү жашырып турасыз,— деп ачуусу келгенинен калчылдап кетти Керимбек. — Мен күбөмүн. Баарын билем. Мунуку бүт калп.

Күнөөкөр жооп кайтарбай жерди теше тиктеп шылкыйды.

— Жолдош Жукеев сиздин күнөөкөр Талканчиевке суроонуз барбы? — Сот чанагынан чыккан көзүн жайнатып, Таабалдыдан көзүн айырбай карайт. Таабалды тигил калыс, адилет сотту ызаат кылгандай ыргып тура калды:

— Урматтуу судья, менде күнөөкөр Талканчиевке берер суроом деле жок. Кечээ күнкү сурак маалында, мен өз көргөн билгенимди сизге түшүндүргөмүн. Буга окшогон бандитти закон боюнча эң жогорку жазага тартууңузду суранар элем. Булар революциянын душманы. Бу акталса, колхоз уюштурууга өлөөрчө каршы келип, элди тетири үгүттөйт.

Прокурор акыркы каралоо кортунду кебин сүйлөп, анан бир нече статьяга такап келип (ал көрсөткөн статьялар) менин мээме түшпөгөнүнөн эсиме тута албадым. Анан каралоочу эң акырында, «атылсын» дегени эсимде калды. Андан соң, сот күнөөкөрлөргө акыркы жолу сөз берсе, бир кылмышкер зарлап күнөөсүн жеңилдетип, ырайым кылууну сурады. Каратай каарын төгүп: «Силерден мендейлерге ырайым болмок беле... Мына, атып таштагыла!» — деп кыжырланып сотту таш менен берип калганда, шамдагай киши экен, эңкее бергенде таш дубалга тийди. Заседателдер качып ары кетишти.

Күнөөкөрдү кайтарып турушкан милициялар кармоого үлгүргөнчөк, Каратай чыныдай таш менен Таабалдыны урду эле, бу сапар да тийбей, жаздым болду. Өлөрман жан кечти күнөөкөрдү кароолчулар тез токтотушту.

— Сот кеңешмеге кетти,— деп жарыялады судья Бакиев.

Күндүн мурду «Ала-Мышыктын» тоосуна жаңы чачыраган кез. Нарын дарыя! Дарыя күкүктөп кирген. Бүгүн эс ала турган күн эле, Таабалды экөөбүз бөпөлөрүбүздү көтөрүп суу бойлодук. Күйөөм Нарынбүбүсүн колунан жетелеп, Нарыңбегин көтөрүп алган. Суу бойлоп бастык. Таабалды ойлуу. Те-е, тоо баштарына да көз чаптырат.

Мына-а алдыбыздан теке маңдай баягы Орозакан менен Зарылбүбү кезиге калганын көрсөң. Макын жакынына кезиккенге не жетсин. Орозокан алыскы шаарлардын биринде окууга кеткен, көрүңгөн тоонун алыстыгы жок да! Жаш кыз билим алып келип, кантондук аялдар бөлүмүндө иштейт. Деле тыкылдап тың. Мейли комсомолдордун жыйналыштары болсун, мейли бөлөк кеңешмелер болсун, чыга калып эскиликти талдап, ташын талкан чыгарып, кыянатчы, кесепеттүү кишилердин калдыгын катырып бетин ачып катуу сынга алганда баары ыраазы болот ага.

Айылдан айыл кыдырып караңгы аялдарды «Кат сабатыңарды жоюп, билим алгыла!» — деп сайрачу. «Өлбөгөн балык суу менен» дегендей, Зарылбүбү — баягы байдын мырза уулунун тепкисинен кутулбай куурап келген шордуу Зарылбүбү эмес. Бүгүн жаркыраган замандын жемишин жеген бактылуу аял ал.

Жай ыракат... Жай күндөрү жыргал. Суу ылдый салкын жел жүрдү. Жаныбыз сергиди. Сейилдикке чыкканда Таабалдынын жүзүндө терең ой бары байкалды.

— Суу жер жүзүн көгөртүп, кишинин жашын узартат. Суусуз какыраган чөлдөрдө жашаган, мейли, адамзат болсун, мейли, айбан болсун анын өмүрү кыска. Ушул Нарын дарыясы элге жарык берер. Дарыяга Ильичтин шамы жагылып, береги тоолорго нуру чачырар. Өлбөгөн ошону көрөт... ооба көрөт! Нарын дарыясынын сыры терең. Кутмандуу «Ала-Тоо» сууга бай. Менин Нарынбүбүм, менин аттай аркам, тоодой медерим Нарынбекке окшогон балдардын ырыскысына жаралган Нарын дарыясы! Бу дарыя түк соолбойт. Нарын кыргыз дарыясы. Ушул соолбос дарыя кыргызга бир тууган элдин суусунун кандырар!

Ошо күнү эски достор баш кошуп, мындан аркы көрөр күндү, келечектеги турмушту жана жаратылыштын адам баласына моюнсунуп багынар жөнүн кайра-кайра айта бердик.

## 17

Жаң-Булак айылы Нарын дарыясынын жээгинде экен. Айыл арасы чачкын. Эртең эл бүт келиши зарыл. Ар кайсы тоолуктарга чабарман жиберишти. Ошого карабастан өзүбүз да үйдөн-үй кыдырып баарың эртең келгиле деп кайра-кайра такып айттык. Орозокан, Зарылбүбү үчөөбүз түтүндү түрө кыдырдык. Айыл арасы чачкын болгондуктан, эл чоң шашкеде араң келишти. Ар кайсы жерде бирин-серин короолор, боз тамдар жана ошолордун эле ортоорок ченине мектеп салыштыптыр. Атчан, өгүзчөн келген кишилер мектептин тегерегине жыйналышты. Мектептин дубалына далыларын төшөп олтурушат. Кээ бирөөлөр куурай-саман чачылган жерге мандаш токунушту. Чогулуш башталганчак, балдар чурулдашып, эмчектеги кичинекейлери аларга кошул-ташыл болгондой чыйылдашат. Байлалуу аттар тебишип, мындайда иттер кычап кетет эмеспи, арсылдап үрүп, алыша кетип кулакты тундурушат. Кым-куут, баш-аламан.

— Ата-а-саат кылмак болушту ээ.

— Ой, иттерди куугула, балдар!

— Аттарды ары жакка байласаңар боло.

— Ушундай жерге да эмчектеги балдарды көтөрө келишеби?

— Ой, Боромбай, койсоңчу.

— Бокем жалгыз өзү колхоз болгону жүргөн го.

— Илгеркидей аялдарды кууп жибергиси бар, муну көрчү!

— Ошону айтсаң.

— Ой, Сейтек, малды бүт алат экен дейби?

— Оозуңа таш, аны ким айтып жүрөт?

— Ой, ошону укканда биздин айылдагылар малын союп койду.

— Кулактардын чыгарганы го.

— Зуура,сен уктуңбу?

— Уктум!

— Ошону Таабалдыга айтсаң.
— Акырын, бакылдабай.
— Качан баштап, качан коёрун өздөрү билет.
— Ячейканын секретары, кантондон колхоз уюштурууга келген өкүл экөө сүйлөшүп жатат.

Ар ким ушинтип кобурашып турганда, мектептин ичинен орто бойлуу арыкчырай баягы бизге тааныш Кул Байбоосунов жана бир топтору Таабалдыны ортого алышып эл арасына келишти. Мен аял жынысымды коё бербей катындардын кыз-келиндердин арасында элем. Жым-жырт боло түштү. Байбоосунов чогулушту ачты. Кантондук жер бөлүмүнөн келген, өкүл Жукеевке сөз берилди.

Элдин баары келген өкүлгө көңүлүн бурушту. Эч ким кыңк этпеди. Колхоз деген эмне? Анын кандай мааниси бар. Колхозго кимдер мүчө болуп кирүүгө акысы бар. Ошону менен бирге келечекте, кедей-дыйканга колхоздун пайдасы кайсы?.. кыскасы, өкүл колхоздоштуруунун эмне үчүн зарыл болгондугун түшүндүрүп келип, сөзүнүн эң акырында, үнүн көтөрүбүрөөк чыгарып, төмөнкүдөй корутундулады:

Жолдоштор, партия менен өкмөтүбүздүн жалпы коллективдештирүүнү жүргүзүп жаткан себеби, социализмди куруу үчүн болгон чоң күрөш... Завод-фабрикада иштеген жумушчулар мекенибиздин гүлдөп өсүшүн каалашат. Алар чыгарган кездеме, кант, чай, өтүк, көлөш-маасы, соко-тракторлор кимге келет. Албетте, силерге, ошонун баардыгы силердин ырыскыңар үчүн, таалайыңар үчүн Совет өкмөтүнүн берип жатканы. Тапсыз социалисттик коомду куруу үчүн, чарбаны коллективдештирүү маселеси дал ушул бүгүнкү күндө өтө керек... Ансыз биз жашай албай калдык. Силер колхоздошсоңор, бай-манаптар арабыздан тазаланат.

Жыйналышты башкарган Байбоосунов олтурган элге бир сыйра көз жүгүртүп чыкты. Тынчтык бир паска созула түшкөндө, кандайдыр бир добуштар билинер-билинбес угулуп турду. Кантондук жер бөлүмүнөн келген өкүл,

баятан бери сүйлөп жатып, кичине боргулданып тердеп кетиптир. Мен анын жанына барып, жүзаарчымды бере койдум. Олтургандардын баары таңгалгансып мени тиктеп калышты. Байбоосунов тамагын жасап акырын жөтөлүп, анан элге кайрылды:

— Агайиндер, кеңешип кескен бармак оорубайт. Кимдин кандай ою бар, ачык айтууга акылуу. Кана, соболуңуздар барбы?

— Менде бар.

— Сүйлө. Сүйлөгүн.

— Колхоздошкондо бүт малыбыз ортого түшүп, бизге бир тыйынча пайдасы жок деген сөздү уктук, муну кандай түшүнүүгө болот?

Өкүл селт дей түштү. Калыбы бул сөздү укканда, ал чочуп кетти көрүнөт.

— Туугандар, мындай тетири бузуку сөздү таратып жүргөн кой терисин жамынган, бай менен манаптар, кала берсе ошолордун тегирменине суу куйган жана ошолордун жан-жөөкөрлөрү болушу керек. Совет өкмөтү социализмди куруу үчүн, силердин бирдиктүү болууңарды каалайт жана чарбаңарды өстүрүшүңөргө кенен жол ачат. Ортолошкондо бүт мал-мүлккө колхозчулар сиздер өзүңөр ээ болосуңар.

Мурда жерге ким ээ эле? Бай-манаптар эмес беле. Бүгүнкү күндө жер-суу силердин колуңарга өтпөдүбү. Же бу жалганбы?

— Ишендик, ишендик.

— А-а, ошондой дечи?

— Эй, бизге сонун экен.

— Ак сөз.

— Ата айланайын ай ээ.

— Андай болсо эмне үчүн колхоздошобуз деген кабар угуланда, малды кырып соё башташты?

— Кээ бирөө кырып таштады.

— Ээ кудай, ошону айтсаң.

— Ой, мал-мүлкүңөрдү бүт алып коёт деп коркуткан.

— Ой, Байбоосун, ал гана эмес катыныңды ортого алат деп шыбырашкан.

— О-о,бузукулар ай!

— Антип айткан ким? — деп Таабалды ал кишиден такып сурады.

— Жанагы киши сөздү айтаарын айтып коюп, саал кайпактайт.

— Айтпайсыңбы, Султанкул аке. Ачык айтыңыз? — деп кыстай баштады Байбоосунов. Ал ыктыярдуу атчан отрядында жүргөндөгү өнөкөтүнчө, башын чулгуп-чулгуп алып, тигил кишини көздөй боюн таштап обдулду эле. Таабалды аны кармай калды.

— Аргим... аргим... айтып жүргөнүн кулагым чалгандай болду эле.

— Ошондой жаман сөздү уялбай учуруп айтып жүргөн сага окшогон куйруктар,— дегенде тигил кишинин катуу чоочуганынан өңү бузула түштү. — Дагы кимдин түшүнбөгөнү бар? Сурагыла?

Дыйкандар бирин-бири тиктешип күбүрөшө калышты. Элдин арасынан башына эски малакай, тытык бешмант кийген кара сур киши сөөмөйүн чычайтып: Ме-е-енде бар эле,— деп үнүн созду.

— Ии, сүйлөңүз, сүйлөңүз.

— Бу колхоз болгонубузда, кандай жатып кандай турабыз. Ошого көзүбүз жетпей турат. Балким караңгылыгыбыздан түшүнбөй жаткандырбыз. Деги кечирип койгула, ошону билсек дедик эле.

— Жолдоштор! Адеп коллективдештирилет деген кабар угулганда, ичибиздеги душмандар ар кандай ушактарды таратышты,— деп өкүл ар бир сөзүн тактап сүйлөп келип, олтургандарды бир сыйра карап чыкты да, андан ары сөзүн улады. — Эл колхоздошкондо «кырк киши бир жууркан жамынып жатат экен... бир казандан тамак ичет экен. Жеке эле мал-мүлк ортого түшпөстөн, ак никелүү алган аялың дагы ортого түшүп, сен өз зайыбыңа да ээ болбойсуң» — деген сөздү кулактар чыгарды.

Ушул бүгүнкү колхоздоштуруп жатканыбызда, сиздерди иренжитип, колхозго киргизбеш үчүн тымызын ар кандай жол менен каршы ушактар таратып жатышат. Ошолор араңарда бар. Колхозго кимдер кирүү керек, кимдердин укугу бар экендигин мен сиздерге ачык түшүндүрдүм. Колхозго эзилген эмгекчилер кирет. Адамдын күчүнөн пайдаланып, кул-күң күтүп, малай жумшап, бирөөнүн эмгегинен пайдаланып келген эзүүчүлөрдүн, силердин араңарда жүрүүгө эч акылары жок... Тагыраак айтканда, бай менен манаптардын жана кулактардын шайлоого жана шайланууга укугу жок болсо, колхозго кирүүгө да акысы жок.

— Тилимди тиштедим — деп бирөө ичке үнүн созду.

— «Катындардын ортого түшөт» деген анда карыманча калп турбайбы. Ой, оңбогон шумдардын чыгарганын карасаң...

— Бизди аябай үркүтүшкөн экен да.

— Ошондой жаманаттыга ишенип, малды бекер соёбуз.

— Кээ бирөөлөр бар малын катып коюшту.

— Андай көп!

— Ой, залимдердин чыгаргандарын көрчү.

— Мен колхозго кирем, өлсөм, да чыкпайм.

— Эй, Сарыгул, сени колхозго алууга болот бекен?

— Неге болбосун?

— Сен байдын баласы эмессиңби?

— Жашырынып кирип ала койгусу бар мунун.

— Дагы кимиңиздердин суроонуздар бар,— деп үч жолу удаа кайталап сурады Байбоосунов. Эч кимден суроо түшкөн жок. Андан кийин ар ким сөз алып, өз ыктыяры менен колхозго киремин деп бир оздон жапырт айтышты.

— Кимде ким колхоз болуп уюшабыз, дегендер кол көтөрсүн,— деп Байбоосунов сүйлөп баратып:

— Токтогула, жанагы байлардын, кулактардын балдары кой терисин жамынып, колхозго кирип албасын, ошого этиет болгула.

— Бексултан, сенин атаң бай болгон.
— Ашыркул, сен манаптын баласы эмес белең?
— Ооба, ошонун да колхоз болууда ою бар.
— Таштаналы, сен бийдин баласы эмессиңби.
— Жаманкулдун атасы соодагер болгон.
— Борчобай!
— Тилекмат!
— Айдаркан!
— Байказы!
— Ушулар азыр арабыздан чыгып кетишсин.

Кандайдыр табалаган күлкү чыкты. Өздөрүнчө күң-күлдөшүп, сүйлөшө калышты. Кээ бирөөлөр, тигил кеткен жат кишилерди жактап «бекер куудуңар» — деп талашып жатышат. Жыйналыш башчысы:

— Тынчтангыла? Кана, кимде ким колхоз боломун десе кол көтөрсүн? — Олтургандардын бир даары колдорун көтөрүшсө, кайсы бирөөлөр элеңдеп эки жагын карашып, колун көтөрө коюп, кайра түшүрүп алактап калышты эле, элдин арасынан бирөө, сакалын сербеңдетип кыйкырып жиберди:

— Эмне ыргылжың болосуңар? Колхозго кирем дегенңер мына менчилеп колуңарды мына минтип өөдө-өөдө көтөргүлө?

Ошондо баары жапырт кол көтөрүштү.

— Ким каршы?
— Жок... жок... жок.
— Ким калыс?
— Андай да жок.
— Кедейлерден кимиңер колхозго киргиңер келбейт?
— Кантип кирбейли.
— Ай, андайлар жок чыгар.

Кантондук жер бөлүмүнөн келген өкүл алдыга чыгып, элге минтип кайрылды:

— Жолдош колхозчулар, жаңы азыр эле уюшулган колхоздун атын коюш керек. Бул тууралу кимиңиздердин кандай оюңуздар бар?

— «Кызыл-Туу» коюлсун.
— «Учкун» болсун.
— «Жаш кайрат» болсо кантет?
— «Үлгү»... «Үлгү» коёлу.
— Жок, ал жарабайт.
— «Саяк» койсок кантет?
— Саяк?!
Дениң сообу сенин?!
— Ошо да, болчу беле.
— Андан көрө колхозубуздун атын Ленин атабыздын наамына коюп алалы.
— Карыя туура айтат.
көтөргүлө.
— Ленин колхозу делип аталсын дегениңиздер кол
Баары бир оздон болуп, кол көтөрүштү. Башкармалыкка Байбоосуновду шайлап алышты.
— Кайыр кош, аман болгула!— деп Таабалды Нарынды көздөй балдарына жетүүгө шашты...

**Касымалы Бектенов, Зуура Жукеева**

# БЛАГОПОЛУЧИЕ

Воспоминание

Издание второе

*(На киргизском языке)*

Редактор *Ү. Касыбеков*
Художник *В. Романов*
Худ. редактор *И. Ф. Бульба*
Тех. редактор *К. Бурганакова*
Корректор *Н. Борбутаева*

г. Фрунзе, Издательство «Кыргызстан»

Терүүгө 5/IX 1976-ж. берилди. Басууга 23/XI 1976 ж. кол коюлду. Кагазы типографская № 1, форматы 70×108$^{1}/_{32}$, 4,75 физ. басма табак, 6,65 шарттуу басма табак, 7,11 учет-тук табак. Тиражы 10.000. Заказ № 3956. Баасы 29 т.

720002, ГСП, Фрунзе шаары,
Совет көчөсү, 170. «Кыргызстан» басмасы

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулёвская, 102, Киргизполиграфкомбинат им. 50-летия Киргизской ССР Госкомиздата Киргизской ССР.

## КЫМБАТТУУ ОКУУЧУЛАР!

**1977-жылы «Кыргызстан» басмасынан төмөнкү китептер жарык көрөт:**

1. М. Алыбаев. Тандалмалар.
2. С. Өмүрбаев. Жашыл өрөөн. Роман
3. Ж. Мавлянов. Бийиктик. Роман.
4. Ж. Алыкулов. Август кечтери. Повесть жана аңгемелер.
5. К. Даутов. Ырдын өмүрү. Адабий сын макалалар.

~~29 г.~~
23г.